# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | МАЙ-ИЮНЬ 2016 | № 5-6 (54-55) чыгарылышы

Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

**ЖӨБдүн кызмат көрсөтүүлөрү**

Муниципалдык башкарууда ГМС-технологиялары: «Бишкексууканалы» ӨЭБнын тажрыйбасы .......... 2

**Жарандардын ЖӨБго катышуусу**

ЖАПЫРТ БЕЛГИЛЕНГЕН МАСЛЕНИЦА! же Улуттук майрамдарды жандандыруу аркылуу конфессиялар жана улуттар аралык мунасага жетсе болот .......... 5

Элеттик Дон Кихот таштанды менен күрөшүүдө .......... 9

Аксакалдар жаштардын активдүүлүгүнө бата беришти жана … жашоо да жеңилдей түштү .......... 12

**Мыйзамдардагы жаңылыктар**

Административдик комиссиялар тууралуу; жайыттар жана жайыт комитеттери тууралуу .......... 14

Айыл өкмөт башчысынын орун басары кызматына дайындоо тууралуу .......... 15

ЖӨБ чөйрөсүндөгү бир катар мыйзамдар жаңыланат деп күтүлүүдө .......... 16

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине кол коюлду .......... 20

**ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун жаңылыктары**

Грант алган муниципалитеттердин өкүлдөрү мамсатып алууларды башкаруу боюнча семинарга катышты .......... 22

«Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» Окуу материалдарынын топтому тартууланды .......... 23

Муниципалдык сайт: ал канчалык зарыл? .......... 25

Долбоорлорго биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү: бул кантип ишке ашат? .......... 26

Чүй облусунун 12 муниципалитетинин өкүлдөрү жергиликтүү деңгээлде мониторинг жана баалоо системасы боюнча окуудан өтүштү .......... 26

Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен ишке ашырылган долбоорлорду кабыл алуу, тандоонун автоматташтырылган системасы кантип иштейт? .......... 28

Коомдук бюджеттик угууларды кантип өткөрсө болот? Коомдук угууларга кантип катышса болот? .......... 29

**ЖӨБ кадрлары**

Жаш изилдөөчүлөр: Кыргыз Республикасын-дагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу – келечеги бар! .......... 30

**ЖӨБ жаңылыктары**

ЖӨБдү өнүктүрүүнүн жаңы программасы үчүн ЖӨБ келечеги-2030 талкуусу Ош шаарынан башталды .......... 33

**Жергиликтүү экономикалык өнүгүү**

«Чарба» – сооданы өнүктүрүүнүн акысыз мүмкүнчүлүгү! .......... 35

**ЖӨБдүн эл аралык тажрыйбасы**

Биздикилер Баварияда: тартиптин мекенинде өткөн стажировка .......... 36

Аймактардын брендинги .......... 40

Жашоо үчүн жагымдуу жер катары шаардын брендинги .......... 40

Шаардын брендинги жана ички инвестициялар .......... 44

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу ***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ).***
Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы ***Надежда Добрецова.***
Аткаруучу редактор ***Лариса Ли.***
Кыргыз тилиндеги котормонун редактору ***Нургүл Жаманкулова.***
Дизайн жана жасалгалоо ***Адиль Абдраимов.***
Кыргыз тилине которгон ***Зейнеп Алтымышова.***
Журнал авторлук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз аркатылат,** бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үметалиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg nadya.dobretsova@gmail.com
**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.
Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.
**ISBN 1694-7053**



# Муниципалдык башкарууда ГМС-технологиялары: «Бишкексууканалы» ӨЭБнын тажрыйбасы

**Алина МАМЫТОВА,** «Муниципалитет» журналынын буюртмасы боюнча

Узак убакыттан бери жакырчылыкты кыскартуу жана туруктуу экономикалык өсүшкө көмөктөшүү маселелерин чечүү боюнча Кыргыз Республикасы Эл аралык өнүгүү ассоциациясы (ЭӨА) менен кызматташып келатат. Өз ара аракеттенүүнүн маанилүү чөйрөлөрүнүн бири – шаар инфраструктурасын модернизациялоо жана калктын ага жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу. Борбор калаанын жана Ош шаарынын жаңы конуштарында бул тапшырманы аткаруу үчүн КР Жамааттарды өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттиги (АРИС) Дүйнөлүк банктын максаттуу гранттык каржылоосу менен Бишкек жана Ош шаарынын инфраструктурасынын Долбоорун (БОШИД) ишке ашырды. Долбоор инфраструктуралык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана натыйжалуулугун жогорулатуунун эсебинен жаңы конуштардагы калктын турмуш шартын жакшыртуу жана анын шаардык жамааттагы социалдык-экономикалык интеграциясын камсыздоо максатын көздөйт.

БОШИД алкагында “Бишкексууканал” өндүрүштүк-эксплуатациялык башкаруусунда (ӨЭБ) тармактык маалыматтык системасын (ТМС) иштеп чыгуу башталды. Бул болсо ишкананын ишмердигин бир кыйла өркүндөтүүнү убада кылууда. Колдо болгон жыйынтыктарга караганда, бул максатка жетүү толук мүмкүн. Бирок биринчи кезекте ишканага киргизилип жаткан ГМСтин маңызы тууралуу бир нече сөз айта кетүү зарыл.

ГМС – бул геомаалыматтык технологиялар. Алар биз үчүн жаңы болгонуна карабастан алардын тарыхы өткөн кылымдын 60-жылдары башталган. Эгерде алгачкы системалар тийиштүү программалык камсыздоосуз, жөнөкөй эсептөөчү техниканын

жардамы менен башталса, бүгүнкү күндө – бул өтө татаал «организм». Ал өзүнө кубаттуу операциялык системаны, колдонуучунун интерфейсин камтып, графикалык маалыматты чагылдырат. ГМС – бул мейкиндик маалыматтарын чогултуунун, сактоонун, иштеп чыгуунун, талдоо жана чагылдыруунун компьютердик системасы. ТМС – бир конкреттүү объекттин, ал эми биздин мисалда болсо «Бишкексууканал» ӨЭБ түпкүлүгүндө ГМС принциптери боюнча курулган.

Иштин баштоо үчүн тийиштүү техника зарыл. Ошондуктан АРИС ишкананы зарыл болгон жабдуулар менен камсыздап, 8 GPS-ресивер, 18 автоматтык басым датчигин, ArcGIS программалык камсыздоосун сатып алды. Суу каналдын жетекчилиги атайын жайды бөлүп берип, оңдоп берди. Бул жерде ГМСтин бөлүмү жайгашып, компьютердик жабдуулар орнотулду. Автоматтык басым датчиктери борбор калаанын түрдүү жерлеринде – системанын өзөктүк аймактарында жайгаштырылган жана бир сааттын ичинде бир нече жолу суу өткөрүү тармагындагы суунун басымы тууралуу маалыматтарды берип турат. Авария болгондо алар жумушчулар тобун кайда жибериш керектигин маалымдашат.

Мына ушул өтө сезгич датчиктердин жардамы менен картада системанын түрдүү бөлүктөрүндө басым ошол убакытты чагылдырат. Ишкананын нөөмөттүк-диспетчердик кызматтары абоненттердин бардык даттануударын жана тармакта болгон аварияларды каттап турат. Бул болсо дээрлик ар бир метрде авариялардын жана даттануулардын жыштыгына талдоо жасоого, маалыматтарды трубалардын мүнөздөмөлөрү (чыккан жылы, материал, техникалык тейлөө күнү ж.б.) менен салыштырууга жардам берет. Ошол жыйынтыктардын негизинде "Сууканалдын" жетекчилиги ремонттун зарылдыгы, тармактарды жарым-жартылай же толук алмаштыруу тууралуу чечимдерди кабыл алат. Башкача айтканда каражаттарды үнөмдүү жана натыйжалуу башкаруу мүмкүнчүлүгү бар.

GPS-ресивердин милдети башкача – аларды инвентаризациялоо жүргүзгөндө, тагыраак айтканда ишкананын бардык активдерин (трубаларды, насосторду, тээктерди, кудуктарын ж.б.) санаганда жана абалын так аныктаганда колдонушат. Мында алардын техникалык мүнөздөмөлөрү так аныкталып, андан кийин электрондук картага, же ТМСке киргизилет. Баса, аны бир көргөндө эле шаардын суу-түтүк системасы тууралуу толук маалымат алса болот. Болгондо да трубалар, насостор, тээктер деталдуу түрдө берилген, анда параметрлери, чыккан күнү, тереңдиги жана башка мүнөздөмөлөрү көрсөтүлгөн. Бул болсо ремонттук топторго бузулган жер тууралуу да, аны оңдоонун варианттары тууралуу да мүмкүн болушунча көбүрөөк маалымат берет.

Мындан тышкары электрондук картада сууканалдын бардык абоненттери көрсөтүлгөн. Алар суу менен камсыздоонун объекттери болуп эсептелет. Интеграцияланган, эсептин биллинг системасы бар ТМС онлайн режиминде кайсы абонент канча карыз болгону тууралуу маалыматты, башка мүнөздөмөлөрүн берет. Ушул этабында эле "Бишкексууканалынын" абоненттик бөлүмү карызы барлар менен иш алып баруу бир кыйла жеңил болуп калганын сезе баштады.

Киргизилип жаткан маалыматтык система менен атайын даярдык болбосо иштөө, электрондук картаны түзүү мүмкүн эместиги түшүнүктүү. Ошондуктан ГМС бөлүмү түзүлдү. Бул бөлүмдө учурда "Бишкексууканалынын" башкы инженери Владимир Геннадьевич ИГНАТЕНКОнун жетекчилиги алдында төрт киши иштеп жатат. Алардын айтымында, ИГНАТЕНКО ГМСтин фанаты болуп калды. Башкы инженер активдүү жана демилгелүү болгондуктан республикада биринчилерден болуп ушул маалыматтык системаны киргизүү боюнча АРИСтин долбоору ишке ашырыла баштады. "Бишкексууканалынын" системалык администратору, ГМС-системасы долбоорунун алдыңкы адиси Сергей Владимирович ЕРШОВ айтып бергендей,




ушул тапта бөлүм жүргүзүлгөн инвентаризациялоо маалында белгилүү болгон маалыматтарды иштетүү менен алектенип жатат. Баса, бул абдан көп убакытты ала турган, кылдаттыкты талап кылган иш. Бүгүнкү күндө суу-түтүк тармагынын 70 км инвентаризацияланды. Ал эми жалпысынан "Бишкексууканалынын" карамагында 1200 км бар. Адистин айтымында, борбор калаанын сууканалынын активдерин толук инвентаризациялоого бери дегенде алты жыл кетет. Анткени "Бишкексууканалында" кагаз түрүндөгүсүнөн көчүрүлгөн электрондук карта бар. Бирок системанын продуктивдүүлүгүн жогорулатуу үчүн картаны деталдаштырып чыгуу керек. Мында ар бир үйгө алып барган бөлүштүрүүчү тармактарды көрсөтүүдөн баштап, алардын параметрлери жана мүнөздөмөлөрү жазылыш керек. Ушул тапта иш жүзүндө бул процесс бир аз примитивдүү көрүнүүдө – GPS-ресиверлери бар кызматкерлер тармактарды квадраты боюнча кыдырып, жайгашкан координаттарын, параметрлерин жана мүнөздөмөлөрүн картага киргизип жатышат. Азырынча иш ушундай жүрүп жатат, бирок бул зериктирчү иштин соңунда бардык алынган маалыматтар компьютердин электрондук эстутумуна киргизилгенден кийин "Бишкексууканалы" мыкты электрондук картага ээ болот. Ошондо бир басканда эле сыйкырдуу таякчадай эле кесипкөйлөрдүн көз алдына жалпысынан система боюнча гана эмес, ошондой эле ар бир түйүн жана агрегат тууралуу да толук маалымат чыга калат.

Ошентип тармактык маалыматтык системаны киргизүү менен ишкананын активдерин башкаруу өркүндөтүлүп, анын эффективдүүлүгү артып, пландоо жана талдоо, отчет берүү камсыздалат. Активдерди башкаруу тууралуу жогоруда бир кыйла толук маалымат берилди. Пландоо тууралуу айта турган болсок, ТМС эки типте болот – кыска мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү. Биринчиси күнүмдүк тапшырмаларга тиешелүү – иш тартиби, техникалык тейлөө графиктери, жабдууну күйгүзүү/өчүрүү, өлчөөчү алеттерден көрсөткүчтөрдү алуу. "Бишкексууканалынын" активдерин толук инвентаризациялап бүткөндөн кийин ТМС жабдууну тейлеген жана оңдогон техникалык персоналдын маршрутун түзүүдө колдонулат деп болжолдонууда. Бул болсо аз акча жана убакыт коротуп жасалган иштерге көзөмөлдү камсыздайт. ТМСтин жардамы менен "Бишкексууканалынын" жетекчилиги кошумча техникалык тейлөөнү талап кылган зоналарды аныктай алат. Ушуну менен бирге авариялар, техникалык тейлөө боюнча документтер, жабдуунун абалы тууралуу керектөөчүлөрдүн даттануулары тууралуу бардык маалымат колдо болот.

Узак мөөнөттүү пландоо көп убакытты алат жана адатта жабдууларды модификациялоо пландарынын эсебинен ишке ашырылат. ТМСтин жардамы менен жабдуунун абалы, эскирип-эскирбегени, тобокелчилик факторлору, жабдууну алмаштыруунун наркы тууралуу ишкананын персоналынын маалымдуулук деңгээлин аныктоо процесси жеңилдейт. Баса, ТМС дагы да ийкемдүү геомоделдерди иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет. Ал болсо инфраструктурага дагы да деталдуу анализ жасап, жабдууну модификациялоо жана башкаруу боюнча пландарды айкалыштырып, инфраструктураны алмаштыруу зарылчылыгын аныктап, муну финансы чыгымдарынын эсеби менен макулдашууга жол берет.

Отчеттуулук жактан алганда ТМС ишкананын азыркы жана буга чейинки жумушчу абалы, пландалган иш-чаралар жана керектөөчүлөр менен өз ара аракеттер, канализациялык системанын жана сууну бөлүштүрүүнүн абалы тууралуу маалыматтын динамикалуу жана ыкчам берилишин камсыздайт.

Бир сөз менен айтканда ГМС-технологиялардын артыкчылыктары айкын болуп турат. Болгондо да аларды дээрлик ар бир ишканада колдонсо болот. Маалымат – башкы байлык деген сөздүн чын болгонун көрсөтүүдө. Дал ошол маалыматты алууга көп убакыт кетерин көрүп жатабыз (сөз ишкананын активдерин инвентаризациялоо тууралуу жүрүүдө).




Жогоруда айтылгандай, "Бишкексууканалына" зарыл болгон маалыматтарды чогултууга дагы 6 жыл талап кылынат. Ал арада Бишкекте ушул маалыматка ээ болуп, аны сатууга даяр фирмалар бар. Бул – аларды бизнеси. Арзан эмес. Бирок көп учурда убакыт – бул акча болгонун унутпайлы. Негизи бул маселени ар бир ишкер өзү үчүн өзү чечиш керек. Жакын арада "Бишкексууканалы" ишканасынын жолун жолдоп, ГМС-технологиялары атамекендик бизнес чөйрөгө кирип, бүгүнкү күндө компьютерлер кандай болсо, ошондой эле кадимки көрүнүшкө айланарында шек жок. Балким атүгүл жашоо сапаты жаңы деңгээлге көтөрүлүп, жаңы маалыматтык бийиктикти багындырганыбызды байкабай да калышыбыз ыктымал.

Түрмөктүн материалдарын ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси **Гуляим ШАМШИДИНОВА** даярдады



# ЖАПЫРТ БЕЛГИЛЕНГЕН МАСЛЕНИЦА! же Улуттук майрамдарды кайра жандандыруу аркылуу конфессиялар жана улуттар аралык мунасага жетсе болот

Юрьевка айылдык аймагы Чүй облусунун Ысык-Ата районунда жайгашкан. Ал эки калктуу конуштан турат – Юрьевка айылынан жана "Ысык-Ата" курорттук санаторийинен. Аймактын жалпы аянты – 5 005 га, Бишкектен 65 км жана район борбору болгон Кант шаарынан 45 км алыстыкта жайгашкан. Калкынын саны 4500 кишини түзөт. Муниципалдык менчикте 6 объект бар: мектептер, бала



бакчалар, клуб, жолдор, коммуникациялар бар. Этностук курамы – көп улуттуу.

Ар бир өлкөнүн өнүгүүсү жана анын дүйнөлүк жамааттагы орду биринчи кезекте бул өлкөдө тынчтык жана мунаса канчалык бекем болгону, толеранттуулук канчалык бар болгону менен аныкталат. Башка маданиятка, тилге, диний ишенимине жана салттарына сый-урмат мамиле муундан муунга өтүп турган бүткүл элдин руханий баалуулугу болуп эсептелет.

Таза жана сугат суу, таштанды тазалоо, жолдорду оңдоо, көчөлөргө жарык берүү өңдүү турмуштук мааниге ээ болгон чечимдер менен катар, ЖӨБ органдары аларга берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруунун алкагында улуттар аралык мамилелерди бекемдөө, этностор аралык жаңжалдарды алдын алуу жана болтурбоо боюнча иш-чараларды да жүзөгө ашырат (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 20-беренесинин 6-б. 17-1-пункту). Жергиликтүү бийлик органдары бул тапшырманы ар ким ар кандай аткарууда. Муну артыкчылыктуу маселе катары эсептеп, жарандык мунасага, этностор аралык туруктуулукка, тынчтыкка жана улуттар аралык ынтымакка жете алгандар да аз эмес. Бул болсо жалпысынан аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасирин тийгизбей койбойт.

Кыргыз Республикасындагы көпчүлүк муниципалитеттерде түрдүү улуттун өкүлдөрү жашайт. Ошондой муниципалитеттердин бири болуп Юрьевка айылдык аймагы эсептелет. Бул аймакта жарым кылымдан ашуун убакыттан бери кыргыздар, орустар, түрктөр, азербайжандар, күрддөр, уйгурлар, дунгандар, немистер, беларустар, казактар, өзбектер жана башка улуттун өкүлдөрү эриш-аркак жашап келатышат. Бул мезгил аралыгында алар тынчтыкка жана тартипке, өз ара урмат-сыйга жана кызматташтыкка жетишип, айылдын көйгөйлөрүн чогуу-чаран чечип келатышат. Бирок акыркы жыйырма жылдан бери этностор ортосунда байланыш жоголо баштагандай. Базар экономикасына өткөндөн бери адамдар күнүмдүк көр тиричилик тууралуу көбүрөөк ойлонуп, маданияттын өнүгүүсү, тыгыз улуттар аралык кызматташтык өңдүү түшүнүктөр экинчи планга жылгандай болду. Мунун баары албетте жаштарды тарбиялоого да таасирин тийгизбей койгон жок. Жаңы муун идеологиянын, адеп-ахлактык тарбиянын, маданий агартуучулуктун, этностук жана конфессиялык көп түрдүүлүктүн жоктугунан улам вакуумда калды. Ошондуктан акыркы учурда муниципалитеттерде турмуштук мааниге ээ болгон маанилүү артыкчылыктуу маселелердин катарында жаштардын тарбиясы көйгөйү да көбүрөөк айтыла баштады.

Жамаат бул багыттагы ой-пикирин “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорун ишке ашыруунун алкагында ЖМБА-иш-чараларын өткөрүү маалында да айтып калды. 2015-жылдын апрель айынан тарта Юрьевка АА Долбоор менен тыгыз кызматташа баштаган эле. Анын натыйжасында ЖӨБ органдарынын жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү тыгыз өз ара пайдалуу кызматташуу, жарандардын чечим кабыл алууга жана жалпысынан ААнын андан кийинки өнүгүүсүнө катышуу процесстерине жаңыча көз караш менен карай алышты. Жамааттын лидерлеринин жана карапайым адамдардын Долбоордун алкагында өткөрүлгөн бардык иш-чараларга (ЖМБА-иш-чаралары, окуу тренингдери, чогулуштар жана бюджеттик угуулар өңдүү коомдук иш-чаралары) катышуусу жашоочуларда өзүнө болгон ишеним-ди пайда кылып, дараметин билүүгө түрттү. Бул болсо аныкталган артыкчылыктуу тапшырмаларды чечүүдө гана эмес, түрдүү улуттук маданияттардын маданий, руханий жандануусу өңдүү маселелерге да таасирин тийгизди.

Жаштарда улуттар аралык ынтымак жана толеранттуулук духун тарбиялоо, башка улуттук маданияттар менен тааныштыруу максатында Юрьевка айылдык аймагынын тургундары унутулуп бараткан Масленица аттуу славян элинин майрамын биргелешип белгилөөнү чечишти. Өлкө президенти 2016-жылды Тарых жана маданият жылы деп жа-

рыялагандыктан бул демилгени АӨ кызматкерлери да жигердүү колдоп беришти. Юрьевка АА көп улуттуу болгондуктан мындай майрамды өткөрүү калктын башка этностук топторунун улуттук салттуу майрамын жандандыруунун башаты болору да бул демилгеге түрткү берди.

Жумушчу кеңешмеге чогулуп, айыл лидерлери ЖӨБ органынын өкүлдөрү менен биргеликте бул майрамга даярдык көрүү жана өткөрүү маселелерин талкуулашты. Биринчи кезекте жамаат лидерлеринин, айылдын тургундарынын жана АӨ кызматкерлеринин арасынан адамдар тандалып алынып, майрамды өткөрүү боюнча жумушчу топ түзүлдү. Ага АӨ кызматкери Татьяна МАРТЫНОВА, жергиликтүү мектептин мугалимдери Анжела КУЧ, Гульнара КЕҢЕШБАЕВА жана Тамара ЛЮКШТЕД, ТСКАКБ бухгалтери Татьяна ТИЩЕНКО, клуб башчысы Арзыкан КУРУЧБЕКОВА, үй кожойкелери Людмила КОВАЛЕВА жана Галина МАГЕЛЬ кирди.

Алар элдик майрам өтчү күндү жана ордун аныктап алышты. Майрам 2016-жылдын 11-мартында Маданият үйүнүн жанындагы аянтта өтмөй болду. Жумушчу топ иш-чаралар планын иштеп чыгып, анда майрамга чейинки маалымат өнөктүгүнө чоң көңүл бурулду. Бул өнөктүктүн алкагында кулактандыруулар жана көзгө урунган жарыялар даярдалып, алар эл көп жүргөн жерлерде – мектепте, ооруканада, аялдамаларда, дүкөндөрдө, клубда жана АӨ имаратынын алдында жайгаштырылды. Уюштуруучулар айыл аралап, үн күчөткүчтүн жардамы менен Масленица майрамы тууралуу кабар таратышты. Маалыматты жайылтууда чоң ролду окуучулар ойноду. Алар алдыда боло турган майрам тууралуу жакындарына кабар беришти. АӨ кызматкерлеринин аракети менен ишембилик өттү – Маданият үйүнүн жанындагы аянтты иретке келтирип алышты. Ал эми байгелерди сатып алууга жергиликтүү бюджеттен 3 000 сом бөлүндү. Башкача айтканда, иш-чараны даярдоо процессине уюштуруучулар өтө олуттуу мамиле жасай алышты.

Бардык даярдык көрүү жана уюштуруу маселелеринде жергиликтүү окуучулардын жигердүү катышуусун да өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Бул ишке Юрьевка айылындагы Р.ШАБОТОЕВ атындагы орто мектептин 500дөн ашуун окуучусу жана 43 мугалими тартылды. Алардын жардамы менен майрамдын негизги иш-чаралары өтө турган Маданият үйүнүн алдындагы аянт жасалгаланып чыкты. Мектептин бардык окуучуларына жана алардын ата-энелерине таттууларды жасап, жармаңкеге катышуу сунушталды. Жалпысынан майрамга айылдык аймакта жашаган бардык улуттардын 300дөн ашык баласы катышты. Алар жакындары, мугалимдери жана кошуналары менен майрамга катышып, колго жасалган токочторду, торттарду ала келишти. Мунун баары майрамдын катышуучулары арасында таратылды.

Майрамды жакшынакай кийинген кыз-жигит алып барып, түрдүү конкурстарды өткөрүштү. Мыкты макал, ыр айтып, бийлеп, элди күлдүрүп, табышмак айткандарга жакшы белектер тапшырылды. Балдарда да, чоңдордо да майрамдык маанай болуп, баары күлүп-жайнап, кубанып жүргөнү иш-чараларга өзгөчө көрк берип турду. Бул күнү элдин биримдиги, ынтымагы билинип, ырлар айылдыктардын эне тилинде жаңырды. Ал эми улуттук кийимчен бийчилер элдин маанайын өзгөчө көтөрдү.






Самандан жасалган каракчыны өрттөө – Жазды тосуп алуу каадасы майрамдын кульминациялык учуру болуп калды.

Катышуучулар мындай жылуу, шаңдуу элдик майрам көптөн бери болбогонун белгилешти. Ал эми башка улуттун өкүлдөрү атүгүл кышты узатуунун ушундай байыркы орус салты тууралуу укпаганын да, билбегенин да моюнуна алышты. Айыл аксакалдарынын айтымында, башка улуттардын маданияты жана тарыхы менен тааныштырган ушундай иш-чаралар улуттарды бири-бирине жакындатууга, биринчи кезекте жаштарды тынчтыкта жана ынтымакта жашоого тарбиялоого тикелей таасирин тийгизет. Аксакалдар дал ушундай майрамдарды өткөрүп, аларга бардык элдердин жана конфессиялардын өкүлдөрүн сөзсүз чакырыш керектигин белгилеп жатышты.

“Жаш-карысына, улутуна жана диний ишенимине карабай айылдын бардык жашоочулары чогулганда бул элди бириктирет. Биздин балдар бири-бири менен жакындан таанышып, славян маданиятынын бир бөлүгү тууралуу маалымат алышып, ынтымактын жана биримдиктин духун сезе алышты. Анткени бул иш-чара ЖӨБ органы менен жергиликтүү жамааттын көп айдан берки биргелешкен ишинин жыйынтыгы болуп калды. Алар жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу маселесине башкача мамиле жасай башташты. Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлдөрүн калк менен иш алып барууга, алардын пикирлерин эске алып чечим кабыл алууга үйрөткөн Долбоордун салымы зор. Кыска убакыт ичинде адамдар өзгөрүп, бири-бирине жакын болуп, жергиликтүү бийликке, айылдык кеңештин депутаттарына ишеним артып, бардык иш-чараларга жигердүү катыша башташты. Адамдардын арасында жандануу жана бир максаттын тегерегинде биригүү сезимин байкоого болот. Жеке өзүм тууралуу айта турган болсом, адамдарды уга билүү, иш-чараларды биргелешип уюштуруу жана айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чогуу чечүү канчалык маанилүү болгонун түшүндүм”, - деди АӨнүн Долбоордогу координатору Татьяна МАРТЫНОВА.



“Биздин айылдык аймак көп улуттуу. Ошондуктан мындай иш-чараларды өткөрүү менен түрдүү этностордун маданиятын, салт-санаасын, каадаларын көрсөтүп, өнүктүрүүгө, жаштарда жана өсүп келаткан муунда башка улуттун өкүлдөрүнө карата сый-урмат көрсөтүп, толеранттуу болуу сезимин жаратып жатабыз. Айылдын маанилүү маселелеринен тышкары биз түрдүү улуттардын жана маданияттардын унутулуп бараткан каада-салттарын жандандыра баштадык. Аксакалдардын айтымында, мурда мындай иш-чаралар чоң шаан-шөкөт менен белгиленчү экен. Эми биз да жакшылыкка үндөгөн ушундай маанилүү майрамды калыбына келтирүүнү чечтик. Тилекке каршы, айылда бул үчүн тиешелүү инфраструктура жок экен. Бирок биз азыр ушул маселени чечип жатабыз. Анткени бүгүнкү күндө элеттиктер үчүн артыкчылыктуу маселе – Маданият үйүн калыбына келтирүү. Бул жерде маданияттын өнүгүүсүнө салым кошуп да, жаштарды тарбиялай да алабыз”, - деген ою менен бөлүштү АӨ башчысы Бек ЖЕКШЕМБАЕВ.

Мына ошентип иш башталды. Юрьевка АА жергиликтүү жамаатынын лидерлеринин айтымында, эми негизги тапшырма мүмкүн болушунча кыска убакыт ичинде Маданият үйүндө капиталдык ремонт жасоо боюнча долбоорду ишке ашыруу болуп калды. Ал эми капиталдык ремонт үчүн 1 млн. сомду АА 2016-жылдын апрелинде Долбоордун чакан гранттар конкурсуна катышып утуп алган эле. Маданиятты өнүктүрүү маселесин чечип берүү боюнча өтүнмөнү конкурска демилгелүү топ жиберген. Ремонт иштери аяктагандан кийин аймактын жашоочулары ушул өңдүү майрамдарды көбүрөөк өткөрүп, тасмаларды көрсөтүп, эстрада жылдыздарынын катышуусу менен концерттерди уюштуруп, чыгармачыл ийримдерди түзүү менен, өз таланттарына дем берүү максатын көздөп жатат. АӨ башчысынын айтымында, оңдолгон Маданият үйү Юрьевка айылынын көркүн ачып, жаштарга жана улуу муунга бош убактысын өзү үчүн да, жалпы жамаат үчүн да пайда менен өткөрүүгө шарт түзмөкчү.




# ЭЛЕТТИК ДОН КИХОТ таштанды менен күрөшүүдө, же Активисттин мисалы башкаларга кантип үлгү болду

Грոздь АА Чүй облусунун Аламүдүн районунда жайгашкан. Муниципалитет беш айылдан турат. Алардын ичинен Гроздь жана Бирдик айылдарында калк жыш жайгашкан. Айылдык аймактын жалпы аянты 4075 га түзөт. Аймак Бишкектен 25 км аралыкта жайгашкан. Район борбору болгон Лебединовка айылы менен да ушундай эле аралык алыстатып турат. Айылдык аймакта 1031 үй кожолугу бар жана калкынын саны 3568 кишини түзөт.

2015-жылдын май айында Гроздь АА Швейцария өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана ЖӨБ

органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоору (ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) менен кызматташта баштаган. Долбоордун жардамы менен ЖМБА-сессиялары аркылуу айылдык аймактын жергиликтүү жамаатынын, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, АӨ аппаратынын жана жамаат лидерлеринин катышуусу менен калктуу конуштагы 9 артыкчылыктуу көйгөй аныкталган. Алардын ичинен таштандыны тазалоо жана чыгарууну уюштуруу маселеси эң негизги деп табылган.

Биринчи кезекте калк да, ЖӨБ органдары да катуу тиричилик калдыктарын жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү дээрлик болбогонун моюнуна алышты. 2011-жылдын башында эле айылдык кеңештин чечими менен таштанды чыгаруу үчүн тариф бекитилген – ар бир адамдан айына 15 сомдон алынмай болгон. Бирок иш жүзүндө бул сумманы көп кабаттуу үйлөрдүн жашоочулары гана – 500дөн ашык киши төлөп келген. Бул болсо калктын 14% гана түзөт. Иш жүзүндө акыны чогултуу эсептик суммадан 12% ашкан эмес. Ал арада конуш тургундары таштандыны үйүнүн жанына эле төгө башташты. Кээде таштанды ушунчалык көп болуп жыйылып калгандыктан киши ал жерлерден өтө албай да калчу. Айыл өкмөтү таштандыны тазалоо үчүн атайын техниканы жылына эки-үч жолу жалдачу. Ушуну менен бирге бул үчүн каражат жергиликтүү бюджеттен төлөнүп келген.

Жеке сектордун жашоочулары болсо таштанды чыгаруу маселесин өз алдынча чечип келди – бирде өздөрү чыгарса, кээде өрттөп турушту. Дал ошондуктан алар КТК жыйноо жана чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүүгө акы төлөөдөн баш тартып келишти. Бирок жолдо айыл көчөлөрүндө жана анын тегерегинде жаткан таштандылар элеттиктердин тынчын алып, алар айлана-чөйрөнү булгабоонун жолдорун издей башташты.

Грозд айылында 26 жаштагы Усман ШОДМАНОВ аттуу карапайым элеттик жигит жашайт. Ал атаэнеси менен бирге жашылча өстүрүп, аны элеттиктерге сатат. Ушул жигиттин эмгегинин натыйжасында жергиликтүү калк сапаттуу жашылча менен камсыздалып турат десе да болот. Усмандын айтымында, жашылча сатуудан түшкөн пайда аз болсо да, күнүмдүк жашоого жетет.

Бир жолу, 2013-жылдын жаз мезгилинде Усман малын айылдын жанындагы жайытка чыгарууну чечет. Бирок ал жерден өрттөлүп бүтүп, үч жерде үйүлүп жаткан таштандыга күбө болот.




Бул көрүнүш жигитти абдан капа кылат. Биринчиден, мал жайганга жер калбагандыктан айылдан өтө алыс жерге баруруга туура келет. Экинчиден, айлана-чөйрө ушунчалык деңгээлде булганганын көрүп, маанайы бузулган. Таштанды чыгаруу иши кандай абалда болгонун, элеттиктердин көбү кызмат көрсөтүү үчүн акы төлөөдөн баш тартканын билген жигитти бул көрүнүш катуу ойго салган. Ошондон баштап баары ыраазы болуп, айлана-тегеректе тазалык жана тартип сакталышы үчүн бул системаны канткенде жолго салса болорун түнү менен ойлоп чыккан. Кийинки күнү Усман көйгөйдү чечүү үчүн эмне кылыш керек деп, элеттиктер менен кеңешет. Бирок ар кандай пикирлерди уккандан кийин эч ким ага жардам бербей турганына көзү жетип, маселени өз алдынча чечүүгө киришет. Ал адегенде чөнтөгүнөн акча чыгарып (соляркага 700 сом төлөгөн), жер участогун теңдөө үчүн трактор жалдайт. Трактор таштанды чогулган жерди тазалап, тегиздеп чыгат жана ошол жердеги таштандынын баарын чыгарып кетет. Усман таштанды бул талаада гана эмес, айылдын тегерек четинде, көчөлөрдө жатканын көрүп, өз күчү менен тазалай албай турганына көзү жетет. Ар кайсы жакта жаткан курулуш таштандылары – кум, гравий, ылай үйлөрдүн жанында эле төгүлүп, айылдагы жолдорду тосуп калган эле. Бирок буга карабастан биздин каарманыбыз таштанды жана тазалыкты бузгандар менен кармашты токтоткон эмес. Ал айып жаза салгандан баштап, мындай кылбаш керектигин айтып, элеттиктер менен узакка созулган түшүндүрүү иштерине чейин жүргүздү. Белгилүү Дон Кихот сымал ал таштанды менен кармаша берди. Бирок, тилекке каршы, таштанды да азайган эмес. Анын окуясы таштанды жыйноо жана чыгаруу ишинде жалгыз адам ийгиликке жете албай турганын тастыктады. Бул жерде жергиликтүү бийлик жана айыл тургундары катышкан комплекстүү иштер жасалыш керек эле.

2015-жылдын май айында муниципалитет ЭҮЖӨБОЖ Долбоору менен кызматташтыкты баштап, Усман анын бардык иш-чараларынын жигердүү



катышуучуларынын бири болуп калды. Айылдын сегиз активистинин катарында турган Усман Грозды жана Бирдик айылдарын таштандыдан арылтуу, канализациялык системанын начар абалын оңдоо боюнча демилгелүү топко кирди. Жалпысынан айылдык аймакта ушундай төрт топ түзүлүп, ар биринде жергиликтүү маанидеги башка маселелерди чечүү боюнча иш-чаралардын тизмеси бар эле.

Таштанды көйгөйүн чечүүгө киришкен Усман, башка активист балдар долбоордун конкурсунда жеңишке жетип, бир миллион сом көлөмүндө грант утуп алабыз деп үмүт артышкан эле. Артыкчылыктуу долбоорлорду аныктоо боюнча чогулуш маалында алар өз планын сунуштап, эмне үчүн таштанды чоң көйгөй болгонун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу биринчи кезекте таштанды төкчү бетон аянтчаларын түзүп, контейнер сатып алууга каражат бөлүш керектигин түшүндүрүп беришти. Анткен менен жамаат башка көйгөйлөрдү артыкчылыктуу деп тапты. Бул – мектептеги билим берүү жана таза суу маселелери. Бирок Усман демилгелүү топтордогу достору менен кол шилтеп басып кетишкен жок. Алар таштанды көйгөйү менен күрөштү мурдагыдан да күчөтүштү. Жашоочулар таштандыны түнкүсүн төккөнү ишти ого бетер татаалдаштырып жатты. Ошондуктан алар түнкү рейддерди уюштуруп, тазалыкты сактабагандарды ошол жерден кармап жатышты. Усман тачкага таштанды жүктөп алып, аны айылдагы жолдун боюна төккөн төрт адамды кармаган экен. Мындай иштер канчалык зыяндуу жана кооптуу болгонун айтып, түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, Усман аларды өз жеринин патриоту болууга үндөп, тазалыкты сактабаганы үчүн кандай жаза каралганын айтып берчү. Ошондон кийин адамдар таштандыларын кайра алып кетип, мындай кылбай турганына сөз беришчү. Эми ал адамдар Усмандын жардамчылары болуп калышты. Алардын ар бири өз участогунда айыл старосталары менен тыгыз кызматташып, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзө баштышты.

Айыл жашоочуларынан тышкары түнкүсүн үч жолу талаага жана суунун жээгине курулуш таштандысы төгүлгөн. Көрсө, бул таштандыны майда кум алганы келген бишкектиктер төкчү экен.

Айыл өкмөт башчысы менен кеңешкенден кийин Усман достору менен өз эсебинен 12 такта сатып алып, “Таштанды үчүн айып – 2000 сом” деп жазып чыгып, аны айылдын тышындагы жана көчөлөрдөгү таштанды көп төгүлчү жерлерге орнотуп чыгышты.

Ошондон баштап түнкү “коноктордун” “гастролдору” тыйылып, элеттиктер да таштандыны туш келди жерге таштабай калышкан. Айыл өкмөтү Усмандын бардык демилгелерин колдоп, атүгүл ыктыярдуу элдик дружинанын мүчөсү деген атайын күбөлүк тапшырган. Муну менен Усман айылдын кызыкчылыктарын коргоого ыйгарым укук алды. Анткени колго түшкөн айрым тартип бузуучулар “сен ким элең?” дегенсип, анын эскертүүлөрүн көңүл сыртында калтырган учурлар да болгон.

Мындан тышкары демилгелүү топтун мүчөлөрү эки айылдагы дээрлик бардык үйлөрдү кыдырып чыгышып, курулуш материалдары жана бузук техника үйүлүп калган, жолду тороп калган, муну менен адамдардын өмүрүнө коркунуч келтирип, авариялык кырдаалды жараткан 26 короо аныкталды. Үй ээлери активисттердин эскертүүлөрүн туура эле кабыл алышып, ошол замат тегерек четин майда кумдан, топурактан, ылайдан тазалап чыгышып, машиненин бузук тетиктерин короолоруна киргизип коюшкан.

Усмандын кийинки кадамы айылды жашылдандыруу маселесин чечүү болду. Айылда эски бакдарактар көп болгондуктан аларды жергиликтүүлөр кыйып салышкан жана көчөлөр ээн, көрксүз болуп калган эле. Ушундан улам аптапта көлөкө жерди таба албай тургандай кырдаал түзүлгөн. Албетте бул жолу да жигит алгач өзүнөн баштады – ал үйүнүн тегерегинде, жалпы колдонуудагы жер болуп эсептелген көчөдө карагайдын, алманын, алчанын 20 көчөтүн отургузуп, айлананы гүлгө толтурган. Кошуналардын өтүнүчү менен Усман алардын да тегерегин жашылдандырууга катышкан. Топурак төгүп, тосмолоп, көчөт, гүл отургузууга кеткен чыгаша эмгек салымын кошкондо 10 000 сомду түздү. Эң негизгиси – жигиттин эмгекчилдиги башкаларга да жугуп, жергиликтүү Дон Кихоттун артынан башка элеттиктер да көрктөндүрүү жана абаттоо иштерине тартылды.

Ошентип Усмандын жана анын санаалаштарынын бардык демилгелери жана аракеттери текке кеткен жок – туш келди төгүлгөн таштандылардын басымдуу бөлүгү жок кылынып, эми жашоочулар таштандыны атайын жерлерге чыгарып, ички жолдор жана көчөлөр иретке келип жатат.

“Усмандын ишинин жыйынтыктары бардык аймак үчүн мисал болуп калды. Биздин жалгыз мектептин окуучулары ал көрсөтүп берген айып тууралуу эскерткен такталарды даярдап, беш айылдагы таштанды көп төгүлгөн жерлерге орнотуп чыгышты. Коомдук иш-чараларда биз дайыма Усманды белгилеп, анын жетишкендиктерин айтып, ар бир демилгесин мисал катары келтиребиз. Эгерде кандайдыр бир маселе пайда болсо, Усман биринчи кезекте айыл өкмөтү менен акылдашат. Анын активдүүлүгү, жакшы мүнөзү, өз айылына болгон камкордугу, элине күйгөндүгү өзгөчө сөзгө арзыйт. Калктын көз кара-

шы да өзгөрүп, коомдук иш-чараларга, анын ичинде чогулуштар менен жыйындарга жигердүү катыша баштады. Баары чогулуп ишембиликке чыгышат – ар бири өз аймагын тазалап, жашылдандырып, бак-дарак, гүл отургузганга умтулуп калды. Айыптар тууралуу айта турган болсом, эгерде мурда оозеки эскертүү берип келсек, эми болсо административдик тартип бузуулар боюнча комиссиялар аркылуу расмий түрдө айып сала баштайбыз. Бул комиссияларга аксакалдар сотунун мүчөлөрү, айылдык кеңештин депутаттары жана башка активисттер кирет. Ушунун баарында албетте бизди жергиликтүү жамаат менен иш алып барууга үйрөткөн Долбоордун салымы чоң", деди АӨнүн Долбоордогу координатору Алла ЧЕТОКИНА.

Айылдагы көйгөйлөр тууралуу ыкчам маалымат берүү жана аларды чечүү максатында бардык активисттерди, анын ичинде Усманды да айыл өкмөтү акысыз корпоративдик байланышка кошуп койгон. Бул болсо АӨ кызматкерлери, АК депутаттары, айыл старосталары, мекеме-уюмдардын жетекчилери жана активисттери менен тез-тез байланышып турууга жардам берет.

Албетте, айылдын тазалыгына байланыштуу маселе толук чечилди деп айтуу азырынча эрте. Бирок алгачкы жана эң маанилүү кадамдар жасалды – жигит башкаларга үлгү болду жана Долбоордун жардамы менен бардык аймакты ойготуп, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына да реалдуу иштерди жасоого түрткү берди.

“Азыр 2013-жылга салыштырмалуу айыл бир кыйла таза болуп калды. Туш келди төгүлгөн таштандылардын дээрлик 80% жок кылынды. Тургундардын активдешип, айылды тазалоого катыша баштаганы мага абдан жагууда. Жашоочулардын басымдуу бөлүгү таштанды жыйноо жана чыгаруу үчүн белгиленген тарифтер боюнча акы төлөөгө даяр болуп калышты. Жасай турган бир иш калды – таштандыга барчу жолду тазалап чыгыш керек, ал жерден өтүү аябай оор. Өзүн өзү сыйлаган жана кичи Мекенин сүйгөн ар бир адам таза айылда жашап, табиятты сактоо үчүн колдон келгендин баарын жасап, эртеңки күнүн да ойлош керек. Биз көппүз, биз биргебиз, биз жасай алабыз!”, - деп ишенимдүү айтты Усман.

# Аксакалдар жаштардын активдүүлүгүнө бата беришти жана жашоо да жеңилдей түштү

Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган жана Швейцария Өкмөтү каржылаган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбооруна катышуу үчүн Чүй облусундагы муниципалитеттерден 45 конкурстук өтүнмө келип түштү. 12 жеңүүчү муниципалитеттин катарына Александровка АА (Чүй облусунун Москва району) да кошулду. Бул АА үч айылдан турат: Александровка, Беш-Корук жана Крупская атындагы айылдар. Айылдык аймактын жалпы аянты 12 000 гектарды түзөт. Ал Бишкек шаарынан 33 км, район борбору болгон Беловодск айылынан 12 км аралыкта жайгашкан. Калкынын саны 16 872 кишини түзөт. Муниципалдык менчикте 50 объект бар.

2015-жылдын апрель айында Александровка АА менен Долбоор ортосунда кызматташтык тууралуу меморандум түзүлүп, окуу тренингдери жана ЖМБА-сессиялары башталды. Аларга жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү, айылдык кеңештин депутаттары, аппарат жетекчилиги жана айыл лидерлери катышты. Натыйжада 11 артыкчылыктуу көйгөй аныкталып, демилгелүү топтор түзүлдү, биринчи кезектеги маанилүү маселелерди чечүү боюнча биргелешкен аракеттер планы иштелип чыкты. Мындан тышкары биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору түзүлүп, көптөгөн коомдук иш-чаралар, анын ичинде бюджеттик угуулар, артыкчылыктуу көйгөйлөрдүн эң маанилүүлөрүн тандап алуу боюнча жыйындар өткөрүлдү. Ошондой эле ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында Александровка АА конкурстук негизде бир миллион сом көлөмүндө грант утуп алды. Бул грант көптөн бери көкөйгө тийип жүргөн маселени – калктуу конуштагы ички жолдорду реконструкциялоо жана модернизациялоо көйгөйүн чечүүгө багыт-

талган. Чечим кабыл алуу процессинде жарандардын активдүүлүгүн жогорулатуу максатын көздөгөн Долбоор Беш-Корук айылынын жаштары үчүн чоң түрткү болду. Бул жердеги жаш айыл башчысы Болотбек ЖЕКШЕНБЕКОВ жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө калкты мобилдештирүү боюнча иштерди абдан жакшы уюштурууда.

Натыйжада 1164 киши жашаган Беш-Корук айылы көз көрүнө өзгөрдү, ал эми бешкоруктуктарды көрүп, алардын кошуналары – жакын жайгашкан айылдардын тургундары да активдеше башташты.

Эмесе баары эмнеден башталган эле? Биринчи кезекте айыл башчы бардык айылдардын тургундары менен чакан чогулуш өткөрүп, анда топтолуп бүткөн көйгөйлөр боюнча түрдүү маселелер талкууланды. Элеттиктерге минтип алакан жайып отурбаш керектигин, дайыма эле айыл өкмөткө даттана берүү туура эмес экенин түшүндүрүүгө туура келди. Өздөрү аракет жасап, демилге көтөрүп, айыл өкмөтү менен бирге маселелерди чечүү жолдорун издеши керектиги айтылды. Бул жолугушуулар текке кеткен жок – биринчи кезекте жаштар үн катты. Мындан кийинки өнүгүү дал ушул жаштардан көз каранды, алар негизги кыймылдаткыч күч эмеспи. Жаш элеттиктер демилгелүү топ түзүп, Беш-Корук айылындагы коопсуздук маселесин чечүү боюнча план иштеп чыгышты.

Көчөлөргө жарык өткөрүү маселесин чечүү үчүн финансы каражаттарын чогултуу боюнча иштер ыкчам уюштурулду. Бул милдетти өзүнө 30-40 жаштардагы эркектер алды. Жалпысынан акча чогултуу менен 130 киши алек болду. Элеттиктердин ар кимиси мүмкүнчүлүгүнө жараша акча беришти – 500 сомдон 1000 сомго чейин берип жатышты. Натыйжада 120 миң сом чогулду. Бул акчага энергияны үнөмдөгөн 80 чырак сатып алынып, аны өз күчү менен Беш-Коруктун сегиз көчөсүнө орнотуп чыгышты. Баса, эмгек салымы 20 миң сомду түздү. Бардык иштер Рамазан айынын алгачкы күнүндө – 2015-жылдын 16-июнунда жыйынтыкталды. Бул күнү мечитте салттуу ооз ачуу өтүп жаткан жана ага 150гө жакын киши катышкан эле. Бул көчөлөргө жарык берүү маселесин чечүүгө багытталган акциянын бардык катышуучулары үчүн мечиттен чыгып, жапжарык көчөлөрдү көргөн учур эң эсте калган учур болду. Алгач баары нес болуп туруп калышты. Андан кийин алардын кубанычына чек болгон жок. Жаңы шамчырактар айыл көчөлөрүн күндүзгүздөй жарык кылып турган эле. Элеттиктер майрамдагыдай маанай болгонун, абдан катуу кубанышканын айтып, сезимдерин жашыра албай турушту. Аксакалдар болсо мындай жарык көчөлөр атүгүл совет маалында да болбогонун айтып жатышты. Айылдын атынан аксакалдар баталарын беришип, бул демилгенин уюштуруучуларына болгон жакшылыктарды каалашып, көчөлөргө жарык берүүгө катышкандардын баарына ыраазычылыгын айтып бүтө албай турушту.

Аксакалдардын батасын алып, алгачкы ийгилигине кубанган жаштар кийинки багыттар боюнча маселени чечүүгө киришти. Ошентип көп өтпөй өз ара чогулткан 15 миң сомго жана эмгек салымынын эсебинен айылдын жогорку көчөлөрүнө таза суу өткөрүп берүү маселеси чечилди. Ошондой эле жалпы узундугу 350 метр болгон алты айылдык көчөгө 75 миң сомго майда кум төгүлдү. Ошентип бешкоруктук жаштар ЖӨБ органдары менен биргеликте ЖМБА-иш-чараларынын жүрүшүндө аныкталган жана Биргелешкен аракеттер планында каралган айылдын көйгөйлүү маселелерин чече алышты.

Өз кезегинде Александровка жана Крупская атындагы айылдардын АК депутаттары Беш-Корук айылынын жаштарынын ийгиликтери жана жетишкендиктери тууралуу өз шайлоочуларына айтып беришти. Алардын мисалы айылдык аймактын башка тургундары үчүн түрткү болду. Башкалар да өз айылдарынын турмушуна жигердүү катышууну чечишти. Александровка айылынын тургундары калктуу конушта жакшы иштерди жасоо эпидемиясы тараганын моюнуна алышты. Алар да көчөлөргө жарык өткөрө башташты – Александровка айылындагы Масанчин көчөсүндөгү 10 устунга 20 миң сомго жана жергиликтүү жамааттын салымынын эсебинен чырактар орнотулса, Крупская атындагы айылдагы Мичурин көчөсүндө 10 чырак орнотулду.

Эми Беш-Корук айылынын жаштары дайыма кеп-кеңеш сурашып, башка айылдын жашоочуларына кайрылып турушат. Ошол эле маалда балдар айылдык аймактагы кошуналарына да колдон келген жардамын беришүүдө.

Өз күчүнө ишенген Беш-Коруктун жаштары айылдын гана эмес, жалпы аймактын да өнүгүүсү боюнча дымактуу пландарын курушууда. Алар ЖӨБ органдары менен биргеликте ЖМБА-иш-чараларынын алкагында аныкталган жана БАПка кирген бир катар артыкчылыктуу маселелерди чечүүнү пландап жатышат. Алардын арасында чакан футбол талаасынын курулушу, канал аркылуу 40 метрлик көпүрөнү өткөрүү, клуб куруу, жолдорду оңдоо, мектептин аймагын тосмолоо өңдүү иштер бар.

Акыркы он жылда калк менен башкаруу органдары ортосунда байланыш көп жакшы түзүлбөгөнү, муундар ортосунда байланыш үзүлүп, жамаатта мураскорлук жоголуп баратканы белгилүү болду. Жаштар жана улуулар ар кимиси өз оокаты менен алек болуп калган. Бешкоруктуктардын мисалы жаштардын биригүүсү, бардык жамаат үчүн жалпы болгон максаттарды коюп, аларга жетүү үчүн бардык тараптарды, анын ичинде ЖӨБду тартуу канчалык маанилүү болгонун көрсөттү. Аксакалдар жаштардын ишин колдоп, туура нукка багытта435 керек. Алар адилеттүүлүктүн, эл үчүн кызмат кылуунун, патриоттуулуктун үлгүсү болуп, руханий, маданий, улуттук жана социалдык баалуулуктарды сактоого тийиш.

M

# МЫЙЗАМДАРДАГЫ ЖАҢЫЛЫКТАР

**Бектурган ОРОЗБАЕВ** даярдады

## Административдик комиссиялар тууралуу

2016-жылдын 22-мартында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "Административдик жоопкерчилик тууралуу Кыргыз Республикасынын Кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Кабыл алынган Мыйзам менен Административдик жоопкерчилик тууралуу кодекстин 509-беренеси төмөнкү мазмундагы 2-бөлүк менен толукталды: "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын административдик комиссияларынын ишин түзүү жана уюштуруунун типтүү тартибин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктайт".

Муну менен Мыйзам жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын административдик комиссияларынын административдик укук бузуулар тууралуу иштерди карoo боюнча статусун бир түрдүү аныктоо, түзүү жана иш тартибин камсыздоо үчүн шарттарды түзөт.

## Жайыттар жана жайыт комитеттери тууралуу

2016-жылдын 7-майында Кыргыз Республикасынын президенти Алмазбек Атамбаев "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду ("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Жайыттар жөнүндө" мыйзамдарга).

Кабыл алынган Мыйзам жайыт пайдалануучулардын бирикмелеринин жана алардын аткаруучу органдарынын – жайыт комитеттеринин ишин оптималдаштыруу максатында иштелип чыкты жана жайыт комитеттеринин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, айлана чөйрө жана токой чарбачылык органдарынын аймактык бөлүмдөрү менен өз ара аракеттенүүсү, кызматташуусу үчүн шарттарды түзөт.

Жерди пайдалануунун натыйжалуулугун жакшыртуу маселесинде, ошондой эле токой фондунун жайыттарын пайдаланууда кызыкдар жактардын конструктивдүү мамилесинде тараптардын кызматташуусу, жергиликтүү бийлик органдары менен коомдук уюмдардын ролун күчтөндүрүү үчүн шарттарды түзүү кабыл алынган Мыйзамдын негизги милдеттери болуп эсептелет.

Мыйзам менен "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамынын 31-беренесинин 4-бөлүгүнүн 5-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилди. Анда жайыт маселелери боюнча айылдык кеңештин ыйгарым укуктары кеңейтилип, аларга КР мыйзамдарына ылайык кароо жана жайыттарга тиешелүү башка маселелер боюнча мүмкүнчүлүктөр берилди. Андан кийин "Жайыттар жөнүндө" КР Мыйзамына бир катар өзгөртүүлөр киргизилди. Аларга ылайык:

- Мыйзамдын 3-беренесинде жергиликтүү мамлекеттик администрация түзгөн жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча комиссиянын



курамы жергиликтүү кеңештин өкүлдөрү жана айлана-чөйрө жана токой чарбасы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын өкүлдөрү менен толукталды;

- Мыйзамдын 3-беренеси төмөнкү редакциядагы 5-1-бөлүгү менен толукталды:

"51. Өз убагында мамлекеттик актынын негизинде колдонууга өткөрүлүп берилген мамлекеттик жер запасынын курамына кирген жайыттар, жерлердин чектери жергиликтүү айылдык аймактардын ушул административдик-аймактык бирдиктерине ылайык тиешелүү айылдык аймактын карамагына кирет. Мамлекеттик актынын мөөнөттөрүнө ылайык жайыт билетин милдеттүү сатып алууда тиешелүү айылдык аймактардын жайыт пайдалануучуларына (жайыт комитеттерине) жайыттар пайдаланууга берилиши мүмкүн";

- Мыйзамдын 6-беренесинин 2-бөлүгүндө жайыт комитетинин курамына айлана-чөйрө жана токой чарба маселелери боюнча ыйгарым укуктуу органдын өкүлү кошулду;
- Мыйзамдын 6-беренесинин 3-бөлүгүнүн жаңы редакциясына ылайык, жайыт комитетинин терагасы тиешелүү айылдык аймактын башчысынын сунушу боюнча жайыт пайдалануучулардын добуштарынын көпчүлүгү менен шайланат;
- Мыйзамдын 10-беренесинин 7-бөлүгүндө жайыт билети үчүн бөлүк-бөлүгү менен акы төлөөнүн мөөнөттөрү учурдагы жылдын 1-ноябрына чейин узартылды (буга чейин учурдагы жылдын 1-октябрына чейин белгиленген). Ушуну менен бирге кабыл алынган мыйзам мөөнөтүнөн кечиктирилген акынын жалпы көлөмүнө мөөнөтү өткөн ар бир күн үчүн туумду чегерүүнү белгилейт;
- Мыйзамдын 11-беренесинин 3-бөлүгү жергиликтүү бюджетке жайыт жерлерин пайдалануу үчүн акынын бөлүгүн багыттоону караштырат. Ал болсо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жалпы үлүшүнүн үчтөн бир бөлүгүнөн кем эмес салыктардын көлөмүн эске алуу менен түзүлөт;
- Мыйзамдын 13-беренеси 2-1-бөлүгү менен толукталган. Ага ылайык, ыйгарым укуктуу орган жайыттардын табигый абалынын сакталышын контролдойт. Жайыттардын табигый абалынын бузулушуна жол берилген учурда (жаратылыш кырсыктарын эсепке албаганда) күнөөлүүлөр Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык административдик жана жазык жоопкерчилигине тартылышат.

# Айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматына дайындоо тууралуу

2016-жылдын 14-майында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду.

Бул Мыйзам айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматына дайындоо маселелери боюнча мыйзамдардагы карама-каршылыктарды жана коллизияларды болтурбоо максатында кабыл алынды.

Айталы, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 51-беренесинин 3-бөлүгүнүн мурдагы редакциясына ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын айыл өкмөтүнүн башчысы өз ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганга чейин дайындачу. Ошол эле маалда “Муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамдын 2-беренесинин төртүнчү абзацына ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарынын кызматы административдик муниципалдык кызмат болуп эсептелет. Ага айыл өкмөт башчысы өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча эмгек келишимин түзүү жолу менен дайындайт. Көрүнүп тургандай, бул мыйзамда административдик муниципалдык кызматка дайындоонун мөөнөтү белгиленген эмес. Бул болсо жогоруда аталган мыйзамдар ортосунда укуктук коллизияны жаратты.

Бул коллизияны болтурбоо максатында кабыл алынган Мыйзам менен “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамга өзгөртүүлөр киргизилди. Ал жерде айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары үчүн дайындоо мөөнөтү алып салынган. Анткени айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары конкурстун натыйжалары боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалган муниципалдык кызматчы болуп саналат.

Кабыл алынган Мыйзам “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын нормаларындагы айыл башчысы кызматына дайындоо бөлүгүндөгү мамлекеттик жана расмий тилдердеги тексттеги коллизияларды четтетүүгө багытталган.

Мындан тышкары кабыл алынган Мыйзам менен дагы бир нерсе белгиленди: эгерде тиешелүү калктуу конуштан жергиликтүү кеңешке депутат шайланбаган учурда, айыл башчысы кеңеш берүүчү добуш укугу менен тиешелүү жергиликтүү кеңештин жыйналыштарына, ал эми шаардык кеңештин жыйналыштарына - тиешелүү айылга тиешеси бар маселелерди кароодо катышууга укуктуу. Анткени бул кызмат айыл өкмөтүндө гана эмес, ошондой эле бир нече калктуу конушту – айылдарды камтыган шаарлардын мэрияларында да бар.

# ЖӨБ чөйрөсүндөгү бир катар мыйзамдар жаңырат деп күтүлүүдө

**("Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө", "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" КР Мыйзамдары[1])**

“Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам чыгаруу актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө” Мыйзамдын долбоору жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын айрым нормаларын өркүндөтүү максатында даярдалды.

Мыйзамдын долбоору төмөнкү маселелерди чечүүнү караштырат:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын туруктуулугун камсыздоону;
- **ЖӨБ маселелерине тиешелүү ЧУА долбоорлорун муниципалитеттин ассоциациялары менен алдын ала талкуулоо бөлүгүндө ЖӨБ Союзунун жана муниципалдык ассоциациялардын ролун жогорулатууда;**
- **ченем чыгаруу демилгелерин ишке ашырууда;**
- **ЖӨБдүн аткаруучу жана өкүлчүлүктүү органдарынын ар кандай түрдөгү ченемдик актыларды жана ченемдик укуктук актыларды (токтомдорду, чечимдерди, тескемелерди) иш жүзүндө кабыл алуусунда;**
- **ЧУА долбоорлорун ачыктоодо жана кабыл алынган ЧУАнын расмий жарыялануусунда.**

Айталы, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесине ылайык, жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарына тикелей тиешелүү маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо жана кабыл алууда мамлекеттик бийлик органдары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын ассоциациялары, жергиликтүү жамааттардын союздары менен консультацияларды жана талкууларды мыйзамда белгиленген тартипте өткөрөт.

Анткен менен иш жүзүндө ченем чыгаруучу мамлекеттик органдар ЧУА даярдоодо жана кабыл алууда бул жол-жоболорду сактабайт. ЖӨБ органдары, ошондой эле алардын ассоциациялары/союздары маалыматка жетпей калышууда. “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын кынтыксыз сактоо ЖӨБдүн ченемдик укуктук базаларына тең салмактуу жана туруктуу мамиле жасоого алып келет. Ушул тапта ченемдик укуктук актылар биринин артынан бири кабыл алынууда, кырдаал жеринде терең изилденбейт, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн пикирлери эске алынбай, ЧУА долбоорлору пакет түрүндө киргизилет. Мунун натыйжасында кабыл алынган айрым ченемдик укуктук органдар иш жүзүндө реалдуу турмушка коошпой калууда.

Ошентип, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын күчөтүүнүн алкагында мыйзамдарда ЖӨБО жана/же алардын бирикмелери жана союздары менен консультацияларды жана талкууларды өткөрүүдө ченем чыгаруучу мамлекеттик органдарга коюлган талаптарды кеңейтүүнү, ЧУА долбоорлорунун негиздеме каттарында тийиштүү ЖӨБ органдары жана/же алардын ассоциациялары, союздары менен консультациялардын жана талкуулардын жыйынтыктарын чагылдырууну сунуштайбыз.

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 14-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү бөлүгүндө болсо төмөнкүлөрдү белгилей кетүү зарыл: бул өзгөртүү облустук жана республикалык маанидеги шаарларда колдонулбай турган ченем чыгаруу демилгесинин жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүүгө багытталган. Анткени 14-берененин колдонуудагы редакциясына ылайык, жергиликтүү ченем чыгаруучу (элдик) демилге укугуна жергиликтүү жамааттын үчтөн биринен кем эмес мүчөсү ээ. Бул болсо мисалы, Бишкек шаарында 300 миң тургунду түзөт.

Айрым ЖӨБ органдарынын ишине жүргүзүлгөн анализ “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын нормалары ар түрдүү чечмеленип жатканын көрсөтүүдө. Мыйзамдын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 6-пунктун жергиликтүү кеңештин айрым депутаттары, АӨ башчылары ар башкача чечмелеп келишет. Айталы, жергиликтүү кеңештердин айрым депутаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тийиштүү аткаруучу органынын иши тууралуу отчетту угуу ЖӨБдүн аткаруучу органынын аппаратынын ар бир кызматкеринин отчетун угуу дегенди билдирет деп эсептешет. Буга байланыштуу аппараттын ар бир кызматкерине жергиликтүү кеңештин алдында отчет берүүнү сунушташат. Бул болсо максатка ылайыктуу эмес. Анткени “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 44-бер. 1-б. 8-п. жана 50-беренесинин 2-п. ылайык, ЖӨБдүн аткаруучу органы-

[1] Бул мыйзам долбоору Өнүктүрүү саясат институтунун техникалык колдоосу менен иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде биринчи окуудан өткөн. Ал эми 2016-жылдын май айынын соңунда мыйзам чыгаруучулук процесстин кийинки этаптарынан өтүү үчүн Өкмөттүн корутундусун күтүп жатат.

нын башчысы өзү (шаар мэри жана АӨ башчысы) шаардагы, айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, бюджеттин аткарылышы, муниципалдык менчикти жана бюджеттен тышкаркы фонддун каражаттарын колдонуу, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программаларынын аткарылышы жана калкты социалдык жактан коргоо тууралуу жарым жылда бир жолудан аз эмес жергиликтүү кеңештин алдында отчет берет.

Жогоруда аталган маселени чечүү жана мыйзамдын нормаларын иш жүзүндө туура колдонуу максатында 31-берененин 6-пунктун конкреттештирүүнү сунуштайбыз.

Ушул тапта айылдык кеңештер өткөргөн сессияларга жасалган анализ алардын ишин жана чечим кабыл алуу жол-жоболорун уюштуруу туура эместигин көрсөтүүдө. Көпчүлүк айылдык кеңештерде сессияны өткөрүү процесси чогулуштарга окшошуп кетет. Көпчүлүк АК сессияда каралчу маселелерди туруктуу комиссияларга алдын ала каратпастан жана алар боюнча тийиштүү тыянактарды жана документтерди даярдабастан алып чыгышат. Натыйжада узакка созулган талаш-тартыштардан кийин профилдик туруктуу комиссиялардын корутундусу жок эле мыйзамдардын нормаларына карама-каршы келген чечимдер кабыл алынып калууда.




Ошондой эле иш жүзүндө шаардык кеңештерде фракциялардын, же азчылыктардын фракция коалицияларынын мүчөлөрү бюджет жана финансы маселелери боюнча туруктуу комиссиялардын курамына гана кирүүгө умтулушат. Анткени бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссиялардын курамына азчылыктардын өкүлдөрү гана кире алат деп эсептешет.

Мындан тышкары иш жүзүндө шаардык кеңештердин фракциялары көпчүлүк жана азчылык фракцияларына бөлүнгүсү келбегенин, биримдикти жана туруктуулукту сактоо үчүн баары көпчүлүк фракциялардын коалициясына гана биригүүнү каалайт. Бул болсо мыйзамдарда так жөнгө салынган эмес.

Буга байланыштуу жогоруда көрсөтүлгөн маселелерди жөнгө салуу максатында Мыйзамдын 32-беренесин конкреттештирүүнү сунуштайбыз.

“КР ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Мыйзамдын 33-1-беренесинин талаптарына ылайык, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 32-беренесин 11-бөлүк менен толуктоону сунуштайбыз.

Анткени “КР ченемдик укуктук актылар жөнүндө” КР Мыйзамынын 33-1-беренесине ылайык, ченем чыгаруучу органдар (кызмат адамдары) КР Өкмөтү

туруктуу негизде белгилеген тартипте кабыл алган ченемдик укуктук актыларга мониторинг жана баалоо жүргүзүшөт. Бул болсо өз аракеттеринин натыйжалуулугун жана эффективдүүлүгүн аныктоо максатында жасалат.

Ченемдик укуктук актыларга мониторингди жана баалоону жүзөгө ашырууга көз карандысыз эксперттер жана жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү тартылат.

Ченемдик укуктук актылардын натыйжалуулугу жана эффективдүүлүгү төмөн болгонун тастыктаган мониторинг жана баалоо тууралуу маалымат аларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, же коомдук мамилелердин бул чөйрөсүн дагы да натыйжалуу жөнгө салган жаңы ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу үчүн негиз болуп эсептелет.

"Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамдын 35-беренеси, 37-беренесинин 9-10-бөлүмдөрү менен сунушталган өзгөртүүлөр айылдык кеңештер үчүн дискриминациялык нормаларды алып салууну караштырат. Муну менен айылдык кеңештин төрагасы үчүн шаардык кеңештердин төрагаларына барабар айлык акыны белгилөө сунушталат. Мындан тышкары айылдык кеңештерге кошумча штаттык бирдик – АК жооптуу катчысы кызматын киргизүү, анын айлык акысы шаардык кеңештердин жооптуу катчыларыныкына барабар кылуу сунушталат.

Мындай сунуштарды КР ЖК Адам укуктары, конституциялык мыйзамдуулук жана мамлекеттик түзүлүш комитетинин Ош шаарында өткөн көчмө жыйынынын катышуучулары берген. Ошондой эле муну Жогорку Кеңештин депутаттары сөз сүйлөгөндө сунушташкан.

КР Юстиция министрлигинин айрым аймактык органдары бүгүнкү күндө ЖӨБ органдарынан ЧУА Мамлекеттик реестрине кошуу үчүн укук нормаларын камтыган жергиликтүү кеңештин токтомдорун, б.а., адамдардын аныкталбаган чөйрөсүнө жана бир нече жолу колдонууга эсептелген жалпы үчүн милдеттүү болгон жүрүм-турум эрежелерин гана жиберүүсүн талап кылышууда. Ошол эле кезде Юстиция министрлигинин айрым аймактык органдары жана прокуратура органдары ЖӨБ органдарынан жергиликтүү кеңештин бардык токтомдорун жарыялоону жана ЧУАны Мамлекеттик реестрге кошуу үчүн жиберүүнү талап кылышууда. Анткени алар бул токтомдордун баары ченемдик укуктук акты болуп эсептелет деген пикирди карманышат.

Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештер өз компетенциясына кирген тигил же бул маселелер боюнча токтомдорду кабыл ала турганы бардык жерде көрсөтүлгөн. Бирок жергиликтүү кеңештер түрдүү мүнөздөгү токтомдорду кабыл алса болору эч жерде көрсөтүлгөн эмес. Башкача айтканда ЧУА болуп эсептелген токтомдор жана жөн гана укуктук актыга кирген токтомдор бар.

Тилекке каршы КР Өкмөтү жергиликтүү кеңештердин ченемдик укуктук актыларын жарыялоо жана каттоо тартиби гана жөнгө салынган. Ал эми жергиликтүү кеңештердин укуктук мүнөзгө ээ болгон токтомдорун жарыялоо жана каттоо тартиби жөнгө салынбаган бойдон кала берүүдө.

ЖӨБ органдары өтө кыйчалыш абалда калышты. Анткени баарында эле документтерди ЧУА жана укуктук акты деп ажырата алган квалификациялуу юристтер боло бербейт. Жеринде айрым документтер боюнча талаштуу кырдаалдар түзүлүүдө. Мисалы, жергиликтүү бюджетти бекитүүнү кайсы жагына киргизсе болот – ЧУАгабы же укуктук актыгабы? Анткени ал ЖӨБдүн аткаруучу органынын гана колдонуусу үчүн киргизилген. Ошол эле маалда ага адамдардын аныкталбаган чөйрөсү, жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү да кызыгышы мүмкүн. Мындай түрдөгү документтер жеринде көп болушу мүмкүн. Ошондуктан жергиликтүү кеңештер кабыл ала турган чечимдерди так бөлүп кароо зарыл. Бул болсо мыйзам долбоорунун ушул редакциясында сунушталган: ЖӨБдүн аткаруучу органдары окшош маселелер боюнча ар кандай ченемдик актыларды иш жүзүндө кабыл алуу маселелери (токтомдор, чечимдер, тескемелер).

Тилекке каршы "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" КР Мыйзамы ЖӨБдүн аткаруучу органдары укуктук актылардын кайсы түрлөрүн же формаларын чыгарыш керектигин көрсөткөн эмес. Бул маселени жөнгө салган жалгыз документ болуп "КРда иш өндүрүшү боюнча Типтүү нускама" эсептелет. Аны КР Өкмөтү 2012-жылдын 23-июлундагы №517 токтому менен бекиткен. Анда министрликтерге, мамлекеттик комитетке, административдик ведомстволорго, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик жана муниципалдык ишканаларга жана мекемелерге иш өндүрүшүн Типтүү нускама боюнча жүргүзүү сунушталган.

Анткен менен бул документ мекемелерде даярдалган буйрук берүүчү документтердин жалпы тизмегин гана берет. Типтүү нускамага ылайык, ЖӨБ органдарынын буйрук берүүчү документтерине "токтомдор, чечимдер, тескемелер" кирет. Коллегиалык башкаруунун негизинде иш алып барган мекемелерге "токтомдор (чечимдер) жана тескемелер" киргизилген.

Ушуну менен бирге Типтүү нускамада кабыл алынган буйрук берүүчү документтердин мүнөзү, ошондой эле бул документтер кабыл алынган багыттар сүрөттөлгөн эмес. Буга байланыштуу ЖӨБдүн аткаруучу органдары жеринде бир эле маселе боюнча ар түрдүү укуктук актыларды кабыл алып келишет. Мисалы, эгерде Жалал-Абад облусундагы айрым АӨ башчылары жер участокторун бөлүү маселелери боюнча "АӨ чечимдерин" кабыл алса, Ысык-Көл облусундагы айрым АӨ башчылары ушул эле маселелер боюнча "АӨ токтомдорун" кабыл алышууда. Бүгүнкү күндө ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын укуктук актыларды бир түрдүү кол-

донуусу жана кабыл алуусу үчүн так стандарттар жана формалар жок.

Ошондуктан мыйзам долбоору ЖӨБдүн аткаруучу органдары өз компетенциясына кирген маселелер боюнча кабыл алган чечимдерди токтомдор жана буйруктар формасында белгилеп коюуну сунуштайт. Ал токтомдор жана буйруктар шаар мэри/айыл өкмөт башчысы кол койгон күндөн баштап күчүнө кирет.

Мындан тышкары өздөрү кабыл алган укуктук актыларды жокко чыгаруу боюнча ЖӨБдүн аткаруучу орган башчыларынын ыйгарым укуктарын толуктоо зарыл деп эсептейбиз. Мыйзамдарда мындай түрдөгү нормалардын болбогонунан улам көпчүлүк ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын башчылары өздөрү кабыл алган укуктук актыларды жокко чыгаруу боюнча чечим кабыл алууда ыйгарым укукка ээ болбогонун айтышат, же бул маселени соттук тартипте гана чечсе болот деп эсептешет.

Мыйзамдардагы карама-каршылыктарды болтурбоо жана аны иш жүзүндө туура колдонуу максатында “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 41-беренесинде 3-1-пунктун башка редакцияда баяндоону сунуштайбыз.

“КР ЧУА жөнүндө” КР Мыйзамынын 33-1-беренесине ылайык, ченем чыгаруучу органдар (кызмат адамдары) өз иштеринин эффективдүүлүгүн жана натыйжалуулугун аныктоо максатында КР Өкмөтү белгиленген тартипте өздөрү кабыл алган ченемдик укуктук актыларга туруктуу негизде мониторинг жана баалоо жүргүзүшөт.

Ченемдик укуктук актыларга мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө көз карандысыз эксперттер жана жарандык коомдун өкүлдөрү тартылат.

Ченемдик укуктук актылардын ишинин эффективдүүлүгү жана натыйжалуулугу төмөн болгонун тастыктаганы тууралуу маалымат аларга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, же коомдук мамилелердин ушул чөйрөсүн дагы да эффективдүү жөнгө салган жаңы ченемдик укуктук актыларды кабыл алуу үчүн негиз болуп эсептелет.

Мындай учурда шаардык кеңеш кабыл алган социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын эффективдүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна мониторинг жа баалоо жүргүзүү боюнча шаар мэриясына ыйгарым укуктарды берүү туура эмес болуп калат. Анткени шаардын СЭӨ жана калкты социалдык жактан коргоо программаларын шаардын мэриясы иштеп чыгат жана шаардык кеңеш бекиткенден кийин ишке ашырат. Мындай учурда мыйзам шаар мэриясын өзүнө мониторинг жана баалоо жүргүзүүгө милдеттендирет. Бул болсо максатка ылайыктуу эмес жана кабыл алынган мыйзамдын концепциясына карама-каршы келет.

Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 8-пунктунда “бир жолудан кем эмес” деген сөздү “бир жолу” деген сөзгө алмаштырууну сунуштайбыз. Анткени колдонуудагы нормада ЖӨБдүн аткаруучу органы жергиликтүү кеңештин алдында алты айда бир жолудан кем эмес отчет бере тургAmerica айтылат. Ушул норманы карманып, көпчүлүк жергиликтүү кеңештер аткаруучу органдын башчыларынан отчетту ай сайын, айрым жергиликтүү кеңештер квартал сайын талап кылышат. Бул болсо аткаруучу органдын ишине бир кыйла тоскоол болууда. Мындан улам аткаруучу орган жергиликтүү кеңешке отчетту жарым жылда бир жолу тапшырганы дагы оптималдуу жана максатка ылайыктуу болмок деп эсептейбиз.

“ЖӨБ жөнүндө” Мыйзамдын 41-беренесинде жана 47-беренесинде 3-1 жана 1-1-пункттарын иш жүзүндө туура колдонуу максатында тактап коюуну сунуштайбыз.

Мындай учурда ушул пунктка тиешелүү үч маселени тактоо зарыл:

1) айыл өкмөт башчысы кимдин алдында отчетту же маалыматты берет;
2) айыл өкмөт башчысы отчетту же маалыматты эл алдында берет;
3) калк айыл өкмөт башчысынын маалыматы менен кантип тааныша алат.

Биринчи маселе боюнча бир нерсени такташ керек: айыл өкмөт башчысы аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышынын жыйынтыгы тууралуу жергиликтүү жамаатка отчетту эмес, маалыматты берет. Б.а., калкка берет. Анткени айрым айыл өкмөттөрү муну ар башка чечмелей алышат.

Экинчи маселе боюнча бир нерсени такташ керек: айыл өкмөтү жергиликтүү жамаатка отчет эмес, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын аткарылышынын жыйынтыгы тууралуу маалымат берет. Ал эми айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчикти колдонуу, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү жана калкты социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы тууралуу жергиликтүү кеңешке жарым жылда бир жолу отчет берет. Берилген отчеттун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү кеңеш АӨ башчысынын отчетун канааттандыруу же канааттандырбоо тууралуу чечим кабыл алат. Эгерде АӨ башчысынын отчету канааттандырылбаса, жергиликтүү кеңештин депутаттары АӨ башчысына ишеним көрсөтпөй коё алат. Ушуну менен бирге жергиликтүү жамааттын айыл өкмөтүнүн отчетун канааттандырарлык эмес деп расмий таануу жана АӨ башчысына ишеним көрсөтпөө укугу мыйзамдарда көрсөтүлгөн эмес.

Үчүнчү маселе боюнча: калкка иш-чарага чейин жана андан кийин, айыл өкмөтүнүн аймактын СЭӨ программасынын аткарылышынын жыйынтыгы тууралуу маалымат берүү зарылчылыгы тууралуу жобону тактап, толуктоо керек. Б.а., жергиликтүү жамаатта маалымат менен таанышуу, ал боюнча кошумчаларды жана сунуштарды берүү үчүн

жеткиликтүүлүк болуш керек. Бул нерсе ушул нормада каралган эмес.

Конституциянын 111-беренесине жана "ЖӨБ жөнүндө" Мыйзамдын 6-беренесине ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутумун төмөнкүлөр түзөт:

1) жергиликтүү кеңештер (айылдык, шаардык, райондук) - өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары;
2) айыл өкмөтү, шаарлардын мэриялары - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары.

Ушуну менен айрым маселелер боюнча мыйзамдардын талаптары шаар мэриясы үчүн да, айыл өкмөтү үчүн да тең өлчөмдө белгилениш керек. Анткени мыйзамдарда шаардык жана элеттик муниципалитеттерге бирдей статус берилген.

Буга байланыштуу “ЖӨБ жөнүндө” Мыйзамдын 50-беренесинде айыл өкмөт башчысына шайлангандан кийин үч айдын ичинде аймактын социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын долбоорун айылдык кеңешке берүү тууралуу ыйгарым укук ыйгарууну сунуштайбыз.

ЖӨБдүн айрым өкүлчүлүктүү органдарында жергиликтүү кеңештин кээ бир депутаттары туруктуу комиссиялардын курамына киргүдөн жана алардын ишине катышуудан баш тартып келет. Анткени Мыйзамдын 7-беренесиндеги талапты аткарууга милдеттүү эмес деп эсептешет. Буга байланыштуу “Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” КР Мыйзамынын 7-беренесинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын милдеттерин тактап, алар тиешелүү туруктуу комиссиялардын курамына милдеттүү түрдө кирип, депутаттык ишин аткарышы керектигин белгилеп коюуну сунуштайбыз.

“Кыргыз Республикасындагы ченемдик укуктук актылар жөнүндө” КР Мыйзамынын 22-23-беренелеринин талаптарына ылайык, кабыл алынган ЧУА гана эмес, ошону менен бирге ЖӨБдүн өкүлчүлүктүү органдарынын ЧУА долбоорлору да коомдук талкууга коюлуш керек. Бул болсо ЧУА долбоорунун текстин жарыялоо жана ага жергиликтүү жамааттын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо аркылуу ишке ашат.

ЧУА долбоорлорун коомдук талкууга коюу мөөнөтү жарыяланган күндөн тарта бир айдан кем эмес болот. Ушуну менен бирге Мыйзам ЧУА долбоорлорун ЖӨБ органдарынын, мамлекеттик органдардын расмий сайттарында, же жергиликтүү гезиттерде жарыялоону талап кылат.

Бул маселе кабыл алынган ЧУАны жарыялоого, аны менен катар кабыл алынган ЧУАны мамлекеттик органдардын, ЖӨБ органдарынын расмий сайттарында жана жергиликтүү ММКда жарыялоого да тиешелүү.

Анткен менен ЖӨБ органдарынын, маморгандардын расмий веб-сайттарында, жергиликтүү ММКда ЧУА долбоорлорун же кабыл алынган ЧУАнын текстин жарыялоо ачыкка чыгаруунун максатына толук кандуу жетпейт. Б.а., жергиликтүү калкка өз сунуштарын киргизүү же иш жүзүндө колдонуу үчүн кабыл алынган ЧУАнын тексти менен таанышып чыгуу мүмкүнчүлүгүн бербейт.

Анткени бардык эле райондордо интернет байланыш боло бербейт. Ошондой эле калктын басымдуу бөлүгү алыскы аймактарда жана бийик тоолуу райондордо жайгашкандыктан компьютердик техника менен колдонууга мүмкүнчүлүгү жок. Мындан тышкары ЖӨБ органдарына веб-сайтты ачып, аны талаптагыдай деңгээлде улам жаңылап туруу үчүн кошумча чыгымдар жана штаттык кызматкер зарыл. Муну болсо көпчүлүк дотациядагы ЖӨБ органдары жасай албайт. Атүгүл облустук жана райондук гезиттер адатта айына эки жолу гана чыгып турат. Алар алыскы муниципалитеттерге жакшы дегенде 5-10 күндөн кийин жетет.

Буга байланыштуу ЖӨБ органдарынын мүмкүнчүлүктөрүн жана ресурстарын эсепке алып, ошондой эле жарандардын маалыматка жеткиликтүүлүгүн камсыздап, кабыл алынган ченемдик укуктук актыларды жана алардын долбоорлорун расмий жарыялоонун жолдорун жакшыртуу боюнча тапшырманы толук кандуу аткаруу үчүн бул документтердин тексттерин жергиликтүү кеңеш аныктаган атайын жерлерге (маалымат такталарына, стенддерге) жайгаштыруу керек.

Бул ыкма жергиликтүү калктын кабыл алынган же кабыл алынууга даярдалып жаткан ченемдик укуктук актыларына чындап жетүүсүн камсыздап, маалымдуулукту жакшыртып, ЖӨБ органдарынын убактысын жана ресурстарын үнөмдөйт.

# Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине кол коюлду

2016-жылдын 16-майында Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаев Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексине жана “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына кол койду. Бул мыйзамдар бюджеттик процессти оптималдаштырууга жана өлкөнүн бюджеттик мыйзамдарын өркүндөтүүгө багытталган.

Бюджеттик кодекстин кабыл алынуусу менен бюджеттик чөйрөдөгү бардык мыйзамдар биринчи жолу бирдиктүү кодекске бириктирилди жана буга чейинки карама-каршылыктар жоюлду.

Бюджеттик кодекс мыйзамдардагы ар башка болуп калган нормаларды олуттуу түрдө кайра иштеп чыгуу жана бирдиктүү ченемдик комплекске чогултуу, бирдиктүү коддолгон мыйзам чыгаруу актысын кабыл алуу зарылчылыгына байланыштуу даярдалган. Ал мыйзам чыгаруу актысы өлкөнүн бюджеттик мыйзамдарынын негизи болуп калат.

Кыргызстандын бюджеттик процессин дүйнөлүк стандарттарга жакындатуу жана прогрессивдүү жаңычылдыкка адаптациялоо үчүн бюджеттик процессти оптималдаштыруу жана бюджеттик мыйзамдарды өркүндөтүү Бюджеттик кодексти иштеп чыгуунун максаты болуп эсептелет.

Бюджеттик кодекс республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди, бюджеттик инвестицияларды, мамлекеттик жана муниципалдык карызды, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун бюджеттерин түзүү, карап чыгуу, бекитүү, тактоо жана аткаруу процессинде мамлекеттик финансыны башкаруу чөйрөсүндө пайда болгон мамилелерди укуктук жактан жөнгө салуунун негиздерин белгилейт. Ошондой эле бюджеттик процесстин катышуучуларынын статусун жана бюджеттик мыйзамдарды бузганы үчүн жоопкерчиликтин укуктук негиздерин аныктайт.

Бюджеттик кодексти кабыл алуу менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бюджеттик мыйзамдарды өркүндөтүү өңдүү стратегиялык тапшырманы аткарууда. Ал тапшырма – эффективдүү ачык-айкын бюджеттик системаны түзүү, аны экономикалык өсүшкө дем берүүгө багыттоо, бюджеттик чыгашалардын натыйжалуулугу жана мамлекеттин өз функцияларын эффективдүү ишке ашыруусу.

Бюджеттик мыйзамдарды андан ары реформалоо максатында Бюджеттик кодекске төмөнкүдөй негизги багыттар киргизилген:

- жарандардын бюджеттерди түзүү маселелерин талкуулоого ачык катышуусун жана бюджеттерге мониторинг менен көзөмөл жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо, бул укукту ченемдик акты менен бекитүү;
- КР Жогорку Кеңештин контролдук ыйгарым укуктарын күчөтүү;
- республиканын бюджеттик системасындагы бюджеттерди түзүүгө, бекитүүгө жана аткарууга карата негиз салуучу талаптарды жана бюджеттик принциптерди киргизүү;
- бюджеттик системаны, бюджеттик процессте колдонулган аныктамаларды жана терминдерди, бюджеттерди түзүү жана аткаруу жолжоболорун так регламенттештирүү;
- бюджеттик пландоонун негиз салуучу механизмдерин, ошондой эле жыйынтыкка багыт алган программалык-максаттуу бюджеттөөнү киргизүү;
- бюджеттик процесстин айкындуулугун камсыздоо жана бюджетти түзүү, аткаруу циклдеринде коррупциялык көрүнүштөрдү азайтуу;
- жөнгө салуунун айкын аспаптары бар бюджеттер аралык мамилелердин эффективдүү системасын түптөө;
- ролдорду жана ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү, бюджеттик процесстин катышуучуларынын жоопкерчилигин бекитүү;
- бюджеттер ортосунда чыгымдоочу милдеттенмелерди бөлүштүрүү;
- региондордун ырааттуу өнүгүүсү;
- өнүгүү максатына багыт алган бюджеттик инвестицияларды аныктоо.

Бюджеттик кодекске киргизилген төмөнкү багыттарды бөлүп кароо да өтө зарыл:

- мамлекеттик карыздын чоңдугун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эл аралык көрсөткүчтөрдү эсепке алуу менен аныктайт;
- мамлекеттин финансы милдеттенмелерин өзгөртүү, республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттердин чыгашаларын көбөйтүү, же анын ресурстарын кыскартуу тууралуу мыйзамдардын долбоорлору Өкмөттүн макулдугу менен гана кабыл алынат деген норма так аныкталды;
- атайын каражаттарды эсептөө системасы реформаланды. Мындан ары алардын курамына Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен тизмек боюнча аткарылган жумуштардан жана кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган каражаттар гана кошулат;
- сот системасынын жана Кыргыз Республикасынын Эсеп палатасынын бюджеттерин түзүүнүн өзгөчөлүктөрү каралды;
- Милдеттүү социалдык камсыздандыруу фондунун бюджети өз алдынча болуп калды жана мындан ары Кыргыз Республикасынын өзүнчө мыйзамдары менен бекитилет.

Бюджеттик кодекс 2017-жылдын 1-январынан тарта “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен күчүнө кирет. Бирок бул Мыйзамдын 87-беренеси (“Бюджеттик программалардын эффективдүүлүгүн баалоо”) гана 2018-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кирет.

“Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен Кыргыз Республикасынын 4 негизги Мыйзамы күчүн жоготту деп таанылат. Алар: “Кыргыз Республикасында бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө”, “Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын Казыналыгынын негизги жоболору жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана мамлекеттик эмес карыздары жөнүндө” мыйзамдары. M

# "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" ДОЛБООРУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

**Нургүл ЖАМАНКУЛОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси



# Грант алган муниципалитеттердин өкүлдөрү мамлекеттик сатып алууларды башкаруу боюнча семинарга катышты

2016-жылдын апрель айында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Окуу борборунда Чүй облусунун 17 муниципалитетинин өкүлдөрү беш күндүк милдеттүү окууга катышты. Бул 17 муниципалитет Чакан гранттар программасынын конкурсунда жеңип алышкан эле. Окуулар мамлекеттик сатып алууларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык уюштуруу жана өткөрүү процесстерине үйрөтүү максатын көздөдү. Анткени жеңүүчү муниципалитеттер 1 миллион сомдон кем эмес суммага гранттык долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында сатып алууларды жүзөгө ашырышмакчы.

Конкурста жеңүүчү деп табылган долбоорлорду ишке ашыруунун катышуучулары болуп эсептелген айыл өкмөт башчылары, финансы, турак жай-коммуналдык чарбачылык боюнча адистер, бухгалтер-кассирлер жана башка адистер «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзам, мамсатып алуулар процессинин жол-жоболору, сатып алынуучу товарлардын сапатына болгон талаптар, техникалык өзгөчөлүктөрүн иштеп чыгуу, алардын максаттары жана тапшырмалары менен таанышып чыгышты.

Тренер Жылдыз БАЗАКЕЕВАнын айтымында, катышуучулардын алдында жеңил эмес милдет турду – алар беш күндүн ичинде өтө чоң көлөмдөгү маалыматты өздөштүрүүгө тийиш эле. “ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун конкурсунда утуп алган муниципалитеттердин өкүлдөрүн биз эки тараптуу Кызмат-





таштык тууралуу меморандумдун алкагында окуттук, - деди тренер. – Биздин программага ылайык, беш күндүн ичинде катышуучулар мыйзам чыгаруу чөйрөсүндөгү мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн жол-жоболоруна карата талаптарды үйрөнүшүп, семинардын жүрүшүндө алган билимин иш жүзүндө колдонушту. Биз катышуучуларга реалдуу сандарды жана кырдаалдарды мисал катары бердик. Семинардын төртүнчү күнүндө катышуучулар электрондук мамлекеттик сатып алуулар порталында иштегенди, конкурстук документтерди даярдаганды жана мамсатып алуулар планын түзгөндү үйрөнүштү. Семинардын жыйынтыгында катышуучулар бул чөйрөдөгү арыздарды жана даттанууларды кароо механизмдери менен таанышып чыгышты".

Окуу иш-чараларынын натыйжасын, алынган билим канчалык өздөштүрүлгөнүн аныктоо, мамсатып алууларды өткөрүү процессинде терс кесепеттерди болтурбоо максатында бардык катышуучулар тест тапшырышты. Ошонун негизинде гана сертификаттар тапшырылды. Катышуучулар семинардын материалдары бир кыйла татаал, бирок пайдалуу болгонун белгилешти.

"Ушундай семинарды биз үчүн уюштуруу жакшы идея болду. Анткени "Биз таза аймак үчүн" аттуу чакан долбоорубузду ишке ашырганы турабыз жана алдыда бир топ иштер жасалыш керек. Бул долбоордун алкагында таштанды менен күрөшүүнү пландап жатабыз, - деп айтты Жайыл районунун Ак-Башат АӨ финансы-экономикалык бөлүмүнүн жетекчиси Жыпара ШАРШЕКЕЕВА. – Биздин долбоор айылдык аймактын чегинде таштанды жыйноо жана чыгаруу боюнча шарт түзүүгө багытталган. Биз муну атайын техниканы сатып алып, таштандыны тазалоо аркылуу ишке ашырганы жатабыз. Эми ошол атайын техниканы сатып алуунун жүрүшүндө канткенде баарын мыйзам чегинде жана туура жасаш керектигин билип калдык".

# "Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" Окуу материалдарынын топтому тартууланды

Китептин бет ачары 2016-жылдын 1-апрелинде Өнүктүрүү саясат институтунун кеңсесинде өттү.

"Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу" Окуу материалдарынын топтомунун (ОМТ) бет ачарына борбор калаадагы жогорку окуу жайлардын 20дан ашуун өкүлү катышты.

Иш-чаранын жүрүшүндө бардык катышуучуларга кыргыз жана орус тилдеринде даярдалган беш практикалык окуу китебинин нускалары тартууланды.

ОМТ авторлорунун тобунун жетекчиси, Өнүктүрүү саясат институтунун Башкаруу төрайымы Надежда ДОБРЕЦОВАнын айтымында, катышуучуларга жергиликтүү жамааттар, студенттер жана башка кызыкдар адамдар менен иштөө үчүн кошумча көчүрмөлөрүн алууга буюртма жасоо мүмкүнчүлүгү берилди.




“Жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуусу” Окуу материалдар топтому жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугун ишке ашырууга умтулган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрүнө арналган, - деп айтып берди Надежда ДОБРЕЦОВА. – 2016-жылы топтом Кыргыз Республикасынын элеттик муниципалитеттеринин тажрыйбасына негизделген беш практикалык жана методикалык окуу китептеринен турат жана алар төмөнкү маселелерге арналган:

- ЖӨБ органдарынын жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча чечим кабыл алуу процессинде жергиликтүү жамааттын артыкчылыктарын эсепке алуу (ISBN 978-9967-11-502-6);
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жергиликтүү жамааттын жана ЖӨБ органдарынын бирдиктүү аракеттерин пландаштыруу (ISBN 978-9967-11-534-7);
- коомдук иш-чаралар (чогулуштар, жыйындар жана коомдук угуулар) жарандардын ЖӨБго катышуусунун формасы катары (ISBN 978-9967-11-509-5);
- жергиликтүү жамааттын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердигине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүүсү (ISBN 978-9967-11-507-1);
- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси (ISBN 978-9967-11-535-4).

Топтом кийинки жылдары жаңы окуу практикалык материалдар менен толукталып калышы ыктымал. ОМТ жарандардын Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна катышуу моделине негизделген (ЖЖӨБК модели). ЖЖӨБК модели – бул КР мыйзамдарында каралган иш-чаралардын комплекси. Ал бир жагынан ЖӨБ органдарына жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча жергиликтүү жамаат алдында отчет берүүгө, жарандарды коомдук мааниге ээ болгон чечимдерди кабыл алууга, анын ичинде жергиликтүү ресурстарды бөлүштүрүүгө тартууга түртөт. Экинчи жагынан жарандарга жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышууга болгон конституциялык укугун ишке ашырууга жол берет”.

ОМТ Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана укук колдонуу практикасына, анын ичинде жергиликтүү жамааттын Типтүү уставынын жоболоруна негизделген. Бардык окуу китептери басма жана электрондук түрүндө берилген документтердин формалары жана мисалдары менен коштолгону ОМТнын практикалык баалуулугун түзөт. Электрондук тиркемелер окуу китептеринин темалары боюнча маселелерди жөнгө салган негизги ченемдик укуктук актылардын толук тексттерин да камтыйт.

Бул басылма Швейцария өкмөтү менен Британиянын Эл аралык өнүктүрүү боюнча министрлиги кызматташтыкта каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту ишке ашырган “Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун финансылык колдоосу алдында чыкты.



# Муниципалдык сайт: ал канчалык зарыл?



Ушул жана башка суроолор Чүй облусунун максаттуу муниципалитеттеринин жамааттары менен жумушчу жолугушуулар маалында талкууланды.

Жолугушуулар муниципалдык сайттарды түзүү жана бул багытта тааныштыруу иштерин жүргүзүүгө карата жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын пикирлерин билүү максатында уюштурулду. Жолугушууларга айыл өкмөт башчылары, айылдык кеңештердин төрагалары жана депутаттары, жооптуу катчылар жана келечекте сайтта иштей турган башка кызматкерлер катышты.

“Мунун алдында, 2016-жылдын февралында ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун адистери бардык 12 муниципалитетте – Долбоордун өнөктөштөрүнүн арасында сурамжылоо жүргүзгөн эле. Сурамжылоо калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу ортосунда маалымат алмашуу иштерин камсыздоо жана жакшыртуу, ошондой эле маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө мыйзамдын талаптарын аткаруу үчүн маалымат такталарынын жана муниципалдык сайттын зарылчылыгын аныктоо максатында жүргүзүлгөн, - деп түшүндүрдү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси Нургүл ЖАМАНКУЛОВА. – 12 муниципалитеттин ичинен үчөө гана келечекте муниципалдык сайтты күтүүгө мүмкүнчүлүгү болгонун тастыктаган”.

Гроздь, Юрьевка жана Кызыл-Туу айылдык аймактарындагы жолугушуулардын жүрүшүндө ЖӨБ органдары муниципалдык сайттын турмуштук цикли, ЖӨБ органдарынын өз ишиндеги айкындуулукка жана ачыктыкка жетүү жана муну камсыздоо аспабы катары ага карата коюлган талаптар тууралуу маалымат алышты. Мындан тышкары ар бир муниципалитеттин максаттуу аудиториясын изилдөө менен ыктымал сайттардын болжолдуу структурасы да талкууга алынды.

Ысык-Ата районунун Юрьевка айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы Бек ЖЕКШЕМБИЕВдин баамында, муниципалдык сайт жергиликтүү бюджет тууралуу маалыматты жарыялоодо жана “ЖӨБ органдарынын карамагында болгон маалыматка жеткиликтүүлүк жөнүндө” КР Мыйзамынын талаптарын аткарууда мыкты аспап болуп бермек.

“Эгерде өз сайтыбыз болсо, биз аны талаптагыдай кармоо үчүн болгон аракеттерди жасамакпыз. Биздин аймактын коомдук иш-чаралары маалында тартылган сүрөттөрдүн бай архиви бар. Эгерде сайтка жаңылыктарды, бюджетти, муниципалдык менчик тууралуу маалыматтарды жана башкаларды жайгаштыра турган болсок, анда биздин дарекке карата шектенүүлөр болмок эмес. Сайтты иштетүү процессин көзөмөлдөп, аны кароосуз калтырбаш үчүн сайтты башкаруу боюнча семинарга өзүм катышууга даярмын. Анткени өз кызматкерлеримен бир нерсени талап кылаардан мурда, биринчи кезекте бул маселеден өзүм кабардар болушум керек да!” – деди ал.

Бул жолугушуулардын жыйынтыгы боюнча конкурстук негизде аткаруучу тандалып алынат. Ал ар бир муниципалитет үчүн муниципалдык сайттарды түзүүгө тартылат.



# Долбоорлорго биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү: бул кантип ишке ашат?

26-апрелде Чүй облусунун Кант шаарында жана Беловодск айылында “Долбоорлорго биргелешкен мониторинг жана баалоо жүргүзүү” темасына бир күндүк окуу иш-чаралары өттү.

Окууга Чакан гранттар программасы-2016 конкурсунун жеңүүчүлөрү деп табылган 17 муниципалитеттин 70ке жакын өкүлү катышты. Булар 20-апрелде бир миллион сом көлөмүндө гранттык жардам алууга сертификатка ээ болушкан.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун алкагында уюштурулган окуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аткарган инвестициялык долбоорлорго мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн жол-жоболору менен тааныштыруу максатында өткөрүлдү. Тренингдерге төмөнкү маселелер кирди: техникалык көзөмөл; мониторингди өткөрүүнүн этаптары; мониторингдин планы; мониторингдин иш-чаралары, индикаторлору, мониторинги, маалымат булактары, БМжБ тобунун документтери, инвестициялык долбоордун жыйынтыктарына канааттануу; долбоордун жыйынтыктарынын туруктуулугуна мониторинг жүргүзүү.

# Чүй облусундагы 12 муниципалитеттин өкүлдөрү жергиликтүү деңгээлде мониторинг жана баалоо системасы боюнча окуудан өтүштү



2016-жылдын 22-мартынан 19-апрелге чейинки мезгил аралыгында Чүй облусунун 12 муниципалитетинин аймагында жана Бишкек шаарында “Жергиликтүү деңгээлде мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасы” темасына тренингдер өткөрүлдү.

Тренингге Чүй облусундагы элеттик муниципалитеттердин айыл өкмөт адистери, демилгелүү топтордун лидерлери, биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун мүчөлөрү, жергиликтүү кеңештин депутаттары, ТСКАКБ, СПА уюмдарынын мүчөлөрү, жана Бишкек шарынын жарандык коом уюмдарынын өкүлдөрү катышты.

“Бул тренингдерди муниципалитет өкүлдөрүн





мындан ары коомдук мониторинг жана баалоону өз алдынча өткөрүүгө үйрөтүү максатында уюштурдук, - деп айтып берди тренер Медет СУЛТАМБАЕВ. – Иш-чаралар үч негизги багыт боюнча өткөрүлдү:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жергиликтүү жамааттын биргелешкен аракеттер планы;
- жергиликтүү деңгээлдеги кызмат көрсөтүүлөргө калктын канааттануусу;
- бюджет айкындуулугу.

Мындан тышкары Швейцария Өкмөтү каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун максаттуу муниципалитеттеринин өкүлдөрү менен кошо тренингдерге Чүй облусундагы катардагы башка муниципалитеттердин өкүлдөрүн да чакырдык”.

Тренингдер 1,5 күнгө созулуп, катышуучулар кызмат көрсөтүүлөргө мониторинг жана баалоо жүргүзүүнүн, биргелешкен аракеттер планынын жана бюджет айкындуулугунун аспаптары менен таанышты. Тренинг маалында колдонулган окуу усулдары жарандардын бюджеттик процесске катышуу моделинин негизинде иштелип чыккан. Ал эми бул моделди Өнүктүрүү саясат институту Жалал-Абад жана Ысык-Көл облустарындагы пилоттук муниципалитеттерде сынаган эле.

Тренингдер жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жергиликтүү жамааттардын жигердүү өкүлдөрү үчүн уюштуруучулар чыгарган эки окуу китебинин базасында өткөрүлдү. Бул окуу китептери өзүнүн конституциялык укугун ишке ашырууга – жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыгында жана өз жоопкерчилиги алдында өз алдынча чечүүгө умтулган ЖӨБ органдарына жана жергиликтүү жамааттарга багытталган. Бул китептер “Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун бюджеттик процессине катышуусунун аспабы катары Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси” жана “Жергиликтүү жамааттар тарабынан жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине пландуу мониторинг жана үзгүлтүксүз баалоо жүргүзүү” деп аталат.

“Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индексин баалоо методикасы бюджет айкындуулугунун эл аралык стандарттарына негизделген, - деп айтты БАМИ боюнча окуу китебинин кошо автору, тренер Назира ТЮЛЮНДИЕВА. – Аны колдонуу мамлекеттен жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан чыгашаларды талап кылбай турганы негизги артыкчылыгы болуп эсептелет. Анын үстүнө индексти эсептөө өкмөт тараптан атайын аракеттерди жана координациялоону талап кылбайт”.

Эскерте кетсек, КР Финансы министрлигине караштуу Координациялык кеңеш жактырган Бюджет айкындуулугунун муниципалдык индекси методикасы биргелешкен мониторинг жана баалоо топторуна, башка коомдук уюмдарга жергиликтүү деңгээлде бюджеттин айкындуулугун үч өз ара байланыштагы багыттар боюнча баалоого мүмкүнчүлүк берет. Ал багыттар: бюджеттик документтердин курамы, толуктугу жана көрсөтмөлүүлүгү; бюджеттик маалыматтын калк үчүн жеткиликтүү болушу (жарандар арасында маалыматтарды жайылтуунун ыкмалары жана бул иштин натыйжалуулугу); жарандардын бюджеттик процесске катышуусу.

Тренингдин соңунда биргелешкен мониторинг жана баалоо топтору БжМ пландарын түзүп, 2016-жылдын ичинде ошол план боюнча иштейт деп пландалууда. Ушуну менен бирге пландар муниципалитеттерде иштелип чыккан жана бекитилген жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Биргелешкен аракеттер пландарынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүүгө багытталган.

Тренингдин жүрүшүндө катышуучуларга 2016-жылы өткөрүлө турган конкурстар тууралуу маалымат берилди. Алар: “Жергиликтүү демилге-2016”, “2017-жылга жергиликтүү бюджетти түзүүгө жарандардын реалдуу катышуусу” жана “Жарандарды бюджеттик процесске тартууда жарандык коом уюмдарынын (БӨУ) ролу”. Бул конкурстар жарандарды, анын ичинде жарандык коом уюмдарын (БӨУ) бюджеттик процесске жана жеринде чечим кабыл алуу процессине жигердүү катышууга шыктандыруу максатын көздөйт. Үч конкурстун жалпы байге фонду 900 миң сомго жакын болот.

# Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен ишке ашырылган долбоорлорду кабыл алуу, тандоо боюнча автоматташтырылган система менен кантип иштеш керек



2016-жылдын 24-майынан 10-июнуна чейин Жалал-Абад, Ысык-Көл жана Чүй облусунун аймагында үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду кабыл алуу, каттоо жана тандоо боюнча автоматташтырылган система менен иштөө боюнча тренингдер өттү. Тренингдерге элеттик жана шаардык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шаардык кеңештердин, райондук администрациялардын жана райондук финансы бөлүмдөрүнүн үч жүзгө жакын өкүлү катышты.

КР Финансы министрлиги 2016-жылдын 1-кварталында "Үлүштүк (дем берүүчү) гранттар" беренеси боюнча долбоорлорду кабыл алуу, каттоо, тандоо боюнча автоматташтырылган системаны иштеп чыккан. Система республика боюнча пилоттук режимде ишке берилди. Пландалган тренингдер жогоруда аталган үч облустун ЖӨБ органдарынын жана маморгандарынын өкүлдөрүнө үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен Кыргыз Республикасынын шаардык жана айылдык аймактарынын инфраструктурасын жакшыртууга өтүнмөлөр, анын ичинде өтүнмөлөрдү берүүнүн автоматташтырылган жол-жобосу менен тааныштырып, билим берип, көндүмдөргө үйрөтүү максатын көздөдү.

КР Финансы министрлигинин Дем берүүчү гранттар бөлүмүнүн башкы адиси Болот КАСЫМОВдун айтымында, окуунун жүрүшүндө катышуучуларга Өкмөттүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 "Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө жобону жана Долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча нускаманы бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык долбоорлорду ишке ашыруунун жаңы тартиби тууралуу маалымат берилди. "Буга кошумча биз долбоорлорду каржылоонун тартибин жана жол-жоболорун карап чыгып, долбоордун тибине жараша документтердин тизмегин талкууладык. Ишке ашыруу процессинде долбоорлорго мониторинг жана баалоо жүргүзүү системасы маселесин да өзүнчө карадык", - деди Болот КАСЫМОВ.



# Коомдук бюджеттик угууларды кантип өткөрүш керек?

2016-жылдын 18-майынан 23-майына чейин Чүй облусундагы муниципалитеттердин 80ден ашуун өкүлү “Коомдук бюджеттик угуулар айкындуулуктун жана ачыктыктын аспабы катары” темасына окуудан өтүштү. Окууга айыл өкмөт жана шаар башчылары, финансы-экономикалык бөлүмдөрдүн жетекчилери, Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) топторунун мүчөлөрү жана облус аймагындагы жергиликтүү кеңештердин бюджет боюнча туруктуу комиссияларынын депутаттары катышты.

Тренингдер бюджет боюнча коомдук угууларды натыйжалуу пландоо жана сапаттуу өткөрүү боюнча көндүмдөргө үйрөтүү жана кошумча билим берүү максатында уюштурулду.

“Бюджет жергиликтүү өз алдынча башкаруу чыгарган маанилүү саясий документтердин бири болуп эсептелет, - дейт Долбоордун муниципалдык финансы боюнча адиси Азамат МАМЫТОВ. – Бюджетти түзүү жана бекитүү процесси жарандардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын расмий адамдарынан бюджет кантип кабыл алынып, аткарылып жатканын түшүнүүсүн талап кылат. Биздин тренингдердин учурунда катышуучулар коомдук угуулардын максаттары жана тапшырмалары, коомдук бюджеттик угуулардын аракеттеринин ырааттуулугу менен таанышып, бюджеттин кыскача сүрөттөлүшүн иштеп чыгып, иш-чарага чейинки жана андан кийинки маалымат өнөктүгүнүн маанисин жана аны өткөрүүнүн усулдарын үйрөнүштү. Мындан тышкары катышуучуларга алган билимин практикада өз алдынча көрсөтүп берүү мүмкүнчүлүгү берилди. Аны менен катар алар практикалык тапшырмаларды аудиторияга алып чыга тургандай аткарышты”.




# Коомдук угууларга кантип катышса болот?

2016-жылдын 11-майынан 20-майга чейинки мезгил аралыгында Чүй облусунун 12 максаттуу муниципалитетинин аймагында “Жарандардын бюджеттик процесске катышуусу” темасына бир күндүк окуу тренинги өттү. Окууга Чуй облусундагы элеттик жана шаардык муниципалитеттеринин 200дөн ашуун өкүлү катышты. Алардын арасында айыл өкмөттүн адистери, жергиликтүү кеңештердин депутаттары, айыл старосталары, ошондой эле демилгелүү топтордун, Биргелешкен мониторинг жана баалоо (БМжБ) топторунун мүчөлөрү да бар.

Тренингдер жамааттын активисттеринин бюджеттик процесске натыйжалуу катышуу дараметин жогорулатуу максатында уюштурулду.

“Тренингдердин жүрүшүндө катышуучуларга жергиликтүү бюджет эмнеден турары, кандай салыктар жана жыйымдар бар болгону, алар кантип чегерилери жана бөлүштүрүлөрү тууралуу маалыматтар берилди, - деди Долбоордун жарандык катышуу боюнча адиси Анара МУСАЕВА. – Ошондой эле биз төмөнкү суроолорго да жооп издедик: жамаат бюджеттик процесске кантип катыша алат? Бюджеттик процесстин катышуучуларынын ролу кандай? Жергиликтүү жамаат бюджеттик процесске кандай таасирин тийгизе алат?





# Жаш изилдөөчүлөр: Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу – келечеги бар!

**Нургүл ЖАМАНКУЛОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун коомчулук менен байланыш боюнча адиси

2016-жылдын 26-майында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында “Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу: учурдагы абалы жана келечеги” темасына жогорку окуу жайлар арасында жаш изилдөөчүлөрдүн II илимий-практикалык конференциясы өттү.

Конференция болочок башкаруучулардын көңүлүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүнө буруга багытталган комплекстүү өнөктүктүн финалдык иш-чарасы болуп калды. Өнөктүк үч этап менен өткөрүлгөн. Алгач Өнүктүрүү саясат институтунун адистеринин жана тартылган эксперттеринин аракеттери менен өлкөнүн ЖОЖдорунда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жергиликтүү жамааттын өнүгүүсүнө арналган ачык лекциялар өттү. Андан кийин жаш изилдөөчүлөрдүн докладдарына конкурс жарыяланды: “2015-жылдын октябрь жана ноябрь айларында конкурска катышууну каалаган студенттер жана жаш окумуштуулар үчүн уюштуруучулар өлкөнүн жети жогорку окуу жайында ачык лекцияларды өткөрүшкөн. Бул лекцияларга миңден ашуун адам катышкан болчу, - деп айтып берди конкурс-ту жана конференцияларды өткөрүү үчүн жооптуу болгон “Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс” Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) муниципалдык кызмат боюнча адиси Нурдин КУМУШБЕКОВ. – Лекцияларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө чоң практикага жана тажрыйбага ээ болгон Өнүктүрүү саясат институтунун адистери жана эксперттери өткөрдү. Баары болуп конкурска 27 доклад түштү. Купуялуулукту сактоо максатында Конкурстук комиссиянын мүчөлөрүнө докладдарды жибердин алдында биз докладдын авторлорунун аты-жөнүн жашырып койдук. Башкача айтканда, комиссиянын бир дагы мүчөсү доклад-дын автору ким болгонун, атүгүл кайсы ЖОЖдон келгенин да билген жок. Конкурс болочок башкаруучулардын көңүлүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасына, бул чөйрөдөгү көйгөйлөргө жана анын келечегине буруу максатында уюштурулду. Докладдарды кароо процессинде “Антиплагиат” программасы колдонулду. Бул программа буга чейин жарыяланган булактардан жарым-жартылай же толугу менен көчүрүлүп алган эмгектерди аныктоого жардам берди. Албетте мындай докладдар конкурска катыштырылган жок”.

Конкурстук комиссия докладдарды тандап алып, конференцияга өз доклады менен чыга турган талапкерлерди аныктады. Докладдардын багыттары төмөнкүдөй болду:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун уюштуруучулук-укуктук негиздери;





- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ресурстары жана ишинин жыйынтыктары;
- муниципалдык кызмат (жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кадрлары);
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коомдун өнүгүүсүндөгү ролу.

Конференция баяндамачылар өз биографиясына белги коюу үчүн гана иш жүзүндө өздөрү үчүн доклад жасаган "дүжүр" зериктирүүчү иш-чарага айланган жок. Бул жолу конференция аудитория алдында докладды чындап коргогон иш-чарага айланды. Эч бир доклад курч суроолордон жана кызуу талкуулардан четте калган жок. Айрым бир учурларда баяндамачыларга оңой болгон жок – компетенттүү жана татаал суроолор аларды туңгуюкка кептемек, кээде окутуучулар жана илимий жетекчилер изденүүчүлөргө жардамга да келип жатышты. Баса, докладдардын илимий жетекчилери активдүүлүк жана жоопкерчилик көрсөтүп, жаш изилдөөчүлөргө сөз сүйлөөгө даярданууга гана жардам бербестен, ошону менен бирге конференцияга да келип беришти. Жергиликтүү кеңештердин өнүгүүсүн колдоого, жаш адистерди муниципалдык кызматка тартууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу деңгээлинде социалдык коргоону жана кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүүгө, объекттерди муниципалдык менчикке кайтарууга, ЖӨБ органдарында иштөө пайдасына кесип тандоодо жаш кадрлар үчүн мотивация жана дем берүү усулдарына арналган докладдар бир топ суроолорду жаратты.

Техникалык себептерден улам уюштуруучулар ачык лекцияларды өткөрө албаса да, аймактык жогорку окуу жайлардын жигердүү катышуусу конференциянын дагы бир өзгөчөлүгү болуп калды. Буга карабастан конкурска катышкан алты ЖОЖдун үчөө регионалдык болуп калды – Ош технологиялык университети, Ысык-Көл жана Нарын мамлекеттик университеттери.

Докладдар жана сөз сүйлөөлөр аяктагандан кийин Кыргыз Республикасынын түрдүү ЖОЖдорунун жаш изилдөөчүлөрү, студенттери жана окутуучулары, ошондой эле маморгандардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү өлкөдөгү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун учурдагы абалын жана келечегин талкуулашты. Баяндамачылардан түшкөн сунуштар да каралып, талкууга алынды.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматынын муниципалдык кызмат өтөө бөлүмүнүн башчысы, конкурстук комиссиянын мүчөсү Калыбек АЛЫШБАЕВ баяндамачыларга жана алардын илимий жетекчилерине материалдарды даярдоодо жасаган эмгектери үчүн ыраазычылыгын билдирди: "Силердин докладдарыңардан биздин өлкөдөгү жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө чын дилиңерден күйүп жатканыңарды сездим. Ооба, айрым докладдардын үстүнөн дагы иштеп чыгыш керек, аларды жакшыртып, тактоо зарыл. Келечекке кеңеш бергим келет: өтө кылдаат мамиле жасап, булактарыңарды бир нече жолу текшерип чыгууңарды өтүнөт элем. Анткени мыйзамдарды, токтомдорду, актыларды жана башка ченемдик, расмий документтерди, изилдөөлөрдү, отчетторду жана башка материалдарды бурмалоо докладыңыздын баалуулугун азайтып коёт".

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын Башкаруу боюнча Жогорку мектебинин директору Салия СЕЙДАХМАТОВА да бардык катышуучуларга активдүүлүгү үчүн ыраазычылыгын билдирди: "Биздин Академия Өнүктүрүү саясат институту менен биргеликте бул ишти улантат. Анткени конкурс аркылуу биз ЖӨБ чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү аныктап, аларды чечүүгө жаш адистерди кызыктыргыбыз келет. Биз окуулар, курстар, тренингдер, семинарлар жана конференциялар аркылуу өлкөдө ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн дараметин жогорулатууга багыт алдык. Сизди кийинки окуу жылында да жаш изилдөөчүлөрдүн докладдар конкурсунун жана конференциянын катышуучулары катары күтөбүз".

Конкурстук комиссиянын жалпы чечими менен мыкты баяндамачылар дипломдор жана планшеттер, фотоаппараттар жана электрондук китептер түрүндө баалуу сыйлыктарга ээ болушту. Жаш изилдөөчүлөр үчүн илимий жетекчи болгон педагогдор да китеп дүкөнүнө белек сертификаттарын алышты.

Конференцияны Швейцария Өкмөтүнүн колдоосу алдында "Элдин үнү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун алкагында Өнүктүрүү саясат институту, Кыргыз Республика-

сынын Мамлекеттик кадр кызматы, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттик уюштурду.

***1-категория: студенттер (бакалавриаттын жана адистиктин)***

| Докладдын темасы | Аты-жөнү | Рейтингдеги орду жана байге |
|---|---|---|
| Бишкек шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык аймактык башкармалыктардын түзүлүшү жана алардын шаардын өнүгүүсүндөгү иши | АЗИМ кызы Таазим, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин студенти | 2-орун, фотоаппарат |
| Жергиликтүү кеңештин ишиндеги көйгөйлөр жана суроолор, аларды чечүү жолдору | ЭСЕНБЕК кызы Мээримгул, М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин студенти | 1-орун, планшет |
| Чакан жана орто бизнести өнүктүрүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу (Ош шаарынын мисалында) | АЗАМАТ кызы Айгерим, М.М.Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин студенти | 3-орун, фотоаппарат |
| Муниципалдык кызматтын аброю жана материалдык жагымдуулугу | АМАНБАЙ кызы Жибек, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин студенти | 1-орун, планшет |
| Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар үчүн жагымдуу чөйрө түзүүдө ЖӨБдүн ролу жана мүмкүнчүлүктөрү | МАМЫТОВ Т.И., Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын студенти | Шыктандыруучу байге, электрондук китеп |

***2-категория: магистранттар, жаш окутуучулар жана окумуштуулар (аспиранттарды, изденүүчүлөрдү жана изилдөөчү-практиктерди кошкондо)***

| Докладдын темасы | Аты-жөнү | Рейтингдеги орду жана байге |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өркүндөтүү | СУЛТАНГАЗИЕВА Н.Т., Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын окутуучусу | 2-орун, фотоаппарат |
| Муниципалдык менчикти башкаруу | САРБАНОВА А.А., К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин окутуучусу | Шыктандыруучу байге, китеп дүкөнүнө сертификат |
| Үй-бүлөдөгү зомбулукту алдын алууда жана балдар укугун коргоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ролу жана мүмкүнчүлүктөрү | ШЕРАЛИЕВА Е.К., С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин окутуучусу | 3-орун, электрондук китеп |
| Тоо-кен казуучу компаниялар менен жергиликтүү тургундардын тирешүүсү жана аны чечүү жолдору (Жерүй кенинин мисалында) | ТОКТОГУЛОВАК.Т., Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин PhD доктордук программасынын студенти | 2-орун, фотоаппарат |



# ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУНУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ




# Ош шаарында ЖӨБдүн өнүгүүсүнүн жаңы программасы үчүн ЖӨБ Келечеги-2030 талкуусу башталды

2030-жылы кыргызстандык айыл кандай болуш керек? 15 жылдан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары эмне кылышат? 2030-жылы айылдарда жана шаарларда жашоо ыңгайлуу жана коопсуз болуш үчүн эмнелер зарыл?

Заманбап шарттар бизге жашоонун жаңы эрежелерин таңуулап жатат. Ал шарттарга ылайык, келечекке план түзмөйүнчө, максаттарды, тапшырмаларды жана артыкчылыктарды так аныктамайынча аймактын социалдык-экономикалык туруктуу өнүгүүсү да мүмкүн эмес. Аймактагы жашоо деңгээлинин жана сапатынын туруктуу өнүгүүсүнө жетүү үчүн бир жылга эмес, он жылга аныктап алуу өтө маанилүү.

Буга байланыштуу 2016-жылдын 12-майында Эл аралык кызматташтык боюнча Германия коомунун (GIZ) "Жарандык коомду колдоо фонду" долбоору каржылаган "Жергиликтүү жамааттын муктаждыктарынын негизинде айылдык аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү" долбоорун ишке ашыруунун алкагында Ош шаарында фокус-топ (ФТ) өткөрүлдү. Бул фокус-топ келечекте "ЖӨБ Келечеги-2030" программасын иштеп чыгуу максатында өткөрүлдү. Ага ЖӨБдүн аткаруучу органдарынын башчылары, жергиликтүү жамааттардын жана жарандык коом институттарынын, райондук тийиштүү структуралардын өкүлдөрү катышты. Алар ЖӨБдогу кырдаалды талкуулашты. Бул мындан ары 2030-жылга чейин жергиликтүү өз алдынча башкарууну узак мөөнөттүү өнүктүрүүнүн келе-



чектеги долбоорлорду иштеп чыгууга көмөктөшүү максатында жасалды. Фокус топтун ишине 23 киши катышты. Алардын арасында ЖӨБ иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (ЖӨБЭММА) аймактык башкаруунун жетекчилери жана адистери катышты.

Адегенде талкуу өлкөдөгү реформалар жана ЖӨБдү өнүктүрүүнүн жүрүшүнөн башталды. Талкуу абдан кызуу жана эмоционалдуу болуп, катышуучулар жылдап топтолгон көйгөйлөрү жана ведомстволук айылдык аймактардагы бүгүнкү кырдаал тууралуу сөз кылышты. Ал көйгөйлөр төмөнкүлөр: жергиликтүү маанидеги маселелерди сапаттуу чечүү үчүн ыйгарым укуктардын жана финансы каражаттарынын жетишсиздиги; аягы көрүнбөгөн текшерүүлөрдүн айынан калк менен иш алып барууга убакыттын тардыгы – бул текшерүүлөр, раймамадминистрацияларга, өкмөттүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрүнө жана башка тийиштүү райондук түзүмдөргө чакыртуулар айыл өкмөт башчыларынын убактысын алууда; айылыктан аздыгынан улам айыл өкмөттө кадрлардын toктобой жатышы; ЖӨБ органдарына жаңы адистерди жана кызматкерлерди тандоонун принциптери тууралуу жобо татаалдашканына байланыштуу жаңы адистерди ылгап алуудагы кыйынчылыктар; өлкө масштабында теңдештирүүчү гранттар кантип бөлүштүрүлүп, чыгымдалып жатканына мониторинг жана анализдин жоктугу. Ошондой эле катышуучулар мыйзамдар менен КР өкмөтүнүн токтомдору ортосунда бирдиктүүлүк, үндөштүк жоктугун, бири экинчисине карама-каршы келе турганын, ЖӨБ чөйрөсүндө 2003-2004-ж.ж. чыккан мыйзамдар дээрлик иштебей жатканын белгилешти.

Андан кийин катышуучулар ЖӨБ чөйрөсүндөгү мындан кийинки реформалардын келечегин жана ыргагын талкуулашып, реформаларды улантуу зарыл болгонун, 2013-2017-жылдарга КРда ЖӨБдүн Өнүгүү программасынын жыйынтыктарын бардык тийиштүү башкаруу органдарына жана калкка бериш керектигин белгилешти. Өлкөдөгү айылдык аймактарды ирилештирүү, КРда административдик-аймактык реформанын Концепциясында көрсөтүлгөндөй алардын санын 300гө жеткирүү; АӨ башчыларынын кызматында иштөө мөөнөтүн беш жылга чейин көбөйтүү; жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы мыйзамдарды өлкөнүн башка мыйзамдары жана КР токтомдору менен үндөштүрүү; ЖӨБ органдарына маморгандар тарабынан усулдук жардам көрсөтүү, ошондой эле айрым финансы маселелерин жергиликтүү бюджеттин эсебинен чечүүгө шарт түзүү боюнча сунуштар берилди.

Фокус топтун жыйынтыгында ар бир катышуучу анкета толтуруп, анын жыйынтыктары ЖӨБОго карата ишеним жана сый-урмат сезими катышуучулардын 26% болгонун; 24% ишеним болгону; 7% оптимизм бар экени аныкталды. Катышуучулардын 9% ЖӨБ органдары жалооруган сезим пайда кылса, 4% үмүтүн үзүп койгон, ал эми 2% кыжырдануу сезимдерин пайда кылаары аныкталды.

Ошондой эле анкетада катышуучулар 2030-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу мүнөздөлө турган 5 негизги сапатты белгилешти. Финансылык жактан көз карандысыз, стабилдүү система, калктын турмушунун жогорку деңгээлде болушу, жергиликтүү экономикалык өнүгүү жана натыйжалуу башкаруу, сапаттуу муниципалдык кызмат көрсөтө турган квалификациялык кадрлар баарынан да көбүрөөк белгиленди.

Фокус топтордун ишинин жыйынтыгы талданып, дагы эки талкуулардын жыйынтыктары менен толукталмакчы. Бул талкуулар 2016-жылдын 31-майында Жети-Өгүз районунда жана июндун башында Бишкек шаарында өтөт. Андан кийин үч фокус топтон алынган маалыматтардын негизинде ЖӨБ Келечеги-2030 иштелип чыгат. Ал болсо өкмөткө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаңы өнүгүү программасын түзүүгө жардам берет. Анткени мурдагы программанын колдонуу мөөнөтү 2017-жылы аяктайт.



# «Чарба» – сооданы өнүктүрүүнүн акысыз мүмкүнчүлүгү!

Саламатсызбы, Кыргызстандын кереметтүү элет жергесинин жооптуу кызматкери!

“Ааламга жол айылдан башталат” – муну түшүнбөгөн кыргыз болбосо керек. Анткени биздин элеттин эли кыргыздын нарктуулугун, уюткусун кармап турат.

Глобалдык экономикалык өзгөрүүлөр алдыдагы беш-алты жылдын ичинде экономикалык өсүүнүн очогун региондорго алып келерине толук ишенем. Анткени биздин экономика буга чейин алып-сатуунун негизинде жүрүп келсе, эми бир нерсени өздөштүрүп чыгаруунун форматына өтөт.

Ал эми адамдардын алгачкы муктаждыгы бул экологиялык таза тамак-аш экенин баарыбыз билебиз. Ушул жагынан Кыргызстандын потенциалы өтө зор. Биздин жайыттарда оттогон малдар эң таза жана даамдуу этти экспорттогонго мүмкүнчүлүк ачат, ошондой эле жашылча-жемиштер, кайра иштетилип чыгарылган азыктар бар. Тоо балыбыз эл аралык конкурстарда татыктуу биринчи орундарды алганына күбө болуп эле жүрөбүз. Туризм потенциалы тууралуу да көп айтылып жүрөт. Кол өнөрчүлөрүбүздүн жыгач, жүн жана кайыштан жасаган буюмдары Европа дүкөндөрүндө сатылат.

Бирок биз азыр узун, кыйыр жолдун башындабыз. Эл аралык рынок бул чоң атаандаштыктын жери жана сапаттын жогорку стандартын, мыкты уюштуруучулукту талап кылат. Мыкты уюштуруучулуктун маанилүү белгиси – бул үнөмдүүлүк. Ал эми эң кымбат жана кайтарылгыс ресурс – убакыт. Азыркы доорду 50 жыл мурун эле окумуштуулар маалымат доору деп белгилешкен экен. Анткени биз жашап жаткан доордо технологиялардын жардамы менен маалымат көз ирмемде алыскы аймактарга тарап жатат.

Кыргызстандыктар пайда болгон технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн 100 пайызга колдонуп калганга умтулуш керек. Ошондо гана убактыбызды үнөмдөп, мыкты уюштуруучуларга айланып, эл аралык экономикалык мейкиндикте өзүбүздүн татыктуу ордубузду ээлейбиз.

Урматтуу мырзалар жана айымдар, биз айтчу сөздүн ток этээр жерине келдик.

Сиздердин назарыңыздарга “Чарба” аттуу мобилдик телефондордо колдонуучу маалымат системасын тартуулайбыз. “Чарба” тиркемесин каалаган адам телефонундагы Google Play Market'тен жүктөп, Кыргызстандын булуң-бурчунан өз продукциясын калың журтка акысыз жарыялай алат.




Бул тиркеме аркылуу дыйкандар менен соодагерлер, усталар менен кардарлар жана сунуштоочулар менен керектөөчүлөр бири-бирин оңой таап, элет жергесинде бизнес чөйрөнүн өсүшүнө өбөлгө түзүлөт. “Чарбага” сиз айыл же шаарыңызды көрсөтүп, сунуштап жаткан продукция тууралуу толук кандуу маалымат бере аласыз (мисалы, картошка, пияз, алма же мал жандыктары, же сувенир жана башка өндүрүлгөн буюмдар, алар тууралуу кыска маалымат, телефон номер жана сүрөттөрү менен). Кардарлар да телефону аркылуу керектүү продукцияны сунуштагандарды айыл же район боюнча заматта таба алышат. Жүктөп колдонуу акысыз, болгону Play Market'ке “Чарба” деп киргизиңиз жана орнотуп алыңыз. Жарнамалар кыргыз жана орус тилдеринде кабыл алынат.

“Чарба” өзгөчө элет тургундарына керектүү тиркеме. ЖӨБ органдарынын, өзгөчө айыл өкмөт жана жергиликтүү кеңештердин кызматкерлерине кайрылабыз - “Чарба” тууралуу өз аймагыңыздагы жашоочуларга маалымат жеткирип коюңуз. Бул биздин долбоордун толук кандуу ишине абадай керектүү, чоң салым болмокчу.

**Сатар ТУРСУНКУЛ УУЛУ,**
“Чарба” тиркемесинин негиздөөчүсү.
Суроолоруңузга жооп берүүгө дайым даярбыз.
Байланыш номерибиз: 0553041015.
Фейсбуктагы баракчабыз:
https://www.facebook.com/CharbaDjigit.

# Биздикилер Баварияда: тартип мекенине стажировка



**Роза СУРАНЧИЕВА,**
Өнүктүрүү саясат институту

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана муниципалдык башкаруу системаларын калыптанып калган муниципалдык башкаруу моделдеринин тажрыйбасын эске алуу менен изилдешет. Анын ичине англосаксон, француз жана коммуналдык башкаруу системалары да кирет. Бул үчүн 2015-жылдын күз мезгилинде Кыргызстандын мамлекеттик башкаруусунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын 14 өкүлү жана Казакстандын 3 өкүлү Германияга (Баварияга) окуу сапары менен барышты. Бул сапарды КР Өкмөтүнө караштуу Башкаруу академиясы жана Ханнс Зайдель фонду биргелешип уюштурду. Сапар Бавария эркин мамлекетинин мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун бардык деңгээлдерин изилдөө максатында уюштурулду. Баварияның аянты 70 550 км2 түзөт, анда жашаган калктын саны – 12, 6 млн. киши. Бавария – Германия Федеративдик Республикасын түзгөн 16 федералдык жердин бири. Баварияның борбор калаасы – 1158-жылы негизделген Мюнхен шаары.

### Баварияның түзүлүшү

Сапардын жүрүшүндө окуу киришүү семинарынан башталды. Ал болсо Ханнс Зайдель фондунун билим берүүчү борборлорунун биринде, Вильбад Кройте курорттук жеринде өттү. Бул жерге качандыр бир кезде саламаттыгын чыңдоо үчүн орус императорлору келип турчу. Мына ушул жерде профессор Карл Вайссенбах катышуучуларга Германиядагы мамбашкаруунун негиздери, башкаруу деңгээлдери ортосунда иш-милдеттерди бөлүштүрүү жана алардын ортосундагы өз ара аракеттешүү тууралуу кеңири айтып берди.

Германияда муниципалдык башкаруу узакка созулган тарыхый өнүгүүнүн, көп жолку жана бара-бара ишке ашкан рфеормалардын жыйынтыгы. Ошол реформалардын натыйжасында муниципалдык система өзүнүн экономикалык жана уюштуруучулук түпкүлүгүндө заманбап элементтер менен кошо патриархалдык белгилерди да бириктире алды. Конституцияга ылайык, Германияда аймактык башкарууну административдик белгисине жараша бөлүштүрүүнүн беш деңгээли бар – федерация, жерлер, округдар, райондор жана райондор рангындагы шаарлар жана соңку бешинчи деңгээл – жамааттар. Ошентип коммуналдык башкаруунун базалык бирдиги болуп жамааттар, райондор жана шаарлар эсептелет. Бирок Германиянын коммуналдык системасынын алкагында муниципалдык түзүлүш өз алдынча коммуналдык бирдик катары гана эмес, ошону менен бирге кандайдыр бир субрегионалдык түзүлүш катары да түптөлгөн (башкача айтканда шаарларды жана ага тартылган айыл чарба райондорун бириктирет).

Заманбап шарттар акыркы жылдары райондор менен жамааттар арасындагы райондордун ичинде башкаруунун орто аралыктагы административдик звенолору пайда болгону менен мүнөздөлөт. Алар өздөрүнө координациялоо жана коммунал-

дар аралык кызматташуунун иш-милдеттерин алышкан. Өлкөдө коммуналдык башкаруу түзүмүнө карата талаптар унификацияланган эмес жана жеке өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон жергиликтүү башкаруу органдары бир топ эле. Жерлерде коммуналдык башкаруу органдарынын ишине көз салуу үчүн өкмөттүк округдар бар. Округду өкмөттүк президент башкарат. Аны жердин аткаруучу бийлиги дайындайт, ал болсо округду башкаруу маселелери боюнча кеңири ыйгарым укуктарга ээ. Өкмөттүк аппарат административдик централизм принциптерине негизделген, ал эми төмөнкү звенону райондордун администрациялары жетектейт. Алар өлкөнүн коммуналдык системасынын алдыңкы звеносунун иш-милдетин аткарып, ошол эле маалда административдик мамлекеттик системанын звеносу гана эмес, өз алдынча коммуналдык бирдик да, ошондой эле жамааттардын биримдиги да болуп эсептелет. Шаардык жана элеттик жамааттар Германиянын коммуналдык системасынын төмөнкү звеносун түзөт, алардын өкүлчүлүктүү органы болуп жамааттык кеңеш эсептелет.

Германияда муниципалдык администрациялардын типтери шайлануучу жана аткаруучу органдар ортосундагы функционалдык байланыштар менен мүнөздөлөт. Мисалы, райондор – бул башкаруунун коммуналдык бирдиги гана эмес, ошол эле маалда жерлердин административдик-аймактык бирдиктери да болуп эсептелет. “Райондордун жана шаарлардын аткаруучу бийлигинин башчысы болуп ландрат, же райондук директор эсептелет. Ага кеңири ыйгарым укуктар берилген жана ал муниципалдык түзүлүштөгү бардык коммуналдык иштердин башкы башкаруучусунун иш-милдеттерин аткарат жана бир эле маалда жер администрациясынын агенти ролун да аткарат”[1]. Коммуналдык кеңештердин сессияларын бургомистрлер, жамааттык директорлор, ландраттар, ошол кеңештердин комитеттери чакыра алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу маселелерин караган Ички иштер, курулуш жана транспорт министрлигинде ар бир деңгээлдин иши конкреттүү түрдө чектелгенин жана катуу көзөмөлдөнөрүн белгилешти. Ар бир деңгээл өз милдеттенмелерин жана ыйгарым укуктарын так билет, жана ал укуктарды аткаруу үчүн финансы каражаттары да бекитилип берилген. Германияда жамааттар өзүнүн гана эмес, ошондой эле мамлекеттик тапшырмаларды да аткарат. Ошондуктан өзүнүн жана берилген мамлекеттик ыйгарым укуктар деп бөлүп карашат.

Муниципалдык башкаруу системасынын аткаруучу органдарына аймактагы калктын бакубат турмушу үчүн уюштуруучулук структураны түзүүдө жана иштетүүдө өтө көп эркиндик берилген. Башкаруунун бул муниципалдык аппараты өзүнүн кызмат структурасында финансы, кадрлар, юридикалык түзүмдөргө, жамааттык экономиканы, транспортту, саламаттык сактоону, социалдык камсыздоону башкаруунун тармактык органдарына милдеттүү тартипте ээ болууга тийиш. Муниципалдык түзүлүштөрдүн коммуналдык иш-милдеттерине жана ыйгарым укуктарына курулушту жана финансыны пландоо, калкты агартуу жана тейлөө иштерин уюштуруу кирет. Ошондой эле муниципалдык башкаруунун алкагында аларга контролдоо функциялары да бекитилип берилген. Башкаруу функцияларынын басымдуу көпчүлүгү жогорку тепкичтеги коммуналдык органдардын компетенциясына кирет. Ал эми жарымы жамааттарды башкаруу органдарынын жана жогору турган райондордун биргелешкен карамагында турат. Германиянын экономикалык турмушунда жамааттын ролу үч негизги багыттар боюнча ишке ашырылат: мамлекеттик жана жеке ишканалардын чарбалык ишинин жыйынтыктарынын керектөөчүлөрү болот; ишканаларды түзүүдө ишкер болуп эсептелишет; муниципалдык түзүлүштөрдүн аймагында жайгашкан жеке ишканаларга карата административдик-жөнгө салуучу ишти жүзөгө ашырышат.

Эң жакын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы – Кыргыз Республикасындагы айылдык аймактын аналогу – гемайнде. Гемайнденин башчысын жашоочулар 6 жылдык мөөнөткө шайлашат жана ал ошол эле маалда кеңештин төрагасы болуп эсептелет. Түз шайлоолордун базасында шайланган башчы бирдейлик принциптеринин негизинде иштейт жана өз жамаатында өтө чоң салмакка ээ. Бирок башчынын өтө кеңири мүмкүнчүлүктөрүн мамлекеттик көзөмөл системасы теңдештирип турат. Ага берилген ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жамааттын ыктыярынын контролу жана тармактык (максаттуу) көзөмөл алдында болот. Мамлекет ыктыяр канчалык туура колдонулганын, канчалык максаттуу чечим кабыл алынганын текшерет. Жамааттар болсо көрсөтмөлөргө баш ийет.

Эгерде аткарылышы жамаат үчүн кошумча финансы жүктү алып келген мамлекеттик мыйзамдар чыгарылса, анда мамлекетке тийиштүү мамлекеттик финансы каражаттарын берүү боюнча милдеттенме жүктөлөт.

## Муниципалдык кызматчыларды окутуу

Немис кесиптештер окууга өтө көп убакыт бөлөт, уюмдун натыйжалуу ишин камсыздоо, жаңы демилгелерди жайылтуу, ошондой эле муниципалитеттердеги турмуш шартты сапаттуу жагына өзгөртүү үчүн квалификацияны жогорулатуу абдан зарыл деп эсептелет. Ханнс Зайдель Фондунун институтунда жана Баварияның Башкаруу боюнча жогорку мектебинде ЖӨБ органдарынын жана мамлекеттик башкаруунун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу системасы сапардын катышуучуларын абдан таң калтырды. Кыргызстандагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун

1 Еременко Г.Н. Жергиликтүү өз алдынча башкарунун теориялык негиздери. М., 1998. 9-бет.

кадрдык көйгөйлөрүн жана керектөөлөрүн эсепке алуу менен бул тажрыйбага кененирээк токтолууну чечтик. Фонддун институтунда жыл башында окуу программасы түзүлөт. Бул программа милдеттүү түрдө сакталат. Квалификацияны жогорулатуудан 16 федералдык жерде иштеген аткаминерлер да, башка өлкөлөрдүн кызматкерлери да өтүшөт. Мамилелердин бекем принциби: эгерде сага тажрыйба керек болсо, анда өзүң демилге көтөр.

Баварияның жогорку мектеби Кыргызстандагы жана Казакстандагы ушул өңдүү институттардан айырмаланып, жеке окуу жайы катары иштейт. Анын беш окуу борбору бар. Штатында 140 кызматкер иштейт. Ошондой эле ар кимиси өз тармагында практика жүргүзгөн 1,5 миң эксперт убактылуу негизде ишке тартылат. Квалификацияны жогорулатуу 1,5 айдан 1 жылга чейин созулат. Жыл сайын мектеп курстар программасын иштеп чыгып, андан кийин аларды өз сайтында жайгаштырат. Мамлекеттик же муниципалдык кызматкер программаны тандап алып, каттоодон өтөт; андан кийин эгерде программа керектүү санда окуудан өтүүнү каалагандарды чогулта алса, программа ырааттамага кирет. Эгерде каалоочулар жетишсиз болсо, окуу кийинкиге калат. Ошондой эле конкреттүү башкаруу органынын буюртмасы боюнча иштелип чыккан программалар да бар. Мектепте окуу акыга жүргүзүлөт жана ал үчүн жумуш берүүчү төлөйт. Ал өз кызматкерин белгилүү бир тема боюнча квалификациясын жогорулатуу максаты менен жиберет. Ушуну менен бирге угуучу эгерде окуудан өтүп, сертификат алса, анда кызматынан жогорулай турганын, же айлык акысы көтөрүлө турганын билет.



## Гемайнде Дилькеншерб

Бардык гемайнденин (айылдык аймактардын) иш-милдеттери жана ыйгарым укуктары стандарттуу. Өз функцияларын аткаруу конкреттүү жыйынтыкка жетүүгө багытталган. Мамлекет тарабынан укукту колдонуу гана көзөмөлдөнөт. Мамлекет берген функцияларга карата гемайнде үчүн тапшырыкчы – мамлекет тарабынан так буйруктар бар. Гемайнденин жетекчисинин айлык акысы айына 3,5 миң евронун тегерегинде болот. Адистер 2 миңден 2,5 миң еврого чейин алышат. Анткен менен чоң гемайндеде айлык акы айына 9-10 миң еврого чейин жетет. Саны 8ден 80 кишиге чейин жеткен кеңештин мүчөлөрү 6 жылга шайланат. Кеңештин төрагасы же Бургомистр өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдын башчысынын милдеттерин аткарат.

Дилькеншерб 20 айылдан турат. Ар бир айылдын өз гимни жана башкаруусу бар. Ар бир айылда Биримдиктер бар – бул тургундар уюштурган бирикмелер. Алар өз демилгеси боюнча түрдүү иш-чараларды өткөрүшөт. Жетекчилик жана гемайнде кеңеши жарандардын кызыкчылыктарына кам көргөнүн байкоого болот. Мисалы, гемайнденин көпчүлүк тургундары айыл чарбасы менен алектенип, эко-азыктарды чыгарат. Ушуну менен бирге гемайнде бардык шарттарды түзүп берет: райондогу, облустагы кырдаал тууралуу маалымат берүү менен маалыматтык колдоо көрсөтөт; ишин өнүктүрүү үчүн жер же кошумча участокторду берет; сатык иштерин уюштуруу үчүн шарттарды түзөт. Кыргызстандан барган делегация жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул бийликтен же “тийиштүү жетекчиликтен” да чоңураак экенин көрүштү; ЖӨБ кызмат көрсөтүүлөрдү саясий, социалдык жана экономикалык системаларын кошуу менен пландоо, уюштуруу жана жөнгө салуу методикасын түзүүгө жөндөмдүү. Мисалы, ЖӨБдүн пландоосунун натыйжасында 22 дыйкан биосүт азыктарын жана сырдын катуу





сортторун чыгаруу үчүн биригишкен. Ошондой эле гемайнденин колдоосу менен алмадан жасалган ликер-арак продукциясын жана түрдүү джемдерди чыгаруу боюнча чарбачылык түзүлдү. Ушуну менен бирге ишкананын кожойкеси ишин баштаардан мурда жогорку окуу жайында беш жыл окуп, төрт жыл лабораторияда иштеп, эки жыл бою жергиликтүү базарды изилдеп чыккан экен.

Гемайндеде өзгөчө көңүл жарандык активдүүлүктү колдоого бурулат. Мисалы, гемайнденин өрт өчүрүү бөлүгүндө ыктыярдуу негизде күн сайын нөөмөттө иштеген жаштар бар. Борбор Азиядан барган делегация менен жолуккан активист ыктыярдуу эмгекти жүк катары эмес, ардактуу милдет катары кабыл ала турганын, жамааттын коопсуздугуна өз салымын кошуп жатканына сыймыктанарын айтып берген. Кооперативдик дыйкан чарбалары ар түрдүү социалдык иш-чараларды өткөрүп турат. Мисалы, футбол талаасы курулду; азык-түлүк жана иш үчүн зарыл материалдарды бөлүп берүү менен мектептерге жардам берилет.

Коомчулуктун катышуусу эркин мамлекеттин өзөктүк компоненти болуп эсептелет жана ийгилик үчүн чечүүчү мааниге ээ. Бул болсо жеке бирикмелер – көп учурда жамааттар тарабынан колдоо алдында – шаардагы же жамааттагы социалдык, маданий, спорттук жана экономикалык турмушка кам көрүшөт. Ушуну менен жамааттардан (финансылык) жүк алып салынат, ал эми жарандык дух жана бирибирине болгон колдоо күч алат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу, б.а., бүтүндөй мамлекет үчүн жалпы болгон мыйзамдардын алкагында чакан аймактык бирдиктердин автономиясы мамлекеттен эркиндикти эмес, анын ичиндеги эркиндикти билдирет. Ошентип Баварияда өз алдынча башкаруу принциби дуалисттик эмес, демократияны, укуктук мамлекетти, элди жана бийликти “төмөндөн жогору карай” принциби боюнча бириктирүүчү катары чыгат.

Сапардын соңунда катышуучулар төмөнкүдөй тыянактарды жасашты:

- муниципалдык башкаруунун тигил же бул механизми тарыхый өзгөчөлүктөрдү, өлкөнүн социалдык-экономикалык багытын, жергиликтүү калктын пикирин эсепке алуу менен аныкталууга тийиш. Натыйжада бул тандоо калктын жалпы кызыкчылыктарды жана керектөөлөрдү ишке ашырууга болгон укугун да, муну менен бирге ошол муниципалдык түзүлүштүн өзгөчө керектөөлөрүн да камсыздаш керек;
- мыйзамдын алкагында бүтүндөй калкты жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу мүмкүн;
- жергиликтүү аткаминерлер жогорку билимдүү болууга тийиш.



# АЙМАКТАРДЫН БРЕНДИНГИ

**Муниципалитеттерге өздөрүн өнүгүү аймагы катары сезип, баамдап, өздөрүнүн уникалдуу атаандаштык артыкчылыктарын баалап, жашоочуларды, туристтерди, бизнести жана инвестицияларды тартууда ийгиликке жеткирген стратегияны түзүүгө жардам берүү үчүн биз "Аймактардын брендинги" деп аталган жаңы теманы ачтык. Дүйнөдө атаандаштык жогору – адамдар жана уюмдар ортосунда да, өлкөлөр жана муниципалитеттер арасында да. Ушундай атаандаштык кармашта жеңишке жетүү – бактылуу келечекке шанс алуу десек да болот. Мында аспаптардын бири болуп аймактардын брендинги эсептелет. Бул түрмөктө "Муниципалитет" журналы брендингдин мыкты дүйнөлүк тажрыйбасы жана Кыргызстан муниципалитеттеринин өз жүзүн табуу аракеттери тууралуу айтып беребиз. Жапониянын Тампль университетинин профессору Кейт ДИННИнин редакциялоосу алдында "Аймактардын брендинги. Мыкты дүйнөлүк практикалар" китебинен үзүндүлөрдү жарыялоо менен бул түрмөктүн бет ачарын сунуштайбыз.**

## Шаардын брендинги жашоо үчүн жагымдуу жер катары

**Андреа ИНШ**

### Киришүү

Чукул арада шаардын брендин жаратуу зарылчылыгы болгон учурда бийлик процесстин айрым маанилүү катышуучуларынын кызыкчылыктарын жана баалуулуктарын көңүл сыртында калтырууга мажбур болушат. Мында бир топту өзгөчө көп обочодо калтырышат. Жашоочулардын брендди түзүүгө жана аны өнүктүрүүгө тийгизген таасирине көп жакшы баа бербей коюу анын баштапкы стратегиясынын максаттарына жана тапшырмаларына терс кесепетин тийгизиши ыктымал. Балким

бардык шаардыктардын каалоо-тилектерин канааттандыруу мүмкүн эмес чыгаар. Бирок шаардын брендин жаратууда алардын пикирлерин сөзсүз түрдө эсепке алуу керек. Анткени дал ошолор анын атмосферасында "жашап, дем алышат" эмеспи. Өздөрү жашаган, иштеген жана көңүл ачкан жерге болгон жеке мамилени адамдар туристтерге жана конокторго сунуш же даттануу катары өткөрүп берет. Жашоочулардын көндүмдөрү, таланты жана "илип" кете алуусу да шаардын жана аймактын өсүп-өнүгүүсүнө өз салымын кошот. Кандай болгон күндө да шаардыктар өз шаарынын брендинин баалуулугун арттырат.

Бул главанын милдети – эмне үчүн жашоочулар – ишенимдүү жана туруктуу бренди түзүүнүн маанилүү катышуучулары болгону тууралуу айтып берүү. Бул максатка жетүү үчүн адегенде шаардын брендингинин жана анын жашоочуларынын шайкештигин талкуулап алуу зарыл. Андан кийин жашоочулардын канааттануусу менен шаардын брендингинин ортосундагы байланышты түшүндүрүп берүүгө аракеттенебиз. Бул үчүн брендингдин стратегиясын жайылтууну сүрөттөп беребиз. Ал эми жашоо, иштөө жана көңүл ачуу үчүн жагымдуу жерди түзүү мунун соңку максаты болуп эсептелет. Соңунда эмне үчүн өз жашоочулары үчүн жагымдуу болгон шаардын брендин түзгөндө шаблондук мамилеге жол берилбеши керектигин түшүндүрүп бергенге аракеттенебиз.

### Шаардын брендинги: жашоочулар үчүн мааниси

Концентрация эффектисинен алган экономикалык артыкчылыктардан тышкары шаарлар өз жашоочуларына көптөгөн социалдык жана эмоционалдык артыкчылыктарды да берет. Алардын ичине маалымат менен бөлүшүү, тыгыз социалдык байланыштарды түзүү жана алардын кызыкчылыктарына шайкеш келген иштин ар кандай түрлөрүнө катышуу мүмкүнчүлүктөрү кирет. О'Флаертинин белгилешинче, «шаарлар миң жыл мурда кандай өмүр сүрүп келсе, азыр да жашоосун уланта берет. Болгону алардын артыкчылыктары кемчиликтеринен ашып түшүш керек». Шаардык чөйрө инсан үчүн түзгөн мүмкүнчүлүктөрү XX кылым бою туруктуу өнүгүп турган урбанизацияны колдоп келди. Бул мүмкүнчүлүктөргө иш, окуу, турак жай, социалдык мобилдүүлүк жана транспорттук система кирет. Бизнес чөйрөсүндө – бул чыгашаларды кыскартуу, финансы кызматтарын көрсөтүү, окуудан өткөн кызматкерлер, ресурстарга жана сатык базарына жакындыгы. Ресурстардын агымы туруксуз жана стабилдүү эмес болот деп кооптонгон замандап шаарлар адам, финансы жана интеллектуалдык ресурстар үчүн катуу атаандаштыкка өтүштү. Анткени ушул нерсе гана аларга туруктуу өсүштү кепилдейт эмеспи. Конкреттүү шаардын атын чыгарып, башкаларды тартуу үчүн бийлик шаарды өнүктүрүүнүн жана стратегия менен маркетингди башкаруунун бир бөлүгү катары брендинг процессин жайылта баштады.

Продукттук же сервистик брендинги сыяктуу эле, шаар брендинин негизги максаты бар. Бул максат – аны жагымдуу кылуу, ал тейлеген түрдүү сегменттер арасында ага карата лоялдуулукту пайда кылуу. Ушуну менен бирге айрым, бирок бирибири менен кесилишпеген сегменттер же стейкхолдерлер чектелген эмес. Алардын ичинен эң анык болгондор – өз бизнеси барлар, инвесторлор, коммерциялык эмес уюмдар, жашоочулар, студенттер, кызыкчылыктары боюнча бириккен жамааттар, туристтер жана коноктор. Шаар брендинин стратегиясы жашоочулардын да, "бөтөндөрдүн" да кызыкчылыктарын бирдей даражада эске алганы абдан жакшы. Өз ара кагылышкан кызыкчылыктардын артыкчылыктуусун аныктап алуу зарыл (мисалы, жаңы стадионду куруш керекпи). Бирок туристтерди жана конокторду тамшандырган бренддин артынан кууп жүрүп, жергиликтүү жашоочуларды унутта калган учурлар да аз эмес. Бирок дал ошол жашоочулар шаар брендинин лоялдуу тарапкерлери жана элчилери катары маанилүү роль ойнойт эмеспи.

Ар бир шаар экономикалык, социалдык, маданий жана экологиялык өнүгүү маселелеринде өз жашоочуларынан көз каранды. Бул үчүн көп түрдүү, квалификациялуу жана ыраазы калктын болгону өтө маанилүү. Шаардыктардын наразычылыгы терс таасирин тийгизе турганын унутпаш керек. Мындан тышкары жашоочулардын канааттануу деңгээлинин төмөндүгүн коммерциялык ишканалар – ыктымал мигранттар терс кабыл алышат. Анткени алар адамдардын бакубаттуулугун жана канааттануусун башка атаандаш шаарлар менен салыштырып көрүшөт. Ишкананы которуу, же инвестиция алып келүү тууралуу чечим кабыл алып жатканда менеджмент жана алардын үй-бүлөлөрү салттуу көрсөткүчтөрдөн тышкары жашоонун сапатын да баалашат. Бул болсо буга байланыштуу каралган башка көрсөткүчтөрдөн да көз каранды: адам ресурстарынан, инфраструктурадан, транспорт сис-темасынан, билим берүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдөн (толук тизмени караңыз). Башкача айтканда, жашоочулар ыраазы болушу шаар жетекчилери үчүн маанилүү тапшырма болуш керек[1]. Анткени бул шаарды кабылдоону же жакшыртат, же начарлатат.

### Жашоочулардын канааттануусу – шаар брендингинин негизги жыйынтыгы

Шаардыктардын кенчи экономикалык артыкчылыктар гана эмес. Социалдык жана эмоционалдык жыргалчылыктардан тышкары алар шаар турмушунун коромжуларын да көрүшөт. Баалуу жарандарды тартып, кармап калуу, алардын

[1] Орус тилинде басып чыгарылган: Котлер Ф., Асплунд К., Рейн И. Жерлердин маркетинги. Инвестицияларды, ишканаларды, жашоочуларды жана туристтерди Европанын шаарларына, коммуналарына, региондоруна жана өлкөлөрүнө тартуу. СПб.: Санкт-Петербургдагы Стокгольм экономика мектеби, 2005. Ред.

шаарда узак мөөнөт жашоосу үчүн бийлик турмуш шартты жана күнүмдүк тажрыйбаны жакшыртууга тийиш. Көпчүлүк адамдардын шаар чөйрөсүндө жашоого, ишке жана көңүл ачууга карата талаптары окшош. Алар: жеткиликтүү турак жай, транспорт, медициналык жана билим берүү мекемелери, чекене соода дүкөндөрү, көңүл ачуучу жана башка коомдук жайлар, социалдык өз ара аракеттенүү үчүн мүмкүнчүлүктөр. Бул тизме өзгөрүшү мүмкүн. Себеби адамдын буга чейинки тажрыйбасы анын күтүүлөрүнө, мотивациясына жана ошол жерге карата мамилесине таасирин тийгизет. Жогоруда аталган бардык кызматтардын болгону талапка ылайык болсо да, аларды стандартташтырууда шаарлар бири-бирин кайталап калат деген коркунуч бар. New Economics Foundation фондунун 2004-жыл үчүн “Британиянын шаар-клондору” деп аталган отчету Улуу Британиядагы терс практика тууралуу маселени көтөрдү. Бул отчетко ылайык, чекене соода боюнча тармактык дүкөндөр Хай-стрит жана башка негизги шопинг-зоналарды ээлеп алган. Бул болсо шаарлардын көп түрдүүлүгүн жана уникалдуу тышкы келбетин талкалаган.

Коомдук фонддордун эсебинен жаңы стадиондорду курууга карата сынчыл маанай күч алды. Мындай иш-чаралар шаардыктардын нааразылыгын болтурбаш керек эле. Бирок алар эрежеге ылайык мындай курулуштарды колдошпойт. Изилдөө жүргүзүп жатканда Делани жана Экштейн бир тыянакка келишкен: “спорттук командалары бар шаарлар үчүн (ал эми мындай шаарлар көп) жаңы стадиондун курулушу ага келчүлөрдү активдештирип, кыска мөөнөткө созула турган “бал айын” тартуулайт. Бирок натыйжада курулушка көп акча кетип, ал эми керектөөчүлөрдүн чыгашалары же мамлекетке түшчү салыктар аз болот”. Мындай ири инвестициялар дайыма эле шаардыктардын бакубаттуулугун же алардын турмуш шартын жакшыртып жибербейт. Атүгүл башка жерлерде колдонулган стандарттык моделдин негизинде түзүлгөн курулуш долбоорлору “шаардагы райондордун көп түрдүүлүгүн” бузуп салышы ыктымал. Ушуну менен бирге күнүмдүк иштер (коомдук транспорт системасын жакшыртуу, мектептердин курулушу, коомдук коопсуздукту камсыздоо чаралары, таштандыны кайра иштетүү системасы өңдүү) бийликтин көңүл сыртында калышы мүмкүн. Бирок мунун баары шаардыктар үчүн бир кыйла маанилүү эмеспи.

Шаар бийлиги учурда жашап жаткан жана болочок шаардыктардын көйгөйлөрүн, күтүүлөрүн жана мотивациясын баамдап, алардын керектөөлөрүнүн ишке ашырылышын кепилдеш керек. Шаар сунуштай ала турган сапаттарды жаратууга жана чыгашалардын учурдагы деңгээлинде бул шаардагы турмуш берген баалуулуктар ар кандай субъективдүү жана объективдүү факторлорго таасирин тийгизе алат. Мисалы, эгерде шаардык өзү жашаган жерди улам жогору баалаган сайын, анын шаарга болгон лоялдуулугу да өсөт. Шаардыктардын канааттануу деңгээлин өлчөө жана ага мониторинг жүргүзүү – шаар бийлигинин ишин баалоонун маанилүү көрсөткүчү (толук маалымат алуу үчүн караңыз).

## Шаар брендин киргизүү жана жашоочулардын канааттануусу

Шаар брендин түзүүдө өзгөчө татаал аспектиси – көп сандагы стейкхолдерлер менен максаттуу аудиорияны камтыган ишенимдүү, ырааттуу жана түшүнүктүү коммуникация схемаларын жөнгө салуу. Бул максатка умтулуу менен шаарлардын бренддери же өзүн актайт, же көңүлгө илинбеген, маанисиз болуп, өзүнөн өзү жоголуп кетет. Өзүнүн көп түрдүүлүгүн бир брендге кошуп салууга аракеттенген шаарлар адатта утулат. Айталы, алардын көбү универсалдуу ураандардын синоними эле болуп калышты. Мисалы, Сан-Франциско өзүн төмөнкү аталыштар менен ассоциациялайт – Деңиз жээгиндеги Багдад, деңиз жээгиндеги шаар, баары жакшы көргөн шаар, тумандар шаары, Алтын дарбазалар шаары. Ушуну менен бирге мегаполистин эки гана расмий урааны бар: “Сан-Францискодо гана” жана “Кандай болгонун билген шаар”. Тескерисинче да болушу ыктымал. Эгерде тышкы аудиторияга, мисалы, туристтерге кайрылуу чечими кабыл алынса, шаардын бренди жергиликтүү жашоочуларды таарынтып, атүгүл чочутуп да алышы ыктымал. Айталы, Лас-Вегастын көпчүлүккө белгилүү болгон, 2001-жылы кабыл алынган “Бул жерде болгон нерсе ушул эле жерде калат” деген урааны шаардыктардын катуу нааразылыгын пайда кылган. Башкача айтканда, бренд-коммуникациялар өнөктүктөрүн жергиликтүү калктын колдоосуна ээ болмоюнча иштеп чыгып, ишке ашыруу туура эмес болот.

Мисалы, Жаңы Зеландиядагы Веллингтон шаары алдына максат койгон – жергиликтүү жана чет өлкөлүк туристтерден, иш-чаранын конокторунан, бизнесмендерден жана мамлекеттик аткаминерлерден, жергиликтүү жашоочулардан турган көп сандагы аудиториянын алдында өзү тууралуу билдирүү, ошол эле кезде бул билдирүү конкреттүү муктаждыктарга туура келиш керек болчу. 15 жылдан ашык убакыттан бери шаардын маркетинг агенттиги “Өтө так Веллингтон” ураана алдында өткөн жигердүү өнөктүккө акча берип келди. Азыр бул шаар – жаңы зеландиялыктар үчүн №1 багыт. Шаардык туризм кызматын жетектеген Дэвид ПЕРКС “шаардын келечеги менен андагы жашоочулардын энтузиазмы ийгиликтүү бириктирилгенин айтат. Анын ырасташынча, “Веллингтон адамдар көчүп кетүүнү каалаган шаардан адамдар көчүп келүүнү каалаган шаарга айланды. Бул болсо Веллингтон командасынын аракетинин натыйжасында ишке ашты.

Перкстин айтымында, шаар бренидинин эффективдүүлүгү жергиликтүү жамааттын колдоосунан тикелей көз каранды. Ошол эле кезде бренд бул шаарга көчүп келүүнү каалагандарга да багытталыш керек. Шаар брендин жараткандар (адатта бул шаар

бийлиги, туристтик агенттиктер, соода палаталары) стратегияны иштеп чыгууга жана жайылтууга таасир тийгизчү негизги тараптарды да тартыш керек, муну биргелешкен чыгармачылыктын процессине айландыруу зарыл. Мисалы, туризм, маркетинг жана кызматташтык маселелери менен алектенген Нью-Йорктогу NYC &Company уюму 2007-жылы “Болгону жергиликтүүлөрдөн сура” деген аталыштагы өнөктүк баштап, ага ушул шаардын жылдыздары – Роберт де Ниро, Джулианна Мур, Шон “Дидди” Комбс жана Кевин Бэйкон катышкан. Алар ньюйорктуктарды шаар конокторуна жакшы мамиле жасап, пайдалуу маалыматтарды берип, мыкты түнкү клубдар, пайдалуу соода-сатык жүргүзгөн жерлер жөнүндө кабар берүүгө чакырышкан.

Дал ушул шаардыктар жамааттагы күчтүн булагы. Ошондуктан аларды узак мөөнөттүү экономикалык, социалдык жана экологиялык өнүгүүнүн негизги багыттарын аныктоого тартыш керек. Шаардын келечегин биргелешип талкуулоо – анын брендин өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуунун баштапкы иши. Бирок шаар бийлиги адатта брендингдин тышкы тарабына гана – логотиптерге жана ураандарга негизги көңүлдү бурат. Анткени аларды жаратуу жана көзөмөлдөө жеңилирээк. Башкача айтканда, шаарлар өзөгүндө кандайдыр бир ураан же логотип жаткан кууш багыттагы өнөктүктү өткөрүүгө көп убакыт, каражат жана аракет жумшайт. Ушуну менен бирге жергиликтүү жашоочулар да, тышкы аудитория да аны ишеним пайда кылган, эсте калган, жалпы массадан бөлүнүп чыккан же бери дегенде сиңип кете турган катары кабылдабайт. Шаардын иденттүүлүгүн кармап калып, аны бренддин маңызы катары түзүп, бөлүп чыгаруу үчүн маркетинг агенттиктери жергиликтүү жашоочулар менен кызматташып, аларды стратегияны иштеп чыгууга тартыш керек. Бренддин стратегиясын ишке ашырууда белгилүү бир чечимдерге жана тийиштүү тапшырмаларга кошумча (таблица) брендинг процесси жашоочуларга кандай таасир тийгизе турганын, алардын жашоого карата канааттануу деңгээлин канчалык арттырарын түшүнүү зарыл.

Жашоочуларга шаардын келечеги жана бренддин стратегиясы тууралуу өз пикирлери менен бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк бергенде бирдейлик, ишеним сезимдерин жана коомдук маселелерди чечүүгө кошо катышууну колдонмого алуу зарыл. Шаардыктардын жана коомдук топтордун алардын пикирин эч ким укпайт деген кооптонуусун жеңүү – шаардын брендинги боюнча демилгелерди колдоо тууралуу маселени чечүүдө биринчи кезектеги тапшырма. Коомдун тартылгандыгы боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, шаардыктар жана коомдук бирикмелер шаардын брендине байланыштуу чечимдерди кабыл алган структуралар тармактык мүнөзгө ээ болуп, өзүнө көптөгөн стейкхолдерлерди камтыганын түшүнсө, чечим кабыл алууда алардын пикирлери эсепке алынышын катуу талап кыла баштайт экен.

Ошону менен бирге топтор тармактын өзөктүк түйүндөрүн аныктап, алар менен байланышта боло алат. Мындай жол менен шаардын брендингине карата “жогорудан төмөн карай” элитардык, эксклюзивдүү мамиле жасалат. Эгерде жергиликтүү жашоочулар жана коомдук уюмдар процесстин бардык баскычтарында өзөктүк ролду ойносо, анда жамааттын мураскорлугуна жана маданиятына көңүлдү бурган шаардык экономиканы өнүктүрүү боюнча долбоорлор ийгиликке жете алат. Мындан тышкары бул процесс шаардыктарга – өз бизнеси барларга – салымдарынан экономикалык жана социалдык пайда алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Калктын экономиканы жана шаардын иденттүүлүгүн өнүктүрүү боюнча долбоорлоруна катышуусу жарандык жамааттын өнүгүүсүнө көмөктөшүп, адамдардын бакубаттуулугун жогорулатып, алардын жашап, иштеп, эс алган жерлерге болгон тартылуусун күчөтөт.

## Тыянак

Жашоочулар жергиликтүү маданиятты чагылдырып, бизнес жүргүзүп, ошого шаардын иденттүүлүгүн окшоштурушат. Хайден түшүндүргөндөй, “аборигендер жана колонизаторлор, ар кайсы жумушта иштегендер жана архитекторлор, иммиграннттар жана мэрлер, үй кожойкелери жана турак жай инспекторлору – булардын баары шаардык чөйрөнү түзүүдө жигердүү ролду ойношот”. Ушул жана башка топтор алар үчүн маанилүү болгон өңүттөрдү сактап калууга жана өз шаарын жашоо үчүн жагымдуу жана ыңгайлуу жерге айландырууга кызыкдар. Шаардын бакубат турмушу жана көп түрдүүлүгү – бул анын брендингинин стратегиясы үчүн эргүү булагы болуп эсептелет. Бирок ал тирешүүлөргө жана көйгөйлөргө да себепчи болуп калышы ыктымал. Тыянак: шаблондук мамиле туура эмес жана иштебейт. Шаардын өзүнө гана тиешелүү келбетин түзгөн көптөгөн факторлордун арасында масштаб, образ, тарых, баалуулуктар, жашоочулардын курамы жана шаардык кирешенин беренелери бөлүп каралат. Ар бир шаар – бул татаал система. Анын бөлүктөрү бири-бири менен айкалышып, жалпысынан имиджде чагылдырылат. Шаарлар өз уни-



***2.1-таблица 2.1. Шаардын брендингинин стратегиясын иштеп чыгуу үчүн өзөктүк суроолор***

| | |
|---|---|
| **Иденттүүлүк** | |
| Биз кимбиз? Эмне үчүн чыгып жатабыз? | Коом жалпы активдерди, өзгөчөлүктөрдү, каалаган касиетин ж.б. баалап, шаардын жеке мүнөзүн ылгап алып белгилейт. Механизмдер жана айлана-чөйрө коомду тартуу жана анын бренддин стратегиясын колдоосу үчүн жагымдуу болууга тийиш. |
| **Максаттарды аныктоо** | |
| Биз эмнеге жеткибиз келет? Кимди тарткыбыз келет? Кайсы көрсөткүчтөрдү көзөмөлдөшүбүз керек? | Бренддин маңызынын жана шаарды өнүктүрүү максаттарынын интеграциясы жана макулдашып алуу. Шаар тарткысы келген аудиториянын сегменттерин аныктоо. Прогресске көз салып, инвестициялардын жемишин аныктоо үчүн тийиштүү көрсөткүчтөрдү тандап алуу. Жашоочулардын көрсөткүчтөрдү тандап алууга катышуусу зарыл |
| **Коммуникация** | |
| Максаттуу аудитория менен чыгармачыл жана ишенимдүү маанайда кантип өз ара байланышты түзөбүз? Биздин шаар тууралуу ишенимдүү окуяны кантип баяндап беребиз? | Бренд – коммуникациялар пассивдүү аудиторияга билдирүүнү жеткире албай калды. Билдирүүлөрдү көзөмөлдөө мүмкүн эмес. Тандалып алынган максаттуу аудитория менен кантип байланыш түзүп, аларды шаар жана ал сунуштаган нерселер тууралуу диалогго катышууга кантип чакыруу керектигин түшүнүү зарыл. Салттуу медиаканалдарга кошумча шаардын брендин түзүүдө digital-,social-медиа көп колдонула баштады |
| **Макулдашуу** | |
| Бардык программалардын жана иш-чаралардын коммуникацияларындагы туруктуулукту жана бир түрдүүлүктү кантип камсыздайбыз? | Жайылтуунун маанилүү бөлүгү – тигил же бул демилгени ким көзөмөлдөй турганын чечүү. Ошондой эле жалпы көрүнүштү да, башкача айтканда бардык аракеттер жана ыкмалар канчалык бири-бири менен макулдашылганын баамдай алуу зарыл |

калдуулугун сактап калыш үчүн бул бөлүктөрдү же өзгөчөлүктөрүн, алардын өз ара мамилелерин жана структурасын так аныктап алышы керек. Алар бул нерселерди болочок жашоочуларга жана учурда жашап жаткандарга, ошондой эле шаарга кызыккан башка аудиторияга жеткириш керек. Атүгүл жашоочуларды шаардын брендин иштеп чыгуу процессине сөзсүз түрдө тартуу керек. Ошондо гана стейкхолдерлердин көзүнчө анын ишенимдүү жана ынандыруучу образын түзсө болот.

# Шаардын брендинги жана ички инвестициялар

**Алан МИДДЛТОН**

## Кириш сөз

Шаарлар жана региондор бири-бири менен жеке жана мамлекеттик инвестициялар үчүн өтө катуу атаандашкан дүйнөдө бренддин абрюю өтө маанилүү. Бренд – бул чоңойтуп көрсөткөн айнек, ал аркылуу маалымат да, ошол эле кезде чечимди баалоонун критерийи да каралат.

Шаардын брендинги – азыктын же кызмат көрсөтүүнүн брендингине салыштырмалуу өтө татаал процесс. Стейкхолдерлер жана максаттуу топтор – бул дагы да кеңири түшүнүктөр. Бул жакка шаардыктар, туристтер, жеке жана мамлекеттик уюмдарда чечим кабыл алган адамдар кирет. Ушул аудиториялардын ар бири өз максаттарын көздөйт. Бирок эгерде шаар өз брендине ар бир топ үчүн өз өзүнчө өнүгүүсүнө жол берсе, анда ал активдүү бренддин наркынын олуттуу (а балким негизги) бөлүгүн жоготуп алат.

Ийгиликке жетиш үчүн шаар бийлиги социалдык жана экономикалык айлана-тегеректеги негизги тренддерге стратегиялык анализ жүргүзүш керек; шаардын мүмкүнчүлүктөрү, кендүмдөрү, ресурстары жана жөндөмдүүлүктөрү топтолгон аймактарды аныктайт; шаарга ушул нерселерге жетүүгө кандай өзөктүк баалуулуктар, мамилелер, принциптер жана мүнөздөмөлөр жардам бергенин аныктайт.




Андан кийин шаардык администрация канткенде баарын топтоштуруп, ар бир максаттуу аудитория үчүн дифференциацияланган кайрылууну даярдоо үчүн канткенде баарын бир жерге чогултса болорун ойлонуштурат. Ушундай анализдин жыйынтыгы боюнча, интеграцияланган бренд-платформаны иштеп чыгуу керек. Ошондон кийин гана анын негизинде бренддин интеграцияланган коммуникациялык стратегиясын жана аны ишке ашыруу планын түзсө болот. Бул жерде сөз баштапкы баалуулуктарга, мамилелерге, жүрүм-турумга жана шаардын мүнөздөмөлөрүнө негизделген бренд тууралуу жүрүүдө. Бул этапта ишке администраторлор кошулат. Алар ар бир максаттуу топтор үчүн релеванттык артыкчылыктар катары бериле турган көндүмдөрдү, ресурстарды жана жөндөмдүүлүктөрдү канткенде туура бириктирсе болорун аныкташат.

Шаардын брендинин коммуникациясына интеграцияланган мамиле жасоодон баш тартуу бренддин өзүн гана алсыратпастан, ошону менен бирге шаарды брендингдин проактивдүү процессине тартуу аракетин да жокко чыгарат. Мисалы, Канаданын Торонто шаары – мыкты көндүмдөр, ресурстар жана жөндөмдүүлүктөр топтолгон шаар. Бирок ага бренддин коммуникациясына карата интеграцияланган мамиле жетишпейт.

## Шаарлар бренддер катары

*“Адамдар болбосо, анда шаар да болобу?”*
*Шекспир. «Кориолан», III акт, 1-сцена*

Шаарлар дайыма активдүүлүктүн жана өзгөрүүлөрдүн чордону болуп келген. Учурда урбанизация – чындап эле глобалдык процесске айланды: 1925-жылы дүйнөдөгү калктын 25% гана шаарларда жашаса, 2025-жылы бул сан 75% чейин өсөт деп күтүлүүдө. Экономикалык, экологиялык, саясий, социалдык жана бизнес-анализ маселелеринде бул процессти баамдоо өтө маанилүү.

Аймактардын брендинги чөйрөсүндөгү алдыңкы адистер Саймон Анхольт жана Кейт Динни бул процесс продукттун же кызмат көрсөтүүнүн брендингине салыштырмалуу бир кыйла татаал болгонун белгилешет. Ошону менен бирге Анхольт аймактардын брендинги “адамда буга чейин пайда болгон эң татаал философиялык суроолорго байланыштуу: кабылдоо жана реалдуулук табияты, объекттер жана алар тууралуу элестер ортосундагы мамилелер, сүрмө топтун психологиясынын феномени, улуттук өзүн өзү баамдоо табышмактары, лидерлик, маданият жана социалдык байланыштар жана дагы башка көп нерселер менен байланыштуу” болгонун белгилейт. Эгерде ушундай болсо жана алдыда татаал иштер күтүп жатса, анда аракет жасап көрүү канчалык зарыл? Мунун чыныгы баалуулугу канчалык?

Улуттун брендин “элементтердин уникалдуу көп кырдуу биригүүсү, ал маданий контекстке негизделген улутка дифференциацияны жана бардык максаттуу аудиториялар үчүн шайкештикти камсыздайт” деп аныктаса болот. Бул жерде “улут” деген сөздү “шаар” деген сөзгө алмаштырып, шаар брендинин жумушчу аныктамасын алабыз.

Анхольт, Кларк, Динни, Темпорал жана башкалар улут үчүн позитивдүү бренди иштеп чыгуунун маанисин белгилешет. Мындай мамилени шаарларга карата колдонуу өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- инвестицияларды тартуу;
- туристтерди тартуу;
- инвесторлордун көзүнө ишенимдүүлүк жана туруктуулук;
- өлкө ичинде (улуттук) жана анын чегинде (эл аралык) саясий таасирдин көбөйүшү;
- башка шаарлар, мамлекеттик жана жеке изилдөөчү уюмдар, университеттер, жеке компаниялар менен глобалдык масштабдагы дагы да натыйжалуу өнөктөштүк;
- товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн “ушул жерде жасалган” деген эффект;

- шаар тургунунун сыймыктануусу: жергиликтүү үндөштүктү, ишенимдүүлүктү жана чечкиндүүлүктү бир жерге топтой алууга жөндөмдүүлүк.

Бул тизмеге аймактын күчтүү брендин түзүү процессине тиешелүү болгон дагы эки артыкчылыкты кошуп койсо болот. Биринчиден, бул пландоо процессинин артыкчылыгы, экинчиден, ишке ашыруу артыкчылыгы. Биринчисинде шаардын бренди деген эмне жана ал эмне үчүн зарыл дегенди так түшүнүү жөнүндө сөз болууда. Бул стратегиянын фокусу үчүн зарыл. Стратегияга кошула турган байланыштарды жана иш-аракеттерди гана эмес, болбой тургандарды да ойлонуштуруп көрүш керек. Эгерде стратегия – бул кайтарымы күчтүү чөйрөлөрдө чектелүү ресурстарды колдонуу болсо, анда шаардын бренди – бул ошол стратегиянын ишке ашуусу.

Экинчи артыкчылык – ишке ашыруу – шаар брендинин маңызын айкын түшүнүүгө байланышкан. Ал координациянын жана коммуникациянын дагы да жогорку деңгээлине дем берет. Башкача айтканда, коммерциялык брендингде муну бренддин ийгилигине карай жол деп атап коюшкан. Ошол шаардын өз атаандаштарынан айырмаланган брендин жаратуу көп таанылып, брендге карата урмат-сый мамилени калыптандырат. Муну менен аны туура башкарып жатканын тастыктайт.

Максаттуу аудиториялар (туристтерден баштап штаб-кеңсеси үчүн жер тандаган корпорацияларга чейин) ортосунда өтө чоң айырмалардан улам шаардын бирдиктүү брендин иштеп чыгуу мүмкүн да эмес, пайдасыз да болот деген пикирлер айтылат. Мунун кандайдыр бир логикасы бар, бирок жаңылыш тыянактар жасалууда. Улуу бренддер улуу адамдар сыяктуу эле. Алардын өзгөчө сапаттары эрежеге ылайык ырааттуу жана бири-бирине карама-каршы келбейт. Мисалы, Уинстон Черчилль өтө чечен адам болчу. Джон Кеннединин энергиясы буркан-шаркан болуп тураар эле. Нельсон Мандела даанышмандыгы, кайраттуулугу жана толеранттуулугу менен айырмаланса, Маргарет Тэтчер өжөр жана чечкиндүү болгон. Албетте бул касиеттер инсанды жалпысынан сүрөттөбөйт. Аракет жасаса бул адамдардын дагы башка өзгөчөлүктөрүн таап чыгууга болот. Бирок ушундай мүнөздүү белгилердин болгонун тангандар аз.

Ушул эле нерсени коммерциялык бренддер тууралуу да айтса болот. Алар түрдүү продукциялар үчүн кеңири колдонулат. Ушуну менен бирге күчтүү бренддер белгилүү бир өзөктүк мүнөздөмөлөргө ээ. Алар ошонусу менен башкалардан айырмалап турат. IBM, GE, Louis Vuitton, Sony дүйнөдөгү эң баалуу бренддердин катары кирет (Interbrand версиясы боюнча) жана өтө күчтүү өзөктүк мүнөздөмөлөргө ээ.

Бренддин корпоративдик модели (IBM жана GE) же Intel өңдүү модель шаар үчүн да жарайт. Өзөктүк баалуулуктарды жана иштин багытын аныктап алып, ошолордун негизинде стратегия түзүү өтө маанилүү иш. Өзөктүк баалуулуктар, мамилелер, жүрүм-турумдар бренддин маңызын көрсөтөт. Бул сөзсүз эле продукт, кызмат көрсөтүү, функция же (шаарлар тууралуу айта турган болсок) иш эмес. Шаарлардын ичинен дүйнөлүк лидерлер болуп таанылган Нью-Йорк жана Лондон көңүл ачууларга, финансы кызмат көрсөтүүлөрүнө жана туризмге басым жасайт. Бирок алардын бренддери бул багыттардын бири менен гана чектелбей, бири-бирине окшобой турганы баарына эле түшүнүктүү. Нью-Йорк – ишкерчиликтин, жашоо жыргалын билгендердин шаары, агрессивдүү-оппортунисттик, өзүмчүл шаар. Лондон да жашоону жакшы көргөндөрдүн шаары. Бирок ошол эле кезде бул шаарда британиялык “элиталык коомдун” жеңил атыр жытын сезсе болот. Шаардын брендингинен эффектти бүткүл дүйнөгө шаардын таржымалын айтып берүү катары сүрөттөсө болот. Бул болсо дифференциацияланган таржымал болуш керек.

## Инвестицияларды тартууда бренддин ролу

Жалпы дүйнөлүк жана улуттук деңгээлдерде шаарлар инвестициялар үчүн өтө катуу атаандашат. Кларктын баамында, шаарларга акча салып, алардын буга даяр болгону анын ролу болуп эсептелет. Инвестициялар жумуш орундарын түзөт, салык салуу базасын кеңейтет, бюджетти жана насыя рейтингдерин башкарууга жардам берет, билим берүүнү, инфраструктураны жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүн каржылайт. Региондор жана шаарлар өз артычылыктарын жигердүү түрдө жарнамалап келет. Эки аптанын ичинде эки ишкер журналда төмөнкүдөй жарнамалык кулактандыруулар чыкты:

- “Халиско – инновациялардын мексикалык борбор калаасы”.
- “Мадриддеги региондо Испанияга 2008-жылы келген бардык чет өлкөлүк инвестициялар топтолду. Эмне үчүн ушундай болгонун билгиңиз келеби?”.
- “Аймактык жапон демилгеси – Саитама-Сизуока тамактануу продукттарынын индустриясы: даамдуу мүмкүнчүлүк”.
- “Кыргызстан келечекке умтулууда”.
- Жогоруда айтылгандай, шаар брендинин аброю жана имиджи – аныктоочу критерий, чоңойтуп көрсөткүч айнек, ал аркылуу инвестицияларга тиешелүү маалыматты кылдат карашат. Флорида, Маркюсен жана Шрок өңдүү адистердин ишинде экономикалык инвестицияларды, таланттарды жана бул талантка кошкон салымдарды тартуу боюнча шаарлардын интенсивдүү аракеттери маанилүү болгону белгиленет. Өзгөчө бул билим экономикасына тиешелүү. Кларктын баамында, экономикалык атаандаштыкка жөндөмдүүлүк үчүн иштин үч багыты өтө маанилүү:
- экономикалык факторлор: инновациялар/ойлоп табуучулук, инвестициялар, адам капиталы жана байланыштар (реалдуу жана вир-

туалдуу транспорттук жана коммуникациялык тармактар);
- социосаясий факторлор: экономикалык көп түрдүүлүк, жашоонун сапаты, чечимдерди кабыл алуу жана мамлекеттик башкаруу;
- инфраструктуралык факторлор: аймактын сапаты (мисалы, билим берүүнүн сапаты жана жеткиликтүүлүгү), көп түрдүүлүк, турак жайдын сапаты жана жеткиликтүүлүгү, сейил бактар жана жашыл зоналар, коопсуздук. Маданият, билим берүү, шаардык администрация жөнгө салган инвестицияларды жүзөгө ашыруунун жөнөкөйлүүлүгү же татаалдыгы өңдүү факторлорду да камтыйт.

Бул факторлор бириктирилип, экономикалык инвестицияларды тартууну камсыздайт. Ал эми шаардын бренди өзүнө анын иденттүүлүгүн сиңирип алууга тийиш. Стратегиялык план жана брендди өнүктүрүү планы кайсы иш колдоого алынарын аныктайт. Ал (коммерциялык бренддер үчүн болгондой эле) бир нече маанилүү критерийлер менен салыштырылыш керек:

- Орто мөөнөттүү келечекте шаарга таасирин тийгизе турган дүйнөлүк, улуттук жана регионалдык экономиканын, айлана-чөйрөнүн, коомдун жана технологиялардын принципиалдуу тренддери кандай?
- Эгерде колдо болгон көндүмдөргө, шаардын ресурстарына жана компетенцияларына негизделе турган болсо, кайсы мүмкүнчүлүктөргө көңүл буруу зарыл?
- Эгерде принципиалдуу тренддерге негизделе турган болсо, анда шаардын кайсы көндүмдөрү, ресурстары жана компетенциялары туура өтмө программалардан кийин анын өнүгүүсүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрүн ачып берет?
- Бул көндүмдөр, ресурстар жана компетенциялар канчалык уникалдуу?
- Биргелешкен стратегиялар жана иш-аракеттер менен колдосо боло турган регионалдык же улуттук демилгелер барбы?
- Экономикалык жактан абдан көп пайда алып келген учурдагы иш менен шаардын иденттүүлүгүн түзгөн жана андан кийинки өнүгүүсүн талап кылган иш ортосунда өз ара катышты кантип аныктоого болот?

Бул суроолорго жооптор салык саясатына, сыйлоо системасына, инфраструктуранын өнүгүүсүнө, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) системасына ж.б. кандай өзгөрүүлөрдү киргизиш керектигин аныктоого жардам берет. Муну максаттуу аудиторияга да жеткирүү керек.

Көпчүлүк шаар бийлиги бренд-коммуникациялардын ролу туура эмес түшүнүшөт. Бул түшүнбөстүк түрдүү формада болот. Кээде бренд-коммуникацияларды негизги стратегиядан жана брендди өнүктүрүү боюнча иш-аракеттерден бөлүнгөн маркетинг катары карашат. Башка бир варианты – бренд-коммуникациялар уюштуруучулук структурадан жана максаттуу аудиториялардан көз каранды болгон айрым иш-аракеттердин сериясын чагылдырат. Ар кайсы бренддер боюнча коммуникацияны белгилүү бир максаттуу аудиторияга багыттап, артыкчылыктары тууралуу кабарлап туруш керек. Брендин маңызы бирдиктүү, ырааттуу жана түшүнүктүү болууга тийиш.

Бренд-коммуникацияларды туура эмес колдонуунун дагы бир варианты – шаардык администрация чечим кабыл алган жергиликтүү аткаминерлерди да, мындай чечимдерди кабыл алууга таасирин тийгизген адамдарды да, кадимки шаардыктарды да көңүл сыртында калтыруу. Жеке сектордогу бренд-маркетологдор HR-брендингдин маанисин жакында эле моюнуна алышты. Эми алар аны бренд-коммуникациялардын бүткүл процессинин маанилүү бөлүгү катары карашууда. Социалдык тармактардагы интернет-коммуникациялар жана маркетинг – бул сөзсүз эле кымбат болбойт. Тышкы аудитория менен эффективдүү байланышып, аны ынандыруу үчүн биринчи кезекте ички аудиторияга кайрылуу зарыл.

Маркетингдик коммуникациялар жарнама катары гана каралып, ураандар болсо эң маанилүү билдирүү катары болуп калган учурларда адатта түшүнбөстүк пайда болот. Бирок жакшы маркетингдик коммуникациялар алдыга коюлган стратегиялык максаттарга жетүү үчүн жарнаманы, коомчулук менен байланышты, директ-маркетингди, таанытуучу иш-чараларды (демөөрчүлүктү кошкондо) жана социалдык тармактардагы маркетингди бириктиришет. Бренд-коммуникациялардын башка элементтери менен коштолбогон жарнама өтө чектелүү болуп калышы мүмкүн.

Брендин концепциясын тышкы бизнестин (инвестицияларга дем берүү үчүн), учурдагы бизнестин (экспансияга дем берүү үчүн) же туристтик бизнестин (конференцияларды өткөрүүнүн активдүүлүгүн арттыруу үчүн) өзгөчө болгон коммуникациялык керектөөлөрүнө ыңгайлаштыруунун алдында брендин негизги платформасын аныктап алуу зарыл.

Шаардын жагымдуу брендин түзүү үчүн төмөнкүлөр зарыл:

- айкын, дымактуу, ошол эле маалда брендин реалдуу позициясын жана образын туюндуруш керек;
- брендди калктын баалуулуктарына, мамилесине, принциптерине жана мүнөздөмөлөрүнө негизделип түзүү зарыл;
- шаарды өнүктүрүүнүн так стратегиясын жана анын өзөктүк жерлерин көндүмдөрдү, ресурстарды жана компетенцияларды эсепке алуу менен чагылдыруу керек;
- максаттуу аудиторияга пайда алып келиш үчүн эффективдүү түрдө өзгөрүш керек;
- таасир тийгизген ички жактар менен ийгиликтүү байланыш түзүү зарыл;
- маркетингдик коммуникациялардын түрдүү

каражаттарына эффективдүү интеграциялашыш керек;
- ырааттуу болуш керек.

## Торонто (Канада) – «Швейцариялыктардын башкаруусу алдындагы Нью-Йорк»

Ушул принциптер колдонулган конкреттүү окуяларды карап чыгалы. 1987-жылдын августунда курган маегинде Питер Устинов Торонтону "Швейцариялыктардын башкаруусу алдындагы Нью-Йорк" деп атаган. Дал ушул маалда шаар өзү тууралуу Канададагы негизги шаар катары жар салган. Ал калктын саны жана бизнес үчүн мааниси жагынан Монреаль шаарынан ашып түшкөн. Учурда Торонто – калкы 2,6 млн. адамга жеткен (шаардын четтерин кошкондо 5,5 млн.) Түндүк Америкадагы чоңдугу боюнча бешинчи шаар. Бул шаар – Канадага иммиграциянын негизги жери, анткени дал ушул шаарда иммиграннттардын 40% токтойт. Торонто – дүйнөдөгү эң ири мультимаданий шаарлардын бири: жергиликтүү калктын 46% Канаданын тышында төрөлгөн. Анын жашоочулары 100 тилде жана диалектиде сүйлөшөт. Бул жерде басымдуулук жасаган этнос жок. Этностук жана ар түрдүү маданиятка тиешелүүлөрдүн ортосундагы баланс бул шаарга космополит, коопсуз, жашоо үчүн ыңгайлуу болууга жардам берди, бизнес жана иш үчүн чоң мүмкүнчүлүктөрдү берди. EIU, Forbes, KPMG жана Mercer өңдүү уюмдардын рейтинги Торонтого маданий, экономикалык өнүгүүсүнүн жана жашоо үчүн жарамдуулугунун жыйынтыгы боюнча дүйнөдөгү эң мыкты 15 шаардын тизмесине кирүүгө шарт түзүүдө.

### Торонтонун экономикасы

Канаданын ИДПда Торонтонун үлүшү 10% деп (140 млрд. доллар), ал эми четтеги шаарларды эсепке алганда 20% (269 млрд. доллар) деп бааланат. Бул шаарда Канададагы штаб-кеңселердин жалпы санынан 40%, анын ичинде канадалык алдыңкы корпорациялардын 800нүн ичинен 174ү жайгашкан.

Globalization and World City research Network (GaWC) уюмунун 2008-жыл үчүн отчетунда Торонто бухгалтердик иш, жарнама, финансы жана укук өңдүү алдыңкы өндүрүштүк кызмат көрсөтүүлөрдү өлчөөнүн жыйынтыгы боюнча "А" рейтинги бар альфа-шаарлар категориясында белгиленген. Ал жерде үчүнчү орунду ээлейт жана Милан, Мадрид, Сеул, Брюссель, Мумбай, Буэнос-Айрес жана Куала-Лампур шаарларынын жанында жайгашкан. Foreign Policy журналынын жана A. T. Kearney компаниясынын баасы боюнча, бизнестин активдүүлүгү, адам капиталы, маалымат алмашуу, маданий тажрыйба жана саясий иштерге катышуу боюнча Торонто 10-орунду ээлейт. Анын алдында Нью-Йорк, Лондон, Париж, Гонконг, Лос-Анжелес жана Сеул өңдүү шаарлар турат.

### Торонтонун бизнес-базасы

Торонто регионундагы ИДПнын эң ири өндүрүшчүлөрү – бул финансы чөйрөсү, камсыздандыруу жана кыймылсыз мүлк. Алардын жалпы салымы 26% түзөт. Торонтодо 250 миңдин тегерегинде жогорку квалификациялуу кызматкер иштейт. Дал ушул жерде көптөгөн дүйнөлүк корпорациялар өздөрүнүн штаб-кеңселерин жайгаштырган. Бул шаарда алдыңкы 25 дүйнөлүк банктын үчөө жана Канаданын беш негизги банкы, дүйнөдөгү камсыздандыруучу эң ири 10 компаниянын экөө, дүйнөдөгү 50 ири пенсиялык фонддун үчөө, чет өлкөлүк банктардын 38 өкүлчүлүгү, 119 коргоо ишкана жайгашкан. Бул жерде дүйнө жүзү боюнча алдыңкы бухгалтердик ишканалар жайгашкан. Торонто фонддук биржасы (TSX) рынок капиталдашуусу боюнча дүйнөдөгү жетинчи орунду ээлейт. Ал ресурстардын жана пайдалуу кендердин соодасы боюнча ири биржалардын бири. Бул Торонтону Нью-Йорк жана Чикагодон кийинки Түндүк Америкадагы үчүнчү финансы борбору кылат жана Global Financial Centres Index дүйнөлүк финансы борборлордун тизмесине ылайык, дүйнөлүк аренада 13-орунду ээлейт. Торонтодогу жана анын четчекесиндеги башка таасирдүү тармактардын катарында төмөнкүлөрдү атаса болот:

- Авто өнөр жайы. Торонтодо алты ири курастыруучу завод, Chrysler, Ford, GM, Honda, Hyundai жана Toyota заводдорунун баш кеңселери, ошондой эле мисалы, Magna өңдүү көптөгөн жеткирүүчүлөр жайгашкан.
- Креативдүү индустрия. Торонто – Канаданын англис тилдүү маданий секторунун борбору, ал өзүнө жарнаманы жана дизайнды, театрды, кинону, басма бизнесин, үн жаздыруучу студияларды камтыйт. Торонто ошондой эле Голливуд тасмалары тартылган эң популярдуу жер болуп эсептелет.
- Тамак-аш жана ичимдиктер. Тамак-аш тармагында Торонтодо 50 миңге жакын киши иштейт, сатуулардын көлөмү 20 млрд. долларга чейин жетет.
- "Жашылдар". 1000ге жакын компания, 20 миң жумушчу орун, сатуулар – 2 млрд. доллардын тегерегинде.
- Маалыматтык жана коммуникациялык технологиялар. Канадалык коммуникациялардын эки лидери Bell жана Rogers аттуу эки канадалык коммуникация лидеринин Торонтодогу штаб-кеңсесин жана Ватерлоодогу (Торонтодон бир сааттык жол) RIM компаниясынын баш кеңсесин эсепке алганда бул тармакта 300дөн ашык чет өлкөлүк компания бар, ал эми алардын сатууларынын орточо көлөмү 33 млрд. долларды түзөт.
- Өнөр жай өндүрүшү. Бул Торонто регионун-

дагы салттуу түрдө күчтүү чөйрө анын жалпы ИДПнын 20% тегерегин түзөт жана төмөнкү тармактар бар: куюучу өнөр жайы, химиялык өнөр жай, станок куруучулук, эмерек өндүрүшү, полиграфия жана пластик өндүрүшү. Транспорт, тамак-аш продукттары жана IT өңдүү тармактар да өсүш мүмкүнчүлүгү болгонун көрсөтүүдө.
- Медицина, саламаттык жана биотехнологиялар. Торонтодо Канаданын айрым бир алдыңкы ооруканалары жана медициналык институттары жайгашкан. Буга бюджети 1 млрд. долларга жеткен фармацевтикалык компаниялар жана изилдөөчү секторлор кирет.
- Туризм. Жыл сайын Торонтого 26 млн. ашык турист келет жана 5 млрд. долларга жакын акча коротот.

### Өзөктүк ингредиент: ар түрдүү квалификациялуу жумушчу күч

Торонтонун ийгилигинин бир сыры – жумушчу күч. Биринчиден, калкынын 52% - эмгекке жарамдуу курактагы адамдар. Бул өтө жогорку көрсөткүч! Бул “Көбүрөөк жана жашыраак” ураагы алдында өткөрүлгөн иммиграциялык саясаттын жемиши. Экинчиден, сөз жогорку билимдүү кадрлар тууралуу жүрүүдө: 32% ашыгын университет бүтүрүүчүлөрү түзөт. Торонтонун эки алдыңкы университетинде дүйнөдөгү мыкты бизнес факультеттери бар (Шулиха бизнес мектеби жана Ротман менеджмент мектеби), ошондой эле бир топ жогору бааланган колледждер жайгашкан. Мыкты дүйнөлүк технологиялык университеттердин бири Ватерлоодо жайгашкан. Ал эми Шеридан колледжинин кампустары, анимация жана телеберүү боюнча алдыңкы ЖОЖ Торонтонун батышында жайгашкан. Үчүнчүдөн, көп түрдүү жана көп улуттук иммиграциялык бэкграунд иштеп жаткан уюмдарга гана эмес, ошону менен ишкер жамаатка да жардам берүүдө.

### Торонтого инвестициялар

Мамлекеттик жана жеке ички салымдарга кошумча катары Канада олуттуу түз чет өлкөлүк инвестицияларды алып турат. Торонто федералдык жана регионалдык өңдүү мамлекеттик инвестицияларды, ошондой эле ички – жеке сектордон, ошондой эле чет өлкөлүк түз инвестицияларды тартууга аракеттенет. Бул үчүн инвестицияларды тобокелчиликтерге карабай кайтарып алуу үчүн ыңгайлуу багыты бар деген абройго ээ болуш керек. Башкача айтканда, жагымдуу бренд болуп, ошол имиджди сактоого аракеттенүү зарыл.

“Швейцариялыктардын башкаруусу алдындагы Нью-Йорк” сөзү түндүк америкалык энергияны жана швейцариялык токтоолук менен тартипке жана жеке мейкиндикке болгон сый-урматка багытталган бизнести бириктирди. Эгерде Торонтону бренд-коммуникациялар эффективдүүлүгү көз карашынан ала турган болсок, анда анын көрүнүшү купулга толот. Бирок бардык оң бааларга карабастан катаал атаандаштыктан улам бизнес үчүн жагымдуулукту жоготуп алуу коркунучу да бар. Бул биринчи кезекте өнөр жай өндүрүшү тармагындагы төмөндөөлөр жана эмгек өндүрүшүнө байланыштуу бир катар кыйынчылыктарга байланыштуу болууда. Натыйжада 2009-жылы муниципалитеттин эгидасы алдында Торонтодо эки жаңы корпорация түзүлүп, директорлор кеңешинин курамына жеке жана мамлекеттик тармактардын өкүлдөрү кирген: Build Toronto жана Invest Toronto. Build Toronto компаниясынын тапшырмасы – мамлекеттик жана жеке тармактардын өкүлдөрүн шаардагы көп жакшы колдонулбай жаткан кыймылсыз мүлктү өнүктүрүүгө тартуу, муну менен кошумча киреше алып, жаңы жумуш оруңдарын түзүп, айлананы жандандыруу. Invest Toronto компаниясынын тапшырмасы – Соода өкүлчүлүктөрүн уюштурууга жардам берип, башка өкмөттөр жана компаниялар менен өз ара аракеттенип, маркетинг аркылуу Торонтодогу инвестициялардын мүмкүнчүлүктөрүн көбөйтүүгө жеке секторду тартуу.

Торонто Экономикалык өнүгүү, маданият жана туризм департаментинин жардамы менен өзүн жигердүү түрдө таанытууну улантууда. Бул процесске төмөнкүлөр тартылган:
- Toronto Economic Development Corporation (TEDCO). Торонтонун экономикалык өнүгүүсү боюнча компания шаардын жалпы өнүгүүсү боюнча өз милдеттенмелерин Build Toronto корпорациясына өткөрүп берген жана 2009-жылы Торонтонун жээк линиясын башкарган Toronto Port Lands Authority болуп кайра түзүлгөн.
- Toronto Financial Services Alliance (TFSA) Торонтодо финансы кызматтарын көрсөткөн компаниялардын ишин бириктирет. Онтарио провинциясы, Торонто жана жеке сектордогу финансы кызматтарын ортосундагы мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү (МЖӨ) жетектейт жана Торонтонун финансы кызмат көрсөтүүлөрүн жарнамалоо максатын көздөйт.
- Tourism Toronto. “Торонтонун туризми” тармактык ассоциациясы, Торонто жана Онтарио провинциясы менен кызматташат.

Бул топтор ар түрдүү тапшырмаларды аткарышат. Биринчи кезекте компанияларга жана жеке адамдарга инвестициялоону жана салык саясатын жөнөкөйлөштүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн издөөдө административдик жол-жоболорго баа беришет; шаарга тиешелүү жерлерди жана ресурстарды колдонууга шыктандырат; белгилүү бир тармактарды жана алар үчүн зарыл болгон активдүүлүктү, мисалы инновацияларды илгерилетүү үчүн МЖӨнү өнүктүрөт. Ошондой эле мамлекеттик жана жеке сектор ортосунда кызматташтыкты жөнгө салат. Бул болсо өзөктүк тармактар үчүн зарыл болгон

адистерди аныктоого, тартууга жана окутууга жол ачат; өзгөчө транспорттук түйүн өңдүү инфраструктураны жакшыртат; Торонтону жана анын артыкчылыктарын жергиликтүү да, эл аралык да деңгээлдерде даңазалайт.

Бул тапшырмалардын негизги бөлүгү аткаруу баскычында турса да, алардын брендинги (өзгөчө коммуникациялардын активдүүлүгү) өтө чабал болчу. Заманбап Торонто – бул чакан Канада: өтө көп күчтүү жактары бар, бирок координацияланган бренд-платформа же коммуникациялык стратегия жетишпей турат. Шаардын брендинги боюнча изилдөөлөр, өзөктүк документтер жана презентациялар (мисалы, шаар брендинин коммуникацияларынын борборлоштурулган стратегиясын сунуштаганы менен, ал жок өңдүү жана бардык ири топтор (Build Toronto, Invest Toronto, Toronto Tourism жана TFSA) өзүнүн коммуникациялык пландарын өнүктүрүп келишет.

Бир четинен бул процесс жеңил болгон эмес – 2004-2005-жылдары Торонтонун брендин түзүү аракети терс кабыл алынуусу менен шартталган. Tourism Toronto, Торонто муниципалитети, Toronto City Summit Alliance жана Онатрионун Туризм жана эс алуу министрлиги Toronto Branding Project тобун негиздешкен. Жарнама агенттиктери менен кошо бул топ жаңы логотип ойлоп таап, “Чек арасыз Торонто” урааны алдында жарнамалык өнөктүктү иштеп чыккан. Алар Торонтонун көп кырдуулугун, маданиятынын көп түрдүүлүгүн жана башка артыкчылыктарын чагылдырууга аракеттенишкен. Бирок жергиликтүү жашоочулар менен байланыш түзө албай, ММКда шакаба кептерге кабылышкан. Артка кылчайып, бир нерсени моюнга алууга туура келет: бир катар жакшы идеялар болгону менен, алар ишке ашпай калган. Мындан тышкары өнөктүк стратегиялык планды иштеп чыгууга жана колдонууга зыянын тийгизип, жарнамага өтө көп көңүл бурган.

Ушундан улам бир тыянак жасаса болот: биринчи кезекте так стратегияны жана иш-аракеттер планын иштеп чыгыш керек. Ошолорго негизденүү менен, ошондой эле өзөктүк максаттуу аудиторияларды терең изилдеп, бренд-коммуникациялардын кайра каралып чыккан стратегиясын жана чыгармачыл платформаны иштеп чыгуу, сыноо жана түзөтүүлөрдү киргизүү талап кылынат.

## КОРУТУНДУ

Эгерде сөз ички инвестициялар тууралуу жүрүп жатса, анда аймактан жана аны Торонтодо колдонуу аракеттеринен бир нече негизги сабактарды алса болот. Азыркы заманда инвестициялар үчүн атаандаштык өтө жогору жана ири, трансулуттук корпорациялар өз активдүүлүгүн кеңейтүү үчүн ыңгайлуу жер издеп жатышат. Мындай чечимди кабыл алууда өтө кылдат анализ жасалганы менен, бренд тууралуу пикир варианттардын тизмесин түзүүгө жана соңку чечим кабыл алууга өз салымын кошот.

Ийгиликтүү бренддер бир эле сценарий менен өнүгөт – мүнөздүү образ түзүүдөн (шаарлар/атаандаш региондор менен салыштырмалуу) баштап, ошол образга негизделген бренддин таанылып, сый-урматка ээ болгонго чейинки жолун басып өтөт. Мүнөздүү образ бир нерсени түшүнүүнүн жыйынтыгында түзүлөт: өзөктүк баалуулуктар улам күч алып бараткан экономикалык, экологиялык, социалдык жана технологиялык өнүгүү тренддеринде кандай жол менен чагылдырылат. Бул образ тийиштүү стратегиялык план иштелип чыгып, колдонулган учурда гана толук кандуу брендге айланат, ал болсо максаттуу аудиторияга ырааттуу түрдө жеткирилет. Шаардын күчтүү бренди – бул жарнама жана коммуникация гана эмес, бул ошондой эле чоң стратегиялык пландын бир бөлүгү.

Шаарларда бир нече максаттуу аудиториясы болот. Бренд-коммуникацияларды алардын ар бирине ыңгайлаштырыш керек. Бирок бренддин негизги билдирүүү ырааттуу болууга тийиш. Бир шаар – бир бренд. Шаар тууралуу IBM же GE өңдүү корпоративдик бренд катары ойлонуу пайдалуу болот. Ал ар түрдүү кардарлардын жана стейкхолдерлердин талаптарын канааттандырыш керек. Эгерде шаардын инвестициялар үчүн ишенимдүү себептери бар болсо, анда муну тышкы аудиторияга туруктуу жана үзгүлтүксүз жеткирип туруу зарыл. Торонтонун глобалдык масштабдагы атаандаш артыкчылыктары өтө көп. Бирок бул тууралуу тийиштүү максаттуу топторго билдире тургандай эффективдүү коммуникациялар болгон эмес. Тышкы бренд-коммуникациялардын стратегиясында жана аларды ишке ашырууда максаттуу аудиториялар үчүн баарынан да туура келген маркетинг медиамикстердин аспаптарын колдонсо болот жана тандоо жасагандан кийин жалпы, ырааттуу билдирүүнү кармануу зарыл.

Ички бренд-коммуникациялар – тышта ийгиликке жетүү үчүн жасалган биринчи кадам. Монолиттүү бренд түзүүдө ийгиликке жете албаган Торонтонун мисалында бир тыянак жасоого болот: өзөктүк стейкхолдерлердин жана шаарда, анын тургундары арасында чечим кабыл алган адамдардын пикирлери ийгиликке жетүү үчүн өтө маанилүү.

Жетишилген ийгиликтерди атаандаштардын деңгээли менен салыштырып, прогресске туруктуу көз салып туруш керек. Белгиленген көрсөткүчтөрдү баалоо маанилүү, бирок толук көрүнүшүн алуу үчүн жетишсиз болот. Прогресс тууралуу тышкы жана ички аудиторияга мүмкүн болушунча кеңири билдирип туруу зарыл. Маалыматтарды шаардык сайтка жайгаштыргандан кийин ага элдин көңүлүн буруу үчүн жигердүү өнөктүк өткөрүлбөсө, анда бул коммуникацияны ийгиликтүү болду деп айтуу мүмкүн эмес. Социалдык тармактарда маркетинг белгилүү болуп жаткан мезгилде маалыматтын тегерегинде жарнамалык ызы-чуу жаратуу өтө маанилүү.